
СрКирг
М-69




С. Михалков

# Тамсилдер жомоктор ырлар

ср Кирг
М-69

2018



С. Михалков

# Тамсилдер, жомоктор, ырлар

Которгон Сагындык Өмүрбаев

Фрунзе
«Адабият»
1991

ЦАБ
ТАШ-КУМЫРСКАЯ
центральная
библиотечная система

ББК 84 Р7—5
М 69

*Тестиер балдар үчүн*

Сүрөтчүсү *СОЛОП Я.*

**Михалков Сергей.**

**М 69** Тамсилдер, жомоктор, ырлар: Тестиер балдар үчүн /Котор. Сагындык Өмүрбаев; Сүрөтчүсү Я. Солоп — Ф.: Адабият, 1991. —304 б.
ISBN 5—660—00580—2

Ленининдик жана үч мертебе СССР мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты Сергей Михалков — кайталангыс акын. Михалков кичинекей окурмандар менен өзүнүн ой-толгоосун бөлүшүп, аларды сезимталдуулукка, чынчылдыкка чакырат, ар дайым кең пейилдикке тарбиялайт.


Лауреат Ленинской премии и трижды лауреата государственной премии С. Михалков — поэт незаурядный. Михалков делится маленьким читателем своими думами и чувствами, учит, воспитывает.

4803010201—46
М————————————193  ББК 84 Р7—5
М 455(11)—91

Бул китеп М., «Художественная литература» басмасынан 1981—1983-жылдары жарык көргөн. С. Михалковдун «Собрание сочинений в шести томах» деген китептеринен которулду. Мурда жарыялангандарга мазмунуна жылдызча коюлду.

ISBN 5—660—00580—2

© «Адабият» басмасы, 1991-жыл.
Кыргызча которулду.


ТАМСИЛДЕР

Масы дароо тарады Коендун
Кырсыктан кантип кутулат Коен бул:
«Ооба, мен... Ооба, биз... Ооба, сиз...
Айт... айтып... берейин...
Уруксат этсеңиз!?.
Жа... жан... соога!
Мен... мен конокто болуп, ооба...
Ашыгырак жутуп коюпмун,
Сиздин кубанычыңызга!
Сиздин урматыңызга!
Сиздин балдарыңыз үчүн!
Сиздин алганыңыз үчүн!»
Аны угуп,
Арыстандын жүрөгү жибип,
Андан чеңгелин тартты.
Мактанчак, мас Коен
Араң кутулуп, сереңдеп качты!

* * *

Арстан өзү ичкилик татчу эмес
масты жек көрчү,
Бирок кошаматты эп көрчү.

## ТҮЛКҮ МЕНЕН КАЛТАР

Түлкү бир күнү Калтарды көрүп калды:
Анын тону күмүштөнүп жаркылдап,
Бул токойдогу Калтар тукумунан башкача,
Өзү да укмуш корүндү жалтылдап!
Кыскасын айтканда ал
Түлкүгө жагып калды Калтар!
Калтарды ойлоп Түлкүдөн уйку качты:
«Ушу Калтарды азгырышка жетпейби амалым?
Ушу Калтарды өзүмө тартышка
Тиги курбулардай же сулуу эмеспи жамалым!»
Анан түлкү,
Ага барды не бир айла-амал, эп менен
Куйрукту аяр булгалап,
Не бир сылык-сыпаа кеп менен:

«...Деги сизди көргөндө
денем чымырайт
Жаныман өтө бергенде...»
Муну уккан Буурул Калтардын айланды башы,
Тынчы кетип, уйкусу качып,
Жатса-турса санаа басып...
Акыры айлакер Түлкүнү алды.
Өз аялын картаң, макоо деп чанды...
Бир күнү суугa келген кезде,
Кары Кирпи аны алды кепке:
«О, Калтарсыңбы! Кандай үй-мүлкүң?
Алиги өзүң алган сары Түлкүң?»
«...Ээй, дос! — дейт, Калтар ага,—
Менин турмуш-абалымды сураба!
Так ошо сары түлкүнү ыраазы кыламын деп,
Жаным тынбай, боломун дедек:
Аны түштөнтүүгө өрдөк алып келем,
Кечкисине тоок деген белен.
Баягы сары түлкү жок
Эми жамынды кара күрөң түстү,
Күндө анын эсине,
Оюн-күлкү эле түштү.
Мен — үйгө бассам, ал — тышка качат.
Акыры сырын айтат го айбанатка — айбанат:
Ишенсең,
Тимеле суугa чөгүп өлгүм келет!..
Эми кандай кылуум керек?!
Акыры өз Калтарыма барбасам, алдан тайдым.
Ал эми кечирер бекен деле
Өзү чыны кең пейил эле...»
«Ооба, ушунчаңда үйүңө жөнө! — деди, Кирпи,—
Анда туура акыл табасың,
Антпесең өлүп каласың!..»
Мына, эми Калтар өз үйүнө чуркап жетти
Бек турган каалгасын каккылай кетти:
«Э, байбиче, мен келдим, ачып койчу эшикти?»
Анда, минтет Калтары:
«Ачалбайм! Сары Түлкүңө бар нары!»
Эми кандай кылмак?!
Кайра салып-уруп сар Түлкүгө жетип барыптыр.
Ал сар Түлкү башка бирөөнү кийрип алыптыр!

* * *

Бу тамсилдеги пайдалуу кеңеш:
Сары Түлкү буурул Калтарга ылайык эмес!

## СҮРӨТЧҮ ПИЛ

Сүрөтчү Пил пейзаж тартты,
Бирок аны көргөзмөгө жөнөтүштөн мурда
Досторуна көргөзмөк болду:
Дагы кемчилик бардыр мында?
Сүрөтчүбүз досторун күттү эми
Не деп сындашар экен деги?
Кекээрлеп, мазактар бекен?
Же көкөлөтүп макташар бекен?
Сынчылар келишти. Пил сүрөтүн ачты.
Бирөөлөр алыстан, кээлери жакынтан карашты.
«Ии, демек,— ушинтип баштады Крокодил. —
Пейзаж жакшы эле!
Бирок, көрүнбөйт го дарыя Нил?»
«Нилди тартпаса эчтеке эмес! —деди, Тюлен жана,—
Андан көрө, кар кана? Муз кана?»
«Мен айтайынчы! — деди Момолой кол суна,—
Ошо кар менен муздан да
керектүү нерсе бар мында,
Сүрөтчү огородду тартпай унуткан тура!»
Аңгыча Чочко коркулдады:
«Дурус эле экен!
Бирок эске алса бул жагын,
Чочколор көрүп турушка,
тартса болмок,
Карагайдын тобурчагын,
эмен шагын...»
Айтылганды бүт кабыл алды Пил
Анан тартууга кирди,
келтирип бир.
Мына, кисти менен келишинче алдын,
Көңүлүн тапмак достордун баарын.
Мына: ак кар, көк муз турат,
Уруктуу эмен жайкалып,
огород кулпунат.

Пил дайра чалкып жатат.
А түгүл балды да тартты,
таап бир айласын,
(Кокус сүрөт көрүүгө
Аюу да келип калбасын...)
Мына, сүрөт даяр болду,
Пил баягы досторду чакырды санаалаш.
Алар келишти да кобураштьы:
«Болгон тура аралаш!»

* * *

Бирок, досум! Болбо мындай Пил!
Кеңеш уккун, бирок муну бил:
Кишинин баарына жакпайсың,
Кыйналасың, баарынын оюн таппайсың.

## БУЛ БАЯГЫ ЭЛЕ ЖАНАТ, БИРОК...

Ар бир уяга, ар бир ийинге башбагылат,
Токойдо жандын баарына кызмат табылат...
(Ардактуу да, көрүнүктүү да орун тандалды)
Ага кадимки Жанат[1] дайындалды.
Жанатты баары билишет. Ал карапайым, аяр.
Эч кимдин куйругун баспайт, сылыктыгы даяр.
Чыр-чатактан алыс, эч ким менен кектешпейт.
Ошентип анан,
Жыл өттү.
Жанаттан не жакшылык көрүштү
айбанат, куштар,
Анын атын айтып, болушкан куштар?!
Токойдон тартип кетти, башкаруу да болбоду.
Айлана чак-челекей, кожоюн аны
Жадегенде угуп-билип да койбоду.
А бирөөлөр кайрыла калса, ага жообу даяр,
Минтип коет, жылуу-жумшак аяр:
«Макул, текшеребиз, анысы ырас,
Дагы күтө туралычы, бир аз...»
Үшкүрүк, күрсүнүү басты токой элин:

Жанат[1] — енот,— сары-күрөң түстөгү токой жаныбары.

«Деги кандай түшүнүү керек мунун кебин?
Кадимки көрктүү Жанат ушундай беле?
Муну кантип билбей жүрдүк эле?!
О, кокуй!
  Сар чычкан ага даай алат бекен!
А түгүл тиги,
  Аюунун өзү да ага жети күн бою
кире албайт экен!
Жанат ушундай беле?
Муну билбей кайда жүрдүк эле!»
  «Ии,— деп да бирөө улутунуп алды,—
Мындан көрө кадимки
  Бүркүттүн өзүнө кирип барыш
оңой болуп калды.
Акыйкатта ошо Бүркүт да
Бүркүт башы менен ыңгыранбайт анча
Маанилүү иштен бошобой жатса да канча!»

* * *

Бир сапар шаарсоветке кире албай — ачына,
Анан ушул ой келди башыма.

## КҮНӨӨСҮЗ КҮЙДҮ

Бир жолу сайрачу куштарды
Чакырышты укканы.
Аксакал Арстан өзү угат экен.
(Арстандан деги ким сүрдөбөсүн
Бутунун башы менен жорголоп,
Ага деги ким кошамат айтып сүйлөбөсүн).
Концертке Арстан өзү келди.
Сахнадагыларды өзү көрдү:
Ана — Карачыйырчык, тиги — Булбул.
Арстандан сүрдөп кетип, Карачыйырчык кургур,
Өз обонун да унутуп кала жаздады.
Акыры айла келди,
Шык дем берди.
Шумдуктай сайрап жиберди
Карачыйырчык,
Тири укмуштай кубултуп:

Бирде Жылкычы болуп ышкырат,
Бирде Булбул болуп сайрап,
Анан доок болуп какылдап,
Кайра куудул кишиче каткырат.
Бирок Арстан укканы менен аны
Бир жолу да жылмайбай койду;
Түнөрүп, суз болду!
Жылмаймак түгүл кабагын чытты.
Мына, Булбул сайрады эле
Арстан анда да кабагын түйүп,
Кандайдыр өзүн каардуу тутту!
Бу деги эмне демек?
Кандай түшүнүү керек?
Ордуна отура албай кыйналат,
Жубайы араң жөлөп турат...
А Булбулчу?..
Улам мукам таңшыды!
Үнү оболгогондон-оболоп,
Айлана балкыды.
Бирок да,
Жалын бир силкken Арстан береги
Угуп бүтпөй,
Жубайы менен туруп жөнөдү.
Ошо замат Түлкү кайран,
Жетип келиптир, кайдан-жайдан:
«Ким айтып жүрөт ушу Булбулду
Токойдун ырчысы деп?!
Түк болбогон кеп!
Арстан өзү көрдү
Ачуусу келди!
Бул өзү чатак иш,
Жеткен уят иш!» — деди.
Анан да мындайча буйрук берилди:
«Сайрачу куштар сайраганды
Кайрадан окусун!» — делди.
Деги бул эмне болуп кетти?
Арстан кантип айтты мындай кепти?
Ырдаганды Арстан да билчү эле
(Кээде өзү да ырдап ийчү эле).
Куштар эле ырчыларды угууга,
Анан неге кабак түйөт буулуга.
Көрсө ал ошо күнү

ашыгырак жеген тура тамакты,
Ичи бурап ооруп,
ошон үчүн түйгөн экен кабакты.
Кайра окушка жөнөтүлгөн курган ырчы куштар,
Бүркүттүн бүркөлгөн кабагы болбогондо,
Али таңшый беришмек, айлананы шаңга бөлөп,
Укканды этип куштар!

* * *

Мен бул тамсилди жаздым
Айрым иштердин башын ачтым.
Жетекчилер келет да кетет
Баарына мезгил жетет.
Анан эсеп кылганда болбойт
алардын үшкүрүгүн,
Кээде чүчкүрүгүн.

## АРСТАН МЕНЕН ЧЫМЫН

Бир күнү Чымын Арстан менен болуп калды,
Бир дасторкондон тамактанды.
Чымын тойгуча ичип-жеп болду,
Анан учуп кеткиси келип баратып
Арстандын кулагына конду.
(Күнгө кактанмак болду),
Баса, ошо Чымын андан кетип калалбай
Кайра да Арстан менен түштөндү,
Дегеле үйүр алып бүткөнбү.
Анан, мындай кеп тарады:
(Аны тараткан да Чымындар жанагы!)
Чымын Арстандын кеңешчиси экен,
Укмуш десең!
Арстанга Чымындын айтканы жагат
Аны жаны-дининен кабыл алат.
Кокус Чымын бир аз эле жанында жок болсо
Аны сагынып, издеп калат.
А Чымын жокто ичпей-жебей жатат,
Аны күтүп, кусага батат.
Ал аң уулап чыкканда жолго
Чымын кошо жүрөт жолдо.

Кулагына конуп алды
Анан дыңылдай берди жокту-барды!..
Чымындан кантип гана коркушпайт анан?..
Арстан анын гана айтканын угуп калган.
Арстан өзү да билген эмес
Чымындын мындай күчүн,
Чымын баарын билип, баарын башкарат,
Иштин баарын Арстандын атынан алпарат.
Көөнүнө туура келгенин гана аткарат!

* * *

Бул тамсилдин мааниси мындай:
күрөшүп жоготсок арамдыкты, калбаса кылдай.
Деги сонун болор эле, иштин пайдасына көчсө
Бул тамсил Арстанга жетсе.
Антпесе айрым Чымындар ишке тоскоол болуп,
Отурушат Арстандын кулагына конуп!

## ДЕҢИЗ КҮРПҮ

Сууда калкыган каздарга
Күрптүн көзү түштү:
Кеп ушулардыкы,
Сүзө беришет каалаган жактарга.
Кыскасы Күрп баскысы келбей жерди
Сууда гана сүзгүсү келди —
Өзөндө, көлдө, деңизде сонун го деги,
Ошо суу тараптан соккон жели эмне, жели!
Баарыдан анын көзүн кызартты
Суучулдардын кийингени!..
Күрпкө оңдой берди болуп, флотко барды!
Анан суучулдарча ичип,
суучулдарча жеп калды!
Суучулдардын чаар көйнөгүн кийди
Суучулдарча басып жүрдү.
Бирок түртсөң да кирбей суугa,
Алыстап жүрөт сүзө албай сууда.
Жээктен толкунду көрсө эле шашат
«Чөгө-өм!» — деп кыйкырып качат.
Бир күнү Күрпү өз үйүнө —

Куштардын короосуна келди.
Куштар аны тегеректеп көрдү.
«Бах-бах! Бах! Кандай укмуш суучул! — деп,
Тооктор какылдашты,
Кызыгып ага жакындашты.
— Киймин көрсөң,
Үйүнө көңүл бөлсөң,
Биз акмак экенбиз, учпай,
Короздун көзүн карап, короодон чыкпай!»
А тигил Күрп баягыдан дардайды
Куйругун чатыр кылып жайды.
(Эч ким сурабаса да)
Мындай деп калды:
«Туугандар! Мына, менден үлгү алыңар!
Мен эми суудa гана өмүр сүрөм!
Ардайым кемеде гана жүрөм!
Авраль! Форштвень! Брамселя!»
Муну угушкан короодогу куштар
Тапырата канат какты:
«Күрп өзү бизде болду!
Биз сыймыктанабыз!» — деп жатты.
Короз өзү кыйкырды,
«кукарекусун» баштап,
Деңиз Күрпүн мактап.

* * *

Ушундай болот, кээ бир абийирсиз наадан
Күпүлдөп сүйлөп, кооз кийинип алган.

## АЮУНУН АНТЫ

Аюу Аарынын балын татты.
Анан аны Аары талап жатты.
Аарылар быкпырдай кайнап,
бири консо бири учту.
Аюунун чактырган дени тултуюп шишип чыкты.
Ошо замат кубанычтуу
кабар угулду Аарыларга —
Аюу жолобос болуптур балга.
Анан уюктан-уюкка угулуп бул кабар

Ызылдап жатты Аарылар:
«Бал аман калды! Бал аман калды!
Эми Аюу жебейт балды!»
Кудай бетин салбасын, кубанчылары артып!
Эки Аарыны жиберишти
Аюуга ыраазылыгын айтып.
Аарылардын ак дилинен өтүнүчү бул болду:
Аюу келип көрүп кетсинчи,
Ак эмгектен кандай гана бал топтолду!..
«Андай болсо! — деди, Аюу,—
Көрүш эле керек болсо аны!..»
Ардактап тосушту Аюуну
Аарылардын уюгу.
Аюунун алдына ачып көргөзмөк баарын
Бул өрөөндөн тартышкан таттуу да,
жыттуу балын!
Карап турсаң тимеле шилекей агат!
Мындай балды ким кайдан табат!
Көрүп бер деп Аарылар өзү сурайт,
Аюу эми буга тилин тийгизбей
кантип чыдайт?!
Ошо замат,
Аюу барат,
Дүмүрдүн көңдөйүнө толуп турган балга
чеңгелин салат.
Анан, нысапсыз ачкан оозун жаппай койду
Аарылардын тапкан балын бүт сорду.
Соргок айланта карап,
Бал толгон дүмүрдүн ичин шыпырды жалап!..

* * *

Мен болсом анда,
Аюу тукумун
Жолотмок эмесмин балга!..

## КОЕН МЕНЕН ТАШБАКА

Күндөрдүн биринде, бадалдын түбүндө
Коендун безгеги кармап калды.
Безгек да кыйын эмеспи кыйнаган жанды:

Бирде калтыратат, бирде кара тер агат,
Кээде эс-учун жоготуп жөөлүп,
алдастап калат...
Анан, кыбырап жылып келаткан
Ташбаканы көрө койду
Коен ага жалынды: «Айланайын...
Айланайын, жаным...
жай албас болду!
Каруу жок, козголтпой жатат,
Жер көчүп, башым айланат...
Ээк алдында... көлчүк турат —
ошондон суу берип койчу,
каным катат!»
Ташбака аный демекпи бирөө кыйналып жатса.
Жанындагы көлчүккө жылды:
— Азыр апкелем, шашпа...
Анын кеткени болду бир саат, анан эки саатча.
Ташбака жок, күүгүм кирип барат,
Бакырап көз күтө берет жол карап.
Анан чыдай албай тигини тилдеди,
Кантет анан күчөп калтырак басса:
«Алда-а... шайтан баскыр ай!
Сөөктөй каткан ит ай!
Такыр келбес болду го, жаным чыгып баратса!
Деги кайда жолу торолду?
Карыш турган жерден күнү-түнүнө жоголду!
Күткөнүм бир жутум эле суу болду...»
Табыш чыгып, чөп кыймылдап калды ошо тапта.
«Акыры келдиңби?!» — деп үшкүрдү Коен,
кепке келбей башка.
«Эмне тилдеп атасың? — дейт, Ташбака,—
Сууга эми баратам, шашпа...»

* * *

Кээде кишиге жардам керек бат.
Бу кеп ак!
Шашылышта Ташбакадай
Кыбыраш жарабас!

## КЕРЕКТҮҮ ЭШЕК

Өгүз элди коноктоп калды:
Дасторконго толуп турду
Тамак аштын баары.
Бирок меймандар али отурбады,
Эчким отурууга озунбады.
Аңгыча шыбыр угулду: «эшек келе элек
Ал келери менен
Үй ээси отурууга белги бермек».
Мына күттүргөн мейман да келип калды
бир зоот уйдун бетмаңдайына
Койдун жанына отуруп алды.
Өгүз баарына ичкилик куйду да:
«Саксаламат бололу, эми,
Тынчтангыла, Эшек сүйлөсүн» — деди.
Отургандар болушту жымжырт,
Эшек сөз баштаганда туруп...
Эшектин сөзү... өз жеми — сулудан башталды:
Азыр сулу кандай, ал кандай сакталды,
Сулунун өзү буудайдан да ток болот
деп макталды...
Эшек сүйлөп жатат бүтпөй.
А бир Кой ичип алды түтпөй.
Ичти да уктап кетти күтпөй.
Дале сулу тууралуу сөз, жок аягы,
Эшекти эч ким токтотууга даабады.
Ичкен-жеген да жан жок.
Бир оокумда меймандар суюла баштады.
Сүйлөй берип үнү бүткөн Эшекти
Жалгыз үй ээси тыңшап калды.
Деги бул Өгүз Эшек менен канетип
ынак болуп алды?
Анеткени Эшек ардактуу орунда.
Чынында Өгүзгө Эшек керек эмес,—
Кеп Эшек отурган орунда!
Эгер Эшек малканадагы жем-чөптү кармабаганда
Өгүздүн үйүндө сыйланмак эмес анда!

ЦЛБ 8721

## КҮКҮК МЕНЕН ЧЫЙЫРЧЫК

«Сен эмне эле таңшып калдың таң атпай?» —
Ушинтти тиги токойдон Күкүк
анын таңшыганын жаратпай.
«Ай-ий! Күкүк дос! — деди Чыйырчык,
— Билсең боло сен!
Мына ушу бүгүн ата болбодумбу мен!
Эми мындан ары таңдан кечке таңшый берем!
Уямда менин кужурайт балапандарым!
Үйүмө толгон кубаныч — үнүн укчу алардын!»
«Укмушун кара! Мактанаар ишти тапканын! —
Деп калды Күкүк сөзүн угуп анын! —
Бу жарык дүйнөдө мага өнөк —
Эркин куш болушуң керек!»
  «Деги жумуртканы кайда тууйсуң сен?»
  «Көрүнгөн жерге, кез келген уяга
    тууй берем мен!»
«А балапандарың кайда?»
«Билбейм, ар жайда!»
«Деги аларды ким басып чыгарат?»
«Ар ким басып чыгарат?»
Өзүмө эркин турмуш керек
Үй-бүлөдөн безем,
Жалгыз жашагым келет.
Кайда каалասам ошо жерге учуп келем!
Кайда кааласам ошо жерде таңшый берем.
Э, Чыйырчык сен мени туурасаң,
сонун болор элең!»
«Жок,— деди Карачыйырчык,—
Бул ата-бабамдан калган салт,
Жазында уя басып, балапан чыгаруу мага нарк!»

* * *

Канаттуулардан да жырткычтары,
кески уурулары чыгат,
Бир күнү короомдогу чыйырчыктын уясына
күкүк келип турат.
Даяр уяга дароо жашап калмакчы
Бирок чыйырчыктар тукуму баштады кармашты.
Ууру күкүк зорго кутулуп, быяктан безди,

Токойдун бир жайыгына учту да кетти.
Ал жерде бир жалгыз Күкүккө жолугуп,
Бирге тамактанып, маек этти!

## ЭЖЕ, СИҢДИ

«Элде жоктун баары бар ээ, эжеке сенде? —
Деп тамшанды Арчычкандыкына келген
Үйчычканы киргенсип кенге. —
Килем-килчеби, жууркан-төшөгүңбү,
Айтор, баары эле четтен келген
Идиш-аягыңан өйдө!»
Арчычкан өзүнчө улутунуп койду:
«Ээ, кагылайын сиңдим!
Буюмдарымдын түрүн
Көрүп туруп сен да билдиң!
Эмесе, буларды кантип гана тапканымды
Сен да кулагыңа илгин.
Өмүрүмчө аягым жерге тийбей
Менин издегеним —
Четтин буюму
Билсең сырымы.
Бизден чыккандардын
Бири да жакпайт мага,
Дегеле карап койбойм ага.
Четтен келген бир учук жип көрсөм да
Ташый берем моокум кана!
Береги — түрк мамыгынын түгү,
Бул болсо — перси килеминин жиби!
Мына берегини болсо кечээ таап алдым —
Кадимки африкалык куштун жүнү!»
«Эжеке, деги сен эмне ичип, эмне жейсиң? —
Деп сурады берки андан. —
Биз жегендер сенин ичиңе
Жаксын кайдан?»
«Ээ, кагылайын! — деди, беркиси улутунуп,—
Жашсың да. Деги сага...
Эмне айтаарымды билбейм!
Мен деле элге окшоп
Эт менен нан жейм,
Кагылайын, деги өзүң кызыксың бейм!..»

* * *

Көрдүңөрбү?! «Кызык» деп кайра бөлөккө коет күнөөнү.
Биз билебиз айрым мындай үй-бүлөнү!
Бизден чыккан буюмдун баарына —
Чыйрыңдап, быйрыңдап
Жактырбай коюуга устат.
А четтен келген жарты учук жип көрсө да
Жерге тийгизбейт, мактап-куштап.
Анан биздин жердин наны менен этине тоет,
Жай отуруп, ныктап!

## ЖУТУРГАН ДӨБӨТ

Күн кайнап турганда, дөбөт кетти кутуруп,
Байланып турган чынжырын жулуп.
Уулуу шилекейин бүркө эсирип,
Кашаадан кетип секирип,
Түз эле жайылган малга жетип барды,
Козуну тытып ыргытып,
Музоо байкушту жарды.
Мунун сөөгүн кемирип,
А түгүл койчуманга да тиш катып
Өлөрчө кылып салды.
Кыскасы кырсыкты салды оңбогон,
Мындай иш мурда болбогон.
Акыры туш-тушунан тосуп кармашты да Дөбөттү,
Дагы далайды кансырата электе
сотту көздөй жөнөттү.
Анан... анын сурагы башталып кетти!
Аптадан-аптага өттү.
Мына жарым жыл бою сот иши уланат —
Күбөлөр тынбай суралат.
А канкор болсо түрмөдө,
Бекер тамакка семирип, чыңалат.
Ичип-жеп уктайт,
Жүнүнөн майы чыкты жылтылдап,
Толгон дос-тууганы күндө келип турат
жол талашып,
Керек-жарагын даярдашып,
Мойнундагы каргысын да улам жаңы алышып,

Эки Чөө маңдайынан кетпей урматташып,
Сотто Дөбөттүн таламын талашып:
Жарыша улуп, жарыша үрүштү,
Анын күнөөсүн жеңилдетүүнү сурап жүрүштү.
Сот да бул канкор Дөбөттү кыйып ийбеди:
«Кайра текшерилсин,— деди,
Дөбөттүн тиши тийген же, тийбегени...»
«Соттун бул эмне кылган иши?! —
Деген үндөр чыкты, уу-дуу зал ичи. —
Канкорго кечирим жок
Анын эбак толгон шиши!»

* * *

Канкорду калкалаган сот өзү да ошондой киши.

## ЧӨП ЖЕЧҮ КАРЫШКЫР

Мал жеген бөрүлөрдүн башчысы — Көкжал
Акыры колго түштү,
Канчалык качса да ал.
Эми мунун үстүнөн
Катуу жазага тартмак болуп өкүм,
Күнөөлөп Көкжалдын өзүн!
Көргөн-билген чындыгын
Күбөлөр айтып жатты:
«Мындан кой жеген, тигинден музоо.
Анан жара тартты
Иштеп турган атты...»
Мойнуна коюлду тындырбай
Далилдер мына.
А соттор карышкырдын сөзүн күттү тына.
«Белгилүү,— деп баштады Карышкыр,—
Айтарыңар эп.
Атамзамандан бери Карышкыр жөнүндө
жаман кеп:
Койчусу уктап калып, койлор адашат,
Кээде уйлар жоголот,
Анан эле Карышкыр күнөөлүү болот!
А Карышкыр болсо, тээ качантан
Кандын жытына барбай калган.

Этке жолобой жемишке өтүп,
Чөп оттоп, дан жеп калган.
А кээде чын,
бирин-эки козу-корпого тийге́нбиз,
Анткени алардан
өз башыбызды коргоп жүргөнбүз...
Эч кимге зыяныбыз жок,
Калыстык кылар сот!»

Анан сот мындай чечти:
Карышкыр оңолуптур
Кан ичмейи жоголуптур.
Өз эркинде калсын,
Сөгүш эле алсын.
Ушинтип күнөөсүн кечти.

* * *

Аңдан бери жылдар өттү
Сот өкүмү унутулуп өчтү.
Карышкыр качырып малга тиет,
Чөп жебейт, дале этке кирет!

## КОРООЧУ МЕНЕН ТИККУЛАК

Короочу менен Тиккулак
Коен кууп чамынды.
Ач карышкыр үйүрүнө
Аңдабастан кабылды.
Карышкырды көргөндө
Жата калды Тиккулак,
Коркконунан калтырап,
Жүнү бирден тик турат:
«Короочу...— дейт,— Короочу!
Кандай айла кылабыз?!
Каякка бет бурабыз?
Каарданган ажалдын
Как оозунда турабыз!»
Короочу анда сүйлөдү:
«Коркпо кайрат чакыргын!
Мен тетиги эң чоңун —
Көк даңгытын жайлайын!

Жанындагы канчыгын
Сен жылдырбай кармагын!»
Ушуну айтып Короочу
Түз качырды кекенип,
Карышкырдан бирөөнү
Урду жерге көтөрүп.
Көк карышкыр ыркырап,
Талап калды тайбасты.
Түбү тайбас Короочу
Жан аябай кармашты.
Титиреди Тиккулак
Жүрөгү оозго тыгылды:
«Жаным соога, жан соога!
Бир бооруңар боломун,
Бир бооруңар — мен, ооба!..
Кулагымды көргүлө,
Куйругумду көргүлө,
Жүнүм окшош жүнүңө,
Үнүм окшош үнүңө.
Өзүңөрдү көргөндө
Мен турамын сүйүнө.
Тирүү койсоң жанымды
Кызматыңа жарайын.
Мал жуушаган жайытка
Мен эрчитип барайын...»
Тирүү жанын коюшту:
«Тийсе мейли кереги!»
Топ Карышкыр эрчиди,
Чыккынчыны береги.
Токой менен акмалап,
Тегеректеп караштты.
Кабагы бар, жары бар
Жээк менен баратты.
Үстү жакта кашаттан
Малды корду жайылган.
Акыл курду бөрүлөр
Жар алдында камынган:
«Короо-короо кой жатат,
Өрүш-өрүш уй жатат.
Тиккулакты жалмайлы,
Тирүү койсок үн катат» —
Дешти дагы ири алды

Чыккынчыны жеп алды.
Карышкырлар өзү да
Соо калышпай соңунан,
Катар ажал табышты,
Койчулардын огунан...
Бирөөгө ажал тилеген
Өзү ажалга тутулат,
Чыккынчылар тигинтип
Тиккулактай тытылат.
Ар-намысты ойлогон
Башын турбайт калкалап,
Элге сыймык калтырат
Беттешкенин талкалап!

## КӨРӨГӨЧ САГЫЗГАН

Айыга албай оор жаратынан
Түнт турагын котормок болду Каман.
Бирөөлөрдүн турагына кирди эле
Талоончуга катуу сокку болду андан.
Жапырт каршы турушту токойдо тургандар.
Ошо тапта кайдан-жайдан
Сагызган жетип келгени!
Бул кармашты көрүп жаны кирди,
Арчага конуп, шакылыктап ийди:
«Сок! Со-ок! Талкалагыла! Каманды айдагыла!
Мен быяктан баарын көрүп турам,
Силер аны жеңип баратасыңар улам.
Тоскула! Тыягынан тоскула!
Быяк капталынан соккула!»
Аны карап Таранчы:
«Азыр келе калып, неге мынча шакылдадың?!
Мындагы элдин баарын
тажатты сенин шакылдагың!»
«Ээ, чырагым,— дейт, анда Сагызган —
Сен куру калгансың го намыстан?!
Ал эмне чыкмак мен унчукпай койгондо?
Бу согуш бүткөнү турат го болжолдо.
Көрөрсүң, ушул согуш бүтөөрү менен,
Мен жөнүндө сөз калат:
«Сагызган согушту» деген.

* * *

Сагызганга медал тагышты,
Муну бекер кылышты!

## ЭРДЕМСИГЕН КОРОЗ

Кыштактын үстүнөн кетпей айланган,
Балапан алууну көздөй камданган
Кулаалыны мергенчи атып салды.
Жансыз Кулаалынын
саңоор жүнү учуп көрүнүп...
Бадалдан чыга калган
Короз жетти ага теминип.
Кулаалыдан жаны чыкчу Короз!
Бул деги жырткыч эле неткен!
Курч тумшугу мына жансыз
Өткүр көзү да чарасына чөккөн.
Короз өзүнчө эрдемсип
Былк этпей жаткан Кулаалыны качырды!
Өзүнчө чамынып, ачуусу ашынды.
Таажысы кыпкызыл болуп
Каарынан ошо таажысына кан толуп,
Куштарды чакырды:
«Ээй, канаттуулар,
келгиле баарың дароо!»
Көп куштар учуп жетишти,
кыйын аларды эсептеп саноо.
Коразду тегеректеп келишти,
Шумдук! Алар мындан эмнени көрүштү?..
Көктө жүрчү Кулаалы мына, жерде жатат.
Аны Короз таманына басат!
Капырай, Короз шумдук тура!
Эми ким деген даайт буга?!
Кыйкырчаак Короз ансайын короздонду
Бул эми өз айланасына — баатыр Короз болду.
Ошо тапта кимдир бирөө
Кулаалынын далысын мындай имерди,
Анын ок тийген жерин көрдү.
Ошентип... бардык сыр ачылып берди!

* * *

Кээлер дал ушул Корозго окшоп
Курулай менсинет
Куру кыйкырып эрсинет!

## ЖАДАТМА ЧИРКЕЙ

Чиркей акынмын дей баштады
(Ызылдап ырдын уйкашын жаттады!)
Ошентип, тумшугун соймоңдотуп,
Айбанаттын чыдамын сынамак болуп.
Чабагандап жүрөт сабап
Айтор Чиркейдеги адат:
Кулактын кужурун алат,
Эртеден кечке ызылдап,
Бирде тиги Өгүздүн жонуна конуп,
кайра аттын кыр аркасында болуп.
Анан эчкинин котурун тырмалап,
Баягы эле ызылдагы ырдалат!
Билбейм, дагы далайга ызылдайт беле
Бирөөнүн колу жетпесе,
Бир күнү чырт эттире
Таранчы илип кетпесе...

* * *

Канатым бар, демек, эмнем кем деген,
Чиркей да болот өзүн Бүркүткө теңеген.

## ЖАҢГАК ТАПКАН МАЙМЫЛ

Кенедей Маймыл чуркап жүрүп тапты,
Бир укмуш кокос жаңгакты.
Мына бакыт, мына жыргал!
Эми маймыл тукумунун баары тоюшат!
Жапырт кубанып карк болушат!
Эми мына, анын ойлоп тапканы,
Кокос жаңгагын айтып коркута баштады:
— Кокус, бу жаңгак сабагынан үзүлүп кетсе

Бириңин башыңа түшүп жарылбасын,
Же жүнүңөр тытылып, териңер айрылбасын!
Шылдың, күлкү эле түгүл күнөөгө батпайлы,
сак болгула!
Бул чоң жаңгакка аша кызыккаңыңарды койгула!
— Талаш жок, бул зор жаңгак,
Жалган деп ким айталат?! —
Кенедей Маймылга ушуну айтты
карт момолой кайталап. —
— Бирок тиги кошунаңын короосуна да
көз кырыңы салчы?
Жашылчаларын карап алчы?
Анда: килейген кызылча,
Дардайган ашкабак бышат ар дайым.
Алардын жанында — майдарак го ыя,
мынабу сенин тапкан жаңгагың...

* * *

Кимде ким сөздүн маанисин сураса,
Кандай деп менден.
Жообум мындайча — үйрөнгөн элден:
«Коркконго кош көрүнөт» — деген.

## ТАТПАС ТАРАНЧЫ

Бул окуя болду
Канаттуулардын тоюнда;
Той башкарган Тоңкулдак айтып калды:
«Бир Таранчы ичпей отурат момунда!
Көрсөңөр ой, бу өзү куу!
Чөйчөгүндөгү карандай эле суу!»
Отургандар көтөрүп чуу
Аны беттеп, уу-дуу:
«Штраф» куюлсун Таранчыга бу!
А Таранчы чырылдайт: «Ичпейм! Ичпеймин!» —
«Эмне! Сен артыксыңбы элден! —
деп калды Үкү,—
Оой, жо-олуң болсун сенин!
Оорулуумун, ошондо да ичип отурам
Тамчысын да калтырбай алып жатам».

«Ал эмне кеп экен
Чогуу ичпеген, ушул токой, ушул асман үчүн
Мына биз менен?!» —
Ушинтип, туш-туштан куштар чуулдап калды.
Кандай кылмак?
Айласы кеткен Таранчы,
Чөйчөккө тумшугун малды.
Жарым-жартылай ичип да алды.
«Жо-жо-жок! Жарабайт андай ичиш!» —
Канаттуулар кайра да чуулдашты
туш-тараптан:
«Ичкен соң, түбүнө чейин ичкен оң,
Кайра куйгула,— дешти,— шараптан!»
Таранчы каршы туралбай көпкө
Тез эле келди эпке.
...Бироокумда, баары тарап кетти басып,
Байкуш Таранчы гана туралбай
Үстөл астында калды жатып...
...Ошондон бери канча жыл өттү деги,
А бирок айтылып бүтпөйт
Ошондогу Таранчынын кеби.
Кайда барса эле аны карап калышат,
Анан шыбырап сөзгө алышат:
«Ай-ай! Билесиң го, ушул ичип кулаганын?!»
«Ой, бул өзү да билбей калат сулаганын!»
«Уккандырсыңар?
Жакында катуу ичип кетиптир!»
«Билгендирсиңер? Үй-бүлөсүнөн безиптир!»
«Ичпейм» — деп Таранчы карганса да өзү,
Артынан калбады тигинтип, элдин сөзү.

* * *

Кээлер ушинтип жаңылып алат,
(Ага байкуш өзү да арманда калат!)
Анан эсине келет, оңолот,
Жаза басып мүдүрүлүүдөн изи калбай жоголот.
Баштагысынан алда канча акылдуу,
токтоо болот.
Бирок да айрымдар бар эмеспи,
Көлчүктөн — «көл» курган,
Илгери бирдеме болду эле деп,

Аны өмүр бою сөз кылган:
Айы менен күнүн эстей албаса да так,
Оо, бу илгери мас болгон деп,
Айта салат шак.

## АПЫРТКАН АТАК

Арстан айтты деген угулду бир кеп:
Анын өзүнөн кийинки күчтүү эле
Кадимки Кошаяк Чычкан дептир.
Караанданса токтобос эч бир!
Уккан кулагына ишенбей,
Аң-таң болду айбанат:
Минтип Эшек айтса го бир жөн
Ал оозуна алы жетпей сандалат!
Анан ушинтип Арстан өзү айтса
Аны ким жалган дей алат?
Ошентип, айбанаттын баарысы
Кошаяк Чычкандан коркуп калышты...
Аюу аны ардактап конокко чакырчу болду.
Карышкыр издеди ага достошор жолду.
А түгүл күндүз уктабас Бөлтүрүктөрүнө
Канчык Карышкыр минтип урушат:
«Кошаякка айтсамбы! Силерди курутат!»
Акыры Кошаяктын айласы табылды
Түнкүсүн токойдо келатып, Түлкүгө кабылды.
Түлкү шап илип алды
Чыйк эттирбей жеп салды!
Жээрин го жеп алды,
Анан өзү кимди жегенин угуп коркуп калды!
Аны Коен экен деген,
Кайдан билиптир,
Кадимки эле Чычкандын күч сынашаарын
Арстан менен!

## МЫШЫК МЕНЕН ЧЫЧКАН

Таргыл Мышык бир күнү
Той өткөрүп калыптыр.
Арнап келген ар кимдин

Белектерин алыптыр.
Ошол күнү Сар Мышык
Чычкан кармап барыптыр.
Сары достун белегин
Таргыл досу көрүптүр.
Албай бирок колуна
Мурдун чыйрып жериптир:
«Жөн кой, досум, жөн эле,
Кур убара алдагың.
Жакырчылык күн өттү
Чычкан жебей калгамын!»
Таңыркады Сар Мышык:
«Бу Таргылбы, баягы?
Таргыл Мышык чын болсо
Чычкан жебей калабы?
Айтканымы Таргыл дос
Анык укпай калды да,
Чычкан кармап келдим деп,
Айтайынчы кайрыла».
Сурагыча Сар Мышык
Тамак келди алдыга:
Жаңы быштак, сары май,
Таттуу сары каймагы,
Куурулгап эт, колбаса,
Баары тегиз жайнады.
Дасторкондун үстүндө
Түркүм даам төгүлөт,
Санат жеткис кээлери
Сатууда жок көрүнөт.
Таргыл мышык чайпалат
Таптай басып килемди.
Сылап коюп муруттту
Доско мындай чиренди:
«Турмушумду көрдүңбү?
Айтпайын мен өзгөсүн.
Тигине, чети оюлбайт тамактын,
Сенин чычканыңды ким жесин!»

* * *

Бул тамсилдин маанисин
Туура айталы бурбайлы.

Таргыл үйдү кайтарбай
Үй ичинде тамакты
Уурдап жеген турбайбы!
Байкабаса чычканды
Билбей калса тутканды,
Кампа жакка жолотпой
Тамак-ашты коротпой
Айдаш керек мындайды!

## КЫЛМЫШТУУ ЖАЗАЛАНБАЙТ

Тула бою калтырап
Күүгүм талаш
Чуркап келди Коендун бөжөгү,
Тиеби деп Кирпинин көмөгү.
«Ой, кайдан сен, Бакыраң көз? — деп,
Кирпи жүнү тике сайылды,—
Калтырайсың, айтчы жайыңды!
Кайда, кимден качып баратасың деги!»
Анда Бакыраң көз баягыдан бетер титиреп:
«Э... Э... Сурай көрбө... Эми...
Ажалдан... араң кутулдум деги!»
«Ой, эмне болду, айтчы деги!»
«Биз... коендор...
чогулганбыз талаага, араага...
Аңгыча эле... ок чуулдап, калдык балаага!
Карасак: автомобилдер! Түз эле эгинди аралай,
Келатышат бизди карай!
Анан, жарк эткен фардан көзүбүз уялды...
Ошентип баарыбызды кырып салды!..»
Коенек күрсүнүп, башын жерге салды:
«Жалгыз эле менин жаным калды...»
«Эмне деген шумдук!
Мыйзам бузуучулук!
Тула боюң үркөт,
Ушуну адам кылар жөнүбү! —
Минтип бу Кирпи
Жаны-дилинен кейиди:
«Билемин, өткөн жайда
Семен агай жазасын тарткан анда.
Бир эле өрдөк ата коем деп

Болуп катуу кеп.
Балээге калган,
Прокурор катуу ачууланган,
Браконьер деп жазаланган!
Эми, мынабу сен көргөн иш,
Жырткычтык го түздөн-түз.
Зыянсыз коендорду кырыш —
Шермендечилик бул!
Жаныбарларды шылдың кылыш!
Сотко берүү керек буларды,
Соттосун эми кыянаттарды!

А бирок улана берди бул иштин аягы
Аң уулайт дале прокурор өзү баягы.
Закон баарыга бирдей
Бирок кээ бирөөнө тийбей,
Андан четтеп, айрымдар
Атакка, мансапка жамынат.
Алар үчүн мыйзам алсыз
Дегеле мыйзам деген жок сыяктанат;
Андайлар жедеп көнүп алышкан,
Жазадан дайым четте калышкан.
Кылмышты мойнуна алчулар алат
Жанагы бечара Семендор гана жазаланат.

## БУУРУЛ ЭШЕК

Пил, Коен, Эшек үчөө
Курушмак болду көпүрө,
Бирок бул иш оңой чечилбей жатты,
Үчөө ойлонуп башы катты...
Пил кесе сүйлөдү:
«Көпүрөнү куруу керек,
Астына таш тирөөчтөр бекитилет!»
«Жок! — деп каршы чыкты Коен. —
Тирөөч? Бетон?
Ал не шумдук ботом?
Көпүрө деген жеңил-желпи,
Кооз болсун көркү!»
Аңгыча бер жактагы
Буурул Эшек үн катты:

«Достор кое тургулачы!
Чечип алалы, курарыбыз көпүрөбү?
Анда, кандайынан курсак көпүрөнү?
Суу үстүнө, узунунанбы? Же туурасынанбы?
Мына ушуга көңүл бургулачы?»

* * *

Бу тамсилдин мааниси көңүлгө
мындайча конот:
Кээде бир окумуштуулардын кеңешмеси
ушундай болот.

## КУ-КА-РЕ-КУ!

Кыйкырчак эки Короз өч болуп алды.
Кыйладан бери жоолашып калды.
Эч бир ынтымак курушпайт,
Бир күн да урушпай турушпайт.
Айрымдар айтышты:
«Булардын чатагы —
Алиги Үкүбаш тооктун азабы.
Үкүбаш адегенде бирөө менен жүргөн,
Кайра аны таштап тигини менен күлгөн...»
Дагы бирөө муну айтып чыкты:
«Булардын чатагы —
бир тоголок дан талаштан чыкты».
Айтор, ар ким аркандай айтышты.
Уккандар унчукпай турабы.
Аңгыча, ошерде жаткан жоош Дөбөт
Урушчаак Короздун биринен сурады:
(А Короз демейки уруштан кийин,
чөөткө жуунуп жаткан убагы.)
«Дагы тытышкансың го!
Деги ушу уруштан эмне табасың?
Жүнүңдү эле жулдуруп аласың!»
Анда Короз минтет:
«Ал ууру! Тоноп кетти мени!»
«Тоноп кетти? Эмнеңди?»
«Таңкы ырымдан менин
«Ре!» деген жерин!»

* * *

Музыка же ыр чыгарган достордон
Кезигет дал ушул короздорго окшогон.

## ЭШЕК БОЛГОН АРСТАН

Арстан ачуулу ойгонду
Күркүрөп өйдө-төмөн толгонду —
Кандайдыр бир жырткыч айбан
Муну шылдыңдашты ойлонгон:
Куйругуна жарлык-тамга басып койгон.
Жарлыкта: «Бул — Эшек» деп,
номери да жазылган,
Бирөөнүн колу коюлуп,
мөөр-тамга да басылган...
Арстан буга чыдабай:
Кантсем? Кандай кылсам экен?
Бу куйругумдагы жарлыкты
жулуп таштасам бекен?
Анда мынабу номеричи? Мөөрүчү?
Кой, буларды өзүмчө албайын,
Кокус жооп берип калбайын.
Мындан мыйзам жүзүндө кутулайын.
Ушинткен ачуулу Арстан келди элге
Айбандар жыйылган жерге.
«Кана, айткылачы!
Мен Арстанмынбы, башкамынбы, же-е?!»
«Чынында Арстан элесиң го! — деп калды Чөө,—
Бирок Эшек экенсиң, мыйзам жүзүндө!»
«Кайдан Эшекмин мен,
Чөп жебесем?!
Ой, мен Арстанмынбы, башкамынбы??
Кана, Бөрсө билер бекен?»
«Ырас! — деди, Бөрсө,—
Тышыңыз Арстандай эле экен.
Бирок, түшүнүксүз деги-и...»
«Эш-шек! — деп күркүрөдү Арстан,—
Эмне унчукпайсың?! Кел бери?!
Көргөнсүңбү сен деги

Ушу силерчилеп,
малканага киргенимди?!
Эшек ойлоно калып, жооп берди:
«Эшек боло элексиң го,
бирок Арстан да эмессиң эми!..»

Арстан өзүнүн ким экенин
алардан бекер сурады:
Эшектен эле эмес, Карышкырдан, Чөөдөн...
Баарынан ушул кепти угуп,
ыза болуп калды.
Айбандар саал көңүл уулап...
Анан акырындап четтеди,
Бирок «Эшек» деген аты өчпөдү.

Анан акырындап ооруй баштады,
Арстандын сүрү качты,
Улам жолдон четтеп,
Башкалар анын ордун басты.
Өз үңкүрүндө жатып бир күнү таңынан,
Арстандын үнү угулду
Куду эшекче айкырган.

* * *

Тамсилдин мааниси бул:
Айрым мындай жарлык-жалаа
Арстанды да кылат тура кул!

## ООРУЛУУ КАМАН

Окумуштуу куш — акылдуу Павлинге
Мегилжин келди күндөрдүн биринде
Жалгыз эмес, Каманын да ээрчитип алыптыр.
Көрсө Каманы ооруп калыптыр.
(Павлин доктор эле,
айбанаттарды дарылашты билген)
Анан сурап калды: «Ии, кандай жардам керек?
Сыркоосуз кайсы күндөн?»
«Ооба,— дейт Мегилжин,— кожоюнум оору,
Керели-кечке көрүнгөнгө коркулдап турат,

Туягы менен жерди урат.
Жандын баарын кекетет,
Жандын баарын четтетет.
Кээде мушташууга чейин барат.
Деги сиркеси суу көтөрбөй
Өзүнөн-өзү тиртеңдеп калат».
«Ох! Ачуулуу болуп баратам!» —
деп корк этти Каман.
Павлин бир аз ойлонуп, Мегилжинге:
«Айтыңызчы,— деди,—
Каманыңыз Арстанга да ошентеби?»
«Жо-жоок, антпей калсын! — деди,—
Арстан менен сылык-сыпаа ал деги».
Кайра сурады Павлин:
«Бул кээде Карышкыр менен Жолборсту да
сөгүп ийеби?»
«Жо-жоок,— шашып сүйлөдү Мегилжин,—
Аларга кудай уруп тили тиеби!»
«Карышкырга ооз ача албаса,
Арстан менен Жолборстун алдында калтыраса,
Дегеле өзүнөн күчтүүлөргө жагынса,
Анда кожоюнуңуз оору эмес, таптаза!

* * *

Билчү элем ошондой бир начальниктин
Кол алдандагыларга шилекей чачып бакырганын.
«Мен киммин сага ыя?!
Айдайм! Жоготом!» — деп айкырганын.
Анан бир күнү жогортон чакырып кыстады.
Ошондо анын тизеси калтырап:
«Кечирсеңер экен! Ачуулуу-оору элем!»
Деп куйругун кысканы.

## ТИЙБЕГЕН СЫЙЛЫК

Ак эмгеги эстелди,
Кумурскалардын бири сыйлыкка чектелди —
Аты жазылган кымындай саат.
А бирок ошо саат, кумурскага тийбеди таап:
Анткени жогортон бир Коңуз тоскоолдук кылды,
Кумурскага кантип кыйсын өзү албаган сыйды!

* * *

Ай, ушинтип жүрүп турса кыянаттыктын куюну,
Аммйып кетер бекен
курган Кумурскалардын уюгу!

## УШАКЧЫ САГЫЗГАН

Сагызган түз эле Бүркүттүн үйүнө барды.
(Бул ишке тиешеси болбосо да
Уккан кулак, көргөн көз таң калды.
Бүркүттөргө Сагызган кайдан жүрүп дос боло калды?
Бирок бу Сагызган башынан
Бүркүттүн аялынын сиңдисинин досу тура жашынан...)
Бүркүт демейкисиндей булут аралап, улам бийиктеп сызып
Жердеги турмуштан алыстап калыптыр,
дайым жүрүп алыс учуп.
Аялын сыйлап бүркүт Сагызганга көңүл бурду,
Аябай берилип, маек курду.
Сагызган анан шакылыктады тилди безеп,
Ал баарын билет, дегеле билгенине жок эсеп:
Кай канаттуу уя салды,
Кайсынысы учуп кетип калды...
Бүркүт Сагызганга кош кулагын тосту
А Сагызган шакылдап, калп-чынды кошту:
«Жакында Булбулдун сайраганын уктум,
Айтууга болбойт, келет кускуң!
Көлчүктөгү эле түнкү баканын чардаганы —
Анын сайраганы...»
«А Кара Чыйрчыкчы?
«О, коюңузчу, ошону кеп кылышты!
Чынын айтсам ал кыдырып эле жүрөт,
Жаз келген сайын жаңы үйгө кирет...»
«А Кучкачка кандай баа бересиң?»
«Э, айтабыз анын эмнесин!
Күз келсе эле
деңиз жакты карап турганын көрөсүң...»
Сагызган ушинтип, шакылдап турат
Бүркүт болсо
куштар тууралуу ойду ошондон угат.

* * *

Айрымдар көтөрүлүп, көкөлөп Бүркүт боло калат,
Анан Сагызган — ушакчыларды колтугуна багат!

## КИРПИЧ МЕНЕН МУЗ

Сүзүп келатты дайрада
Муз үстүндө кирпич,
Муздун чок ортосунда жаткан Кирпич үйрөтөт:
Жүрсөңчү түз,
Андай эмес, мындай сүз,
Ылдамдасаңчы эми,
Кандай сүзүштү билесиңби деги?!
Муз жазды тосуп баратты,
Анан эрип кетти.
А кирпич тереңге чөктү.

* * *

Үйрөтүп элге-журтка буйрук айтып,
Өзүнчө атка минген болуп алган.
Чынында муз үстүндө болуп калган
Адамды эске салат кирпич маган.

## САК КАНАТТУУЛАР

Аюу ооруп калды: мойнуна сыздоок чыгып
Жата албай, тура албай, а түгүл дем алалбай,
Кирпик ирмебей ийнинен тынып.
Анан Тоңкулдакты чакырышты,
Муну жарса эле ошол жарат деп карап турушту.
Тоңкулдак келди
Тыяк-быягын карады!
Бирок сыздоокту таба албады.
«Бир түнчө кое туралы деги
Жарылбаса анан чакыралы дарыгерди.
Айла кетсе Үкүнү чакыралы
Болор себепчи?

Ошонун тумшугу курч эмеспи!» — деди.
Үкүгө, Корозго чакырыкчы жөнөтүп,
тынч жатпады.
Түнү менен кирпигин да какпады.
Тышынан табыптар келди,
Карап көрдү,
Отурушту,
Кеңеш курушту:
«Жарбай туралы,
Мындай кылалы.
Эгер кечке жарылбаса
Турнаны чакыралы.
Анын көзү-көрөгөч, тумшугу-узун,
Туура болор ушул!»
Ошо тапта Аюу бурулуп бурчка
Аарыны байкоосуздан басып алды ошо тушта.
Анан кайран Аары
Жетип келди буга,
Дароо мунун жүнүн аралады
Тумшугун суна.
Аары соруп атып канды
Аюу сакайып калды!
Баягы дарыгерлер эс алды,
Аарынын аркасында арачалап жанды.
Ошентип, кымындай Аары
Жоопту мойнуна алды
Баарын куткарып калды!

* * *

Уккула, айрым өтө сак адам!
Бу тамсилди силерге айттым. Анан,
сактанып, жанды курулай арачалай бериш жаман!

## КИТЕПКӨЙ

Бирөө кирип келип, сөзгө алды досун:
«Сен китепти көп окучу болдуңбу досум?» —
Таңкалды бул суроону берип
Жыйылган кеп китепти көрүп.
Жапжаңы томдордун жыйнагы,

Деги мунун баарын кантип жыйнады?!
Гюго, Дюма, Майн-Рид, Маршак да жүрөт.
Жерден жыйылган. Тимеле тамдын шыбына тиет.
«Ой, эмне укпайсың, досум?
Деги мунуң жакшы жосун!
Укмуш китептерди таапсың анүстүнө!
Деги анан кантип жетесиң эң үстүнө?»
«Эң эле оңой жетемин,— дейт,— буган!
Китепти окубайм.
Чаң соргуч менен эле тазалап турам!»

* * *

Бул мага белгилүү: кереги жок сурап,
Айрым үйлөрдөгү томдор чаң эле жутуп турат.

## ЭКИ БАЛТА

Эки жапжаңы Балта бир тушта
Дарак кыркууга чыгышты (алар буга уста!)
Анын бирөө жашыл чытырманга туш болду.
Айда-а, оңду-солду ойноду!
Токой менен сүйлөшөр сөзү кыска:
Жүз жашаган эмен да жаш балаты да
Сулайт ушу тушта.
Түптүз жашыл карагай
Жаңы эле гүлдөгөн моюлга да карабай,
Сулап жатышты бири-бирине ыктай,
Биринчи Балтанын шилтегенинен чыкпай...
Экинчи Балта кез келди коңшу Токойго,
Анын өкүмү мындай болду Токойдо:
Жоготуу керек, тигинин эсебинен озуп,
Коңшусуна күн тийгизбей турганын тосуп.
Тамырынан чиригенин аеосуз жыгып
Түбүнөн турду кыйып.
Анткени Токой андайлардан тазалансын
Жашарып Токой тамырын жайсын!
Жалбырак шагы сая болсун
Үй-жайсыз чымчыктар консун.
Ошентип Токой күнгө канат сермеди
Ага күчтү — Балта бергени!..

## ИВАН ИВАНОВИЧ ООРУП КАЛДЫ...

Иван Иванович ооруп калдыбы,—
Эмне ичине жакпас тамак жеп алдыбы,
Же жел туруп калдыбы,—
Ошондой го, отурган ордунан араң эле турат.
Анан колун араң эле сунат.
Кеп сурасаң, эринип, ычкынат.
Же ачуулуу жулкунат:
«Бош эмесмин! Жок де мени! Жап эшикти!
Угабы кулагың сенин!» — деп кыйкырат.
Аялын чанган. Үй-бүлөсүн таштаган...
Анын жакын достору кеңеш бере баштаган:
Бирөө айтат: — ойночу спорт,
Экинчиси: — жакшы го курорт,
Үчүнчүсү: — тамакты мүнөздө, кеп диетте...
Ооруга тиги да, бу да жардам бербеди,
Иван Ивановичти эл өзү эмдеди:
Бир күнү аны кызматтан бошотту
Баарын колунан алды
Баягыда күнүнөн-түнүнө
Эшик алдында турчу машина да жок,
Жөө басып калды!
Ошентип, баары өзгөрдү
Иван Ивановичке эми эс келди:
Оо, баягы өзү таанybай койгондорго
Эми өзү салам берет шакылдап.
Алиги жанына жакын жолотпой
ачуу айкыргандарды
Эми өзү конокко чакырат жапылдап.
Эл менен жан дилинен аралашып
Дегеле ынак сүйлөшөт эми
Баса, баягы өзү чанган
үй-бүлөсү менен жарашып,
Кайтып келгенин...
Байкадыңарбы?!
Ушундай экен турмуштун сабак бергени!

## ЖООН МЕНЕН ИЧКЕ

«Мен жатайынчы нарга, сен аркамы сүр да,
Анан жыттуу жалбырак менен жакшылап парла. —

Ушинтип буюрду жоон киши
берки арыкка отурган нарда. —
Ошондо саал жеңилдеп калам,
Байка тууган, этимди күйгүзүп алба!»
Арык семиздин аркасын сүргүлөйт,
А семиз күшүлдөп сүйлөйт:
«Ии, дагы... дагы! Дагы катуурак сүр!..
Дагы сүрө түшсөң чыдайм! Муну сен бил!»
«Бүттү, дос! Тур! — деди арык,—
Эми сен сүр менин аркамы,
Мынабу жөкөнү самындап алып!»
Анда берки жоон моминтет шашпай:
«Жок, тууган менин мансабым улук,
Сенин аркаңды сүрбөймүн туруп.
Мындан кийин ошону бил
Өз аркаңды өзүң сүр!»

* * *

Чыга бериштеги кийинчү жерде
Эл кыраан-каткы күлдү:
Алиги арык кишинин мансабы-чени —
Тиги семиздикинен чоң экенин билди!

## УКМУШ ӨЖӨРЛҮК

Үй ээси аял, ашкананын терезесине,
Кумурасын коюп, каймагын салды.
Карап туруп анан,
Унутулуп, оозу ачык калды!
Дал ошо тушта баканын эки баласы
Идишке жармашып келишип,
Ичине балт этип түшүп калды.
Чалпылдап ары-бери туйлашты!
Чыга албай жан кыйнашты.
Идиштин жылма боорунан чапчылап,
Ан сайын алдан тайып жанчылат...
Анын бирөөнүн такыр айласы кетти
Баары бир мындан чыга албасына көзү жетти;
Анан идиштин түбүн карай чөктү.
А беркисинде бар белем өнөр,

Чокпостон чабак урду — бул экен өжөр.
Чалпылдата чабак ура берип,
каймактан май чалды,
Анан майды тээп тышка чыгып алды...

* * *

Билдиңер го баарыңар бу тамсилдин аржагын,
Аракетчил тынбаска бул тамсилди арнадым!

## БАРАА МЕНЕН БУРОО

Бир жолу килейген Бараа
Мактаныч кылды: «Мени кара!
Кандай гана чоңмун!
Тынбай жүром — дайым оңмун.
Мына мен тегеренсем — баарың тегеренесиң!
Баарың үчүн жалгыз иштеймин
Ал эми баарың мени гана ээрчип келесиң!»
анан бир күнү кырсык болду
Машинанын бир гана кичине буроөсу сынды.
Баягы Бараа адегенде жайлап калып
Анан илгери-кийин болуп барып,
Акырында жүрбөй тынды...

* * *

Жооп берсем бу тамсилде суроого:
Кептин баары кичинекей буроодо!

## ЭГИН МЕНЕН УЙГАК

Бир жолу аптаптан улам
Жайкалган эгин суусап каны катты.
Эгин эле эмес ага аралаш чыккан
уйгак да солуп жатты.
Кургап бараткан эгин асмандан жаан тиледи.
Ошондо асман тээ талаанын четин карай
Сур булутун шиледи.
Калкып бараткан сур булут
Эгиндин шыбыраган өтүнүчүн угуп өттү,
Анан шатырата жамгыр төктү.

Ар бир сабак жандана түштү
Эгин дагы, Уйгак да суу ичти..
Эгинге караганда Уйгак көбүрөк сорду күчтү.

* * *

Жаандуу булут этек жаят кенен
Андан Уйгак да суу иче келген.
Кандай гана көгөрүп гүлдөбөсүн ошо
Белгилүү го баарыга... анын аты — отоо!

## КОЙЧУ МЕНЕН БҮРГӨ

Короочу дөбөтүнөн айрылган тоодогу Койчунун
Каңырыгы түтөдү:
Кайдан табылат андай ит эми!
Ак кызмат өтөп, ажал менен арбашкан
Коркпос дөбөт эле
карышкыр менен кармашкан...
Өз жаныңды курмандыкка чалдың эле,
Короолуу коюмду
карышкырдан аман алып калдың эле.
Анан ошерде пайда болуп Бүргө
Унчукту Койчудан чыккан үнгө:
«Ал мен душманды чагаарын чагам,
А өзүм дайым аман калам!»
«Аа,— деди койчу,—
ага жетмек беле көзүң,
Эрдиктен алыссың сен өзүң.
Менин дөбөтүмдөй эрдик эткендерге
Дегеле жакындабайт мүнөзүң!
Өмүрүңчө шимип келесиң бирөөнүн даяр канын,
Анан кетмекпи алың, кыйналмакпы жаның».

* * *

Алиги айрым жаштар, асмандан түшкөндөй эми эле,
Эл-журтка кылдай кызматы жок дегеле.
Анан бирөөнүн бүтүргөн ишине
кол шилтеп салышат;
«Ошол эмне кылыптыр?! Болбогон иш!» —
деп калышат.

## ЧЫМЫН МЕНЕН ААРЫ

Жуундудан гүлгө конгон жалкоо Чымын,
Аарыга кезикти айтып сырын.
Аары болсо гүл ширесинен кымындайдан алып,
Турган эле талбас эмгегине маашырланып...
«Жүрү, учалы! — деди,
Аарыга Чымын көзүн кысып,—
Үйгө баралы тезирек сызып,
Үйдө, дасторкондо,— деди ал,—
Калган баары! Варенье, бал.
Бүтүн эле бекер. Каалаганыңды жеп ал!»
«Жок, мен анте албайм!» — деди Аары,
«Анда төбөң менен жер каз!» —
деди да ызылдап Чымын,
Жайыл дасторкон көңдүм үйүнө барды,
Бирок, желимдүү кагазга шып илинип калды...

* * *

Кээ бир уул-кыз бар дээринен жалкоо келген,
Даяр оокат, бекерчиликке көнгөн.
Жалкоолук, жатып ичер турмуш,
Акыры аларды күнөөгө түртөт,
Тиги чымынча желим кагазга илинтет!

## ДАРБЫЗ

Дарбыз жерден нымды аябай тартты,
Башкалардан көбүрөк converted
жатмак — дарты.
Өсө берип ушунчалык дардайды,
Ага бу чөлкөмдөн дегеле
Эч ким тең келе албай калды.
Анан тууган-уруктарына минтип мактанды:
Салмагым баарыңан оор,
Анан да укмуштай таттуу келем!
Вах! Дарбыз эмес бекен! —
деп тамшанат, мени жеген!»
Ушинтип мактана берди балегинен үзгүчөктү.
Анан бычак тийип жарылды эле,

Даамы таттуу эмес экен анча деле.
Чоңдугунан эмне пайда? Өзү да калың экен!
Баарынан өңүн көрсөң,
Же ак эмес, же кызыл эмес экен.
Мына көргүлөчү жеп,
Даамы тимеле чөп...

* * *

Тамсилдин мааниси бу:
Тигине, өзү да, сөзү да чаар дарбыз турабы,
Мурдун көтөрүп, курсагын дардайтат,
Дегеле кой анын дымагы...
Тамырын тартып байкасаң эси —
Тиги Дарбыздын эле өзү!

## БЕЙКУТ БУЛУҢ

Учуп баратты жапан өрдөктөр
Түштүккө бет алып.
Алыс жолдо канаттар талып,
Үч күн учкан соң алардын бири
Тобунан өксүп, конду айылдан ары барып.
Анын жанына бакма өрдөктөр сүзүп келди.
учурашып анан кеңешин берди:
«Эми, сен кала бер биз менен,
Жүрө бересиң, биз турган короо кенен!
Көрүп турасың го,
сага окшоп учкан деле жокпуз,
Бирок, жаныбыз тынч, токпуз:
Жазы, күзү мергендер келсе да
Бу биз турган булуң бейкут,
Ок үнүн укканыбыз менен бу булуң — кут».
«Бир аз эс алайынчы,— деди жапан өрдөк,—
Канатым сеп алсынчы тынымга.
Бирок да биз келгин куштарбыз, демек
Биротоло калалбаймын бу силердин булуңга!»
Анан күн өттү... Апта өттү...
Ай аттап, жылга айланды...
А баягы жапан өрдөк учуп кетпей калды:
Бакма өрдөктөрдүн арасына үйүр алды.

Алыстагы көлүнүн, токоюнун кереги эмне?!
Жемди каалашынча жеп байыр алды.
Ошентип, кем-карчы жок турса да ичи түтпөйт,
Кээде асманды гана кусалуу тиктейт...

* * *

Бир күнү кезиктим калемдеш жакыныма,
Ал айтты ачык-айрым сырын:
«Талаш-тартыштан алысмын — тынч жаным!
Сен деле ушу менчилесең боло,
таштап баарын!»

## АРАМ ТАМАК

«Тоо чокусу» деген ашкананын алдында,
Курорттогулар шишкебек жеп,
шарап ичкен жайында,
Бир дөбөт жүрөт кечке темселеп.
Куйругун булгалап, көрүнгөнгө эркелеп.
Ичпегенге тийбейт,
Мастарга да үрбөйт,
Тиги чакырса барат,
Бу чакырса карайт.
Акыры бу жерден кетпей
кайтарууга жарайт,
Үн салгандын баарына барат,
Ким кандай чакырса,
баарына эркелеп калат.
«Ме, кел!» десе болду, ага чуркап жетет
Кишинин колунан көзү өтөт:
Бирөө сөөк салат,
Да бирөө бир кесим май берип калат.
Арытан бирөө ыргытат
Бир кесим быштак...
Ит башы менен нанды карабайт...
Андай иттер үй кайтарып күзөттө турат
Арам тамак издебей ак эмгек кылат.
А бул болсо бекер тамак табат
Куйругун шыйпаңдатып,
бирөөлөрдүн көзүн карап.

* * *

Арабызда жүргөн арам тамактар,
Муну окуса түшүнүп алышаар!

## МАКТООГО МАНЧЫРКАГАН БЫЧМАЧЫ

Эркектерге кийим тиккен
бир бычмачы болду,
Укмуш тигет деген атка конду.
Жасана кийинчүлөр ошого барчу
Ага дайым кезек күтүп калчу:
Буга кийим тиктириш оңой эмес,
Анан ноотуну мына ушул сонун тигип берет.
Күрмөбү, шымбы сонун жарашат.
Кишиге тимеле куюп койгонсуп калат.
Бу тикмечини кишилер колдон талашат.
Ай аланып, жылдар өттү,
Бул тынбай эмгек этти.
Тигилген кийим тынбай агып,
Ишмечи баратты байып...
Анан эле кокустан
Тигинин тиккен кийими өзгөрдү,
Кишини чочуткан.
Атактуу ишмечи тиккен кийимдер
Баягы эмес карасаңар!
Пальтолордун ийни тар
Орунсуз бүкмөлөрү бар.
Кийимдин ичи бырыш, оңдобогон
Жеңи да туура орнобогон...
Шаарга сөз тарады:
Ал өзү бычпайт да тикпейт экен, жанагы
Үйрөнчүгүнө тапшырып
Коет экен шаштырып!
Ал өз ишин өзү таныптыр,
Бекерликтен ичип калыптыр...
Ооба, ишмечи ичкиликке берип колду
Өнөрүнөн да, элден да айрылып койду...

* * *

Ырас, мында сөздүн келди кыябы:
Кээлерге тиет экен кол чабуунун зыяны!

## БИРӨӨНҮН КЫРСЫГЫ

Таң алдындагы ызы-чуу
Степандын кулагына шак тийди.
Ал ойгоно калды, анан уйку-соонун арасында
Коңшусунун короосуна
карышкыр түшкөнүн билди.
Ооба, коңшусунун короосуна карышкыр барды,
Демек анын малын жарды.
«Сени үйдө жок го дегем, Петрович! —
Ушинтип коңшусу таң атпай таарынды. —
Мылтык алып чыга калсаң эмне?!
Торпогуму жарып кетпедиби
түн ортосу ченде!»
Анда Степан оозун ачып эстейт:
«Өгү-ш! Өлгөндөй уктаптырмын!
Дегеле эчтеке укпаптырмын...»

* * *

Коңшусунун кырсыгын
Укпай, көрбөй калган бар,
Кокус өз башына келгенде
Кандай кылат андайлар?!

## ЧОҢ СӨӨК

Ач көз Карга тумшугун ачып,
Бөрүбасар сөөктү кантип
кемирип жегенин көрдү.
Анан так ошо Бөрүбасарча
Сөөктү кемирип жегиси келди.
Карга көктөн төмөн шукшурулуп учуп келди.
Анын минткенине Бөрүбасар
таңкалып карай берди.

Карга тыяк-быякка карабай,
Чоң сөөктү канатынын астына кысмак
Кысмак да зуулдап учмак!
Аа, арсыз карга
Карабаган алга,
Канатына кыскан сөөктү көтөрө албады,
Бирок бекем тырышып кармады...
Сөөктү көтөрүп учушка
Карганын күчү жетпеди.
Бирок таштап да кетпеди.
Мындай болоору келбеген ойго.
Айтор Карганын өзү тирүү калганы да олжо.
Ошо тапта канатына сөөк каткан
Каргага жетип барып,
Бөрүбасар аны араң кое берди
Карганын канатынын жармын жулуп калып...

* * *

Адам адегенде алын билсин
Анан ишке кирсин.

## ЖОЛУ БОЛО КАЛГАНДА

Жолдогуларды басып өтүп,
Жеңил машине баратты безип.
Тизгиндеги киши көкөлөп
Жолдо жөө бараткандарга баягы
Дегеле дөгүрсүп карады.
Бирок жолдо кырсык болду,
Машине тык токтоп койду!
Баягы тизгин алып башкарган
эми билип шартты,
Жолдогу жөөлөргө көз артты.
А түгүл өгүз менен калкамандап жылгандарга
Көңүл бурду
Аларды да тамшана карап турду.

Ал мотордун үстүндөгү
Капотту шарт ачты.
Ачаарын го ачты,
Бирок кай жерден бузулганын билбей жатты.

* * *

Билимсиздер жол талашып,
Алды жакка жулунат.
Бирок анын калпыс жолу
Жарга барып урунат.

## РОМАШКА МЕНЕН РОЗА

«Кечириңиз, мен сизге айтаарым,—
Ушинтти жупуну Ромашка гүлү,
Тиги Роза гүлүнө көз жоосун алган. —
Карасам, сиздин сабагыңыздын түрү
Майда көк куртка толуп кетиптир да жайнаган.
Байкаңызчы,
сизге зыян болуп жүрбөсүн зили түбү!»
Анда Роза теңсинбей:
«Эмне деп турасың, сен желпилдей,
Өзүң талаага өскөн майда бирдемесиң
Анан бу бакчанын коркү — биздин сырды
кайдан билесиң?
Мындан ары кийлигишпе
Өзүңө тиешеси жок ишке!»
Ушинтип, жанды теңсинбей
боюн көтөргөн сулуу
Ошол эле жайда солуду ичкендей уу.
Ал мурда гүлдөп бүткөндон эмес
Достук кеңешти албаган элес...

* * *

Кишиге боюн көтөрсө ким,
Бул тамсил ага жакпасын бил...

## АСКА МЕНЕН ЗООКА

Экскурсия.
(Санат жок да арашан сууларында)
Ичке жол алып кирди аска-зоо капчыгайга,
Жолоочулар эс алмакчы мына ушул укмуш жайда.

Шаркыраган суу үстүнө
салаңдаган аска мына.
Курган аска!
Башынан-аягына бош жер калбай
Саймаланган тура:
«Бул жерде А менен Б.»,
«Жорж аттуу каракчы конду».
«Катын-баласы менен Акматов да болду».
Карагылачы, ташта чоло жери жок — жазылган
Мунун баары жаман!
Бирок мына биздин арабыздан да
табылды андай адам:
Ал да өз атын аскага жазды,
Жармашып жазып жатып кулап да кете жаздады!
Асканын көлөкөсүнө тыныккан кишилер кетти.
Суу үстүнө салаңдаган Аска калды.
Анан ушул Асканын түшүнө кирди бийик Зоока,
Тээ, таптаза мөңгү астында уктаган,
Кыл чокусуна альпинисттен өзгө чыкпаган...

## ЛӨК ЖАНА СӨЗ

Бу чөлкөмдө бар эле бир Лөк
Сүйлөө жагынан атагы чыгып, болгон кеп,
Беш эле минутта бүтчү зарыл сөздөн
Беш саат доклад жасап эзген.
Анын доклады толтура
Ар кимден мисал келтирген сөздөн...
Сүйлөп аткан күндөрүнүн биринде
Чубалган узак сөзүн да
аяктап калган эле тигинде,
Аны менен бүтпөй, арылап кетип,
Узартууга сөз,
Тарыхтан мисал келтирмек биздин Лөк,
Карап туруп оозунан качты кеп.
Айласы кетти, кандай кылбасын аракет
Такыр эле тили келбеди го балакет.
Ууртаса да чөйчөктөгү суудан
Тегеле тили бурулбай турган:
«...Тутанхамон деген — бул фараон...»
Ушул кыйын кеп,

Мунун бир эле муунун араң кайырды эптеп.
Калган муундары муну азапка салды.
Фараон ошентип белгисиз калды!
Мында Лөктүн күнөөсү эмес, күнөкөр — аппарат.
Ага ушул докладды жазып бергенге
айтса болот акаарат!

* * *

Өзүнүкүн эмес, өзгөлөрдүн эмгегин, оюн
Пайдалангандарга айтар кеп,
«Доклад жасоо» эле керек болсо
Деги аны муунга бөлүп, жаттап алуу эп!

## БИР УУЧ БУРОО

Гаврила цехтен бир ууч буроо алып чыкты,
Аны курунун астына тыкшырды.
Муну ал бир нерсеге алмак бурап,
Буроонун баасы — эки эле тыйын турат.
Адеп, ал оозгу тосмодон кармалбай өттү
Анын буроо уурдаганы уланып кетти.
Бирок бир күнү колго түштү ууру
Кармап, соттомок болду муну.
Майда жулик ууру деп табылды,
Кечирим жок жазага кабылды.
А жолдоштору кайдигер кол шилтеп,
Кобурашты мындай айыңды:
«Анын алганы буроо экен бир ууч эле
Ал эмне, бир станокту чыгарып алды беле?!
Же ошол бир ууч буроодон
завод түгөнүп калмак беле!»

* * *

Айтар элем ошол ууруга:
Мыйзам аны туура жазалап, туура күрөшөт.
Бир уучтан дайым ала берсе
Ал завод эмес тоону да түгөтөт!

## АКЫН МЕНЕН ПЕГАС[1]

Жымжырттык, түн жарым маалда,
Бир акын Пегасты калды чакырып.
Уккан соң келди Парнастан[2]
Жал-куйругун жапырып.
«Тыңшачы, кагылайын канаттуу атым!
Сен мага кыйла жылдан кызмат кылып келатасың,
Бирок да майнапсыз болду кызматың:
Эмне жазсам да тил укканым уккан,
Бир да ырым ырдалбайт, жомогум да окулбайт.
Бул эмне? Сырын айт?»
«Тыңшачы,— деди анда канаттуу Пегас ат. —
Бу мени оболоп учуу азгырат!
Шыкты канат кылып атырылышты
Жан-дилим менин жактырат!
Мен акындан Пушкинди билчү элем
Мына, атка жүрөт деп ошону айт!
Анын зымырап баратканын эстесем,
Мына, азыр да жаны-деним калтырайт!
А сен эмне,
ыр сабын эрикkende эле эрмектеп жүрөсүң,
Анын үстүнө мени канча жылдан бери,
Тетири карап минесиң.
Таскактасам коркчу элең!
Кеттик анда!
Күн чыгып калды, мен белен».

* * *

Жакында мен окудум эки калың дептер —
Акында эч өзгөрүш жок, баягы эле кептер!

## ЧОЧКО

Бир Торопой чет өлкөнү көрдү —
Жер жүзүн кыдырып келди.

---

[1] Пегас — Байыркы жомоктордогу канаттуу ат.

[2] Парнас — Грециядагы тоо. Байыркы гректердин ишеними боюнча бул Парнаста ырдын ээси — Муза жашаган. Акындардын поэзиясынын дүйнөсү деген символикалык мааниге ээ.

Ал чоңоюп, эр жетти, не бир борборлордо болуп,
Айланып жерди,
Бирок баягы өзү үйүнө...
Чочко эле бойдон келе берди
Анан өз үйүн кандай карады,
Деги ага жагабы?
Жок — өз үйү өз көңүлүнө толбойт,
Дегеле баары оюндагыдай болбойт.
Коркулдайт, башка өлкөнү мактап,
Ошо четтегинин баарын жактап...
Көрдүңбү кесирдүүнүн пейилин,
Муну тамсилдеп жазганыма кейидим.

## БАЛЫКТАР БАТ ЫНАНГАН

Таңдын куланөөгүндө
Өзөндүн көбоол-бейкут жээгинде,
Чогулуп калың чабак тукуму
Кеңеш курушту.
Көргөн кордугуна
Кыжынып турушту:
«Кандай кылсак ушуну
Бу жырткыч Чортон
Тынбай жорткон,
Жетмек болду түпкө!
Өзүндө бул турганда жакшылык күтпө!
Муну чогулуп туруп
Муунтуп эле өлтүрөлү, башка сөз жок!»
Ушинтип кайраттуу эле чабактар курган топ.
Карт Чортон канчалык күчтүүлүк кылбасын
Тиги чабактардын кеңеши болду сот.
Ана, жырткыч Чортон
Чабактарды кайсап жорткон,
Заматта кансыз жатты суу үстүнө калкып.
Аны көргөн ак чабактар
Бирдигине, өздөрүнүн эрдигине,
жеңишине чалкып:
«Жырткычтан коркпойбуз эми! —
Мынакей, акылман Чабактын кеби:
— Дагы бирөө бар тээ нарыта
Так ошону жоготсок эми!»

Ошо тапта терең көбөөлдөн
Аны уккан чардайган Жаян,
Чабактарга кеңеш берди анан:
«Эй, ак чабактар!
Силердин да оюңар бар го өзүңөр билген,
Ошондо да мына азыр силер айтып турган —
Чортондун жазыгы эмне ыя, тээ алыста жүргөн.
Ал дегеле быякка сүзүп келбейт,
Силер жакты эчкачан көрбөйт!»
Чабактар бул айтканына ынанып Жаяндын
Кебин токтотушту жайын көрүп абалдын...
Көк жээкте өзөн агат чалкып,
Түркүн чабак, балыктар сүзүп жүрөт калкып.
Сазандар да ылайга жашынбайт,
Азуулуу жырткычтан коркпойт да басынбайт.
Бирок бул бейкут күн көпкө уланбай
Чайттай эле ачык күнү
он чабак жоголду жер жуткандай.
Анан ошо күндөн тартып,
Балыктар тымтыракайы чыгып тонолот.
Кээде жээкке ташталган уругу шыпырылып,
Кээде өздөрү үйрү менен жоголот.
Ошентип, балыктар кайра да күн көрбөй калды:
Оо, баягы алыстан сүзүп келген Чортон
Оп тартып, тынбай жорткон
Бейкүнөө балыктарды азапка салды.
Чортон өзү эле эмес ал,
Ээрчите келген эки жолдошу да бар!

* * *

Жырткыч Чортон карабады убалга
Курган чабактарга убал да!
Бирок да өзгөлөргө окуу болсун
«Чортон зыянсыз» деген
Жаяндын сөзүн укпай койсун.

## ЖӨРГӨМҮШ МЕНЕН ШЫПЫРГЫ

Бир Жөргөмүш чатак оюн чүргөдү
Камынып калды үй ичине

Толтура тоюн түйгөнү!
Ооба, үй ичине толтура
Жөргөмүш тору толсун,
Кыбыраган жанды-жаныбар
Торго кептелбей өтө албас болсун!
Күндөр өтүп, кыянат тор түйүлүп,
Тиги терезеге учуп келген жандуу
Андан аман өтө албас болду күйүнүп!
Бирок...
Бу жарык дүйнөдө баары өзгөрүп,
Бөлмөгө бир күнү шыпыргы келип!
Бурчтан бурчка калтырбай шыпырды
Жер таманынан там төбөсүнө чейин
Баягы Жөргөмүш торун тытып учурду
А тордун ээсин өлтүрүп тынды...

Канча тытылса да
кыянаттык калбайт экен жатып,
Баягыдан башка бир Жөргөмүш
Торун түйүп жатты шашып.
Күн-түндөп түйө берди
Тегеле тынбай жаны,
Мейли, түйө берсин,
Кайра эле шыпыргы
Тазалайт аны!

## КУУ ЧЫЧКАН

Көк Чычкан бир күнү,
Уйкулуу көзү мүргүдү,
Анан эле пиво толо челекке,
Түшүп кетти чулп эте.
Адеп ал чөгүп баратты,
Алдас уруп жанталашты:
«Айланайын! Кармай калгыла!
Өлмөк болдум мен кандай алда!
Ыя! Ушинтип... өлмөк... экем ээ?!
Бу... көрө... мыш... мышыктын эле...
Тырмагында.... өлсөм эмне!..
Анда... анда эле...
Менин таа... таалайым эле!»

«Ээй!— деди, терезеде отурган мышык,—
Бул айтканың чын кеппи?
Деги ушу сөзүң бекпи?
Мен сени чөктүрбөй эле алып калам,
А бирок да анан...
Бирок, мындай дейм да:
Дароо сени жейм да!»

Анда Чычкан:
«ой, ой!.. Айланайын!
Чөгүп.... чөгүп баратам тереңге!
Кармап, кармап калсаң ой!..
Тырмак... ой, бол... тырмагың беленде!..
Дегеле... Дегеле... мен...
Мында чөгүп кетпей...
Тыштан... тыштан эле...
Өлгөнүм жакшы эле... кандай гана дегенде!..»

Мас Чычкан өлчү пивого чөгүп
Тышка чыкты жарыкты көрүп.
(Бирок... али мышыктын тырмагында тура)
Кургур! Куйругуна чейин калтырады
Корккон унан жаны чыга.
Чыланган денинен
Титиреген деминен,
Мына эми пивону силкип,
Ачкыл жытты мышыктын мурдуна бүркүп,
Дароо тырмагынан чыга түштү анын
Алакчылап жанын...
Ошондо мышык өзүнчө жаланып,
Чычканга минтти асты-үстү каранып:
«Ээй, эртедир-кечтир мен сени жеймин да,
Эми мени алдап
чыга качканың кандай деймин да?!
Мунуң дегеле болбогон амал,
Азыр айтканыңды азыр унутуп,
Антты бузганың жаман!
Чөктүрбөй кармап эле жеп ал дедиң эле?
Ыя, же ушул жалган беле?!
«Аай,— дейт, анда Чычкан,—
Ал сөзүмөн кайтыпмын.
Аны тимеле, мастыгыман айтыпмын!»

## ТҮГӨЙ ТАНДАГЫЧ МЫШЫК

Аяр Мышык бар эле
Аша сынчы жан эле.
Көөнүнө күйөө толтурбай,
Жүрө берди дагы эле:
Муруту узун — тигинин,
Чачы жок,— дейт, биринин.—
Арык,— десе бирөөнү
Карап туруп жактырбайт
Жөнсүз коюп күнөөнү:
— Чычкан кармап жей албайт,—
Деп бирөөнөн түңүлдү.
— Арчычкандан коркот,— деп,
Аркыга мурун чүйүрдү.
— Көп мышыктын бири да,
Күнүн көрүп жүрү да!
Дайыны жок неме экен
Кеч киргенде үн катат.
Караанын күтүп мышыктын
Чатырларда түн катат.
Анын өзүн аңдадым
Эркек сөрөй ичи тар.
Эң бир жаман иши бар.
Дайым турар түрү бар
Кызганычтуу желкелеп.
Ага тийген ургаачы
Карып кетер эртелеп!
Жакшы дешет беркини
Жалкоолук дейт кемтиги.
Түгөй жакпас бул Мышык
Бой жашоодон танбады.
Кокусунан бир күнү...
Туулуп калды балдары!
Туулса Мышык балдары
Эркек мышык ар үйдөн,
Куйрук кыпчып түйүлгөн,
Сактаныша калганы.
Деги, кимиси экен алганы?..

## КОРКПОС КОҢУЗ

Таң сүргөндө Коңуз жолго чыкты
Бийикке жетмек.
Не бир салаңдаган касабадан өтмөк.
Өрүгө тырмышып чыга берди,
Түрү суук коркунуч көз алдына келди.
Оңойбу, коркпой анан,
Чокуга чыгуунун сүрү жаман!
Кылт этсе кетет да күм-жам болот,
Андыктан, аяр жылып, аягын аяр коет.
Жыла берди... жылды... Кыйын жолдон өттү.
Акыры мына, максатына жетти!
Ата — а, ушу тапта
Бирөө көрсө боло мунун ушул кезин!
Үйүлгөн кыктын үстүнө чыгып,
Менменсип турган берегиКоркпос Коңуздун өзүн!

## КАРГА МЕНЕН КАЗ

Канаттуулар короосуна
Карга даяр болду.
Анан ал дубалдын кырына конду.
Конду да «ка—арк!» этти,
Кулакка суук кептерди төктү:
Уккула Каздар:
Көзүңөр жумулат!
Канат-куйрук, жүнүңөр жулунат!
Уккула Короздор:
Ушу силерди да өлүм күтүп турат!
Мойнуңар жулунат!
Бүт баарыңы союп жешкени жатат.
Бир гана тууган Тоок балапан басат.
Бирок ал деле кутулбайт,
Кырсыкка урунат,
Балапандары бүт кырылат!»
Каркылдаганын уккан Каз
Кеп кайтарды:
«Жаагыңды бас!
Эмне антип жарабасты тантырайсың!

Оозуңа келгенди сандырайсың!
Куру ушагың менен кимди алдайсың?!
куштар короосун бүт коркута албайсың!
Сенин бул жарабас ушагыңан
Көп эле болсо тигиндеги
Эки-үч тоок, каз коркор сереңдеп,
Ушакты түюнбаган тереңдеп.
Каркылдабай нары кет!
Ушу сендейлердики
Бу биз ишенбес кеп!
Анда Карга:
«Кааласам, каркылдайм демеп,
Анда сенин кандай ишиң бар демек?!»
Анда Каз:
«Ой, дегеле токтобо каркылдагың келсе,
Ошонуң өзүңө дем берсе.
Бирок бул жерге эмес
Тээ, океандан нары бар,
Сенин ушагыңды алар кымбатка сатып алар!»

* * *

Ушунда бир чет өлконүн гезитине
көңүл бөлдүм:
Андагы ушактан так ушул Карганы көрдүм.

## КЫЙКЫМЧЫЛ КОЙ

«Жаагыңды жанып эле турат экенсиң
Деги биртике басылар бекенсиң!—
Ушинтти Короз баштап кеп
Шакылыктаган Сагызганды жемелеп.—
Мен болсом кишилерди
Таңында ойготсом эмгекке,
а сен болсоң ар кайсы
ачык терезеден шыкаалайсың
Алардын ичин көрмөккө.
Деги анан уста экенсиң го чиркин,
Кишини кеп кылып шакылдай беришке,
Деле кандай пайда ушинте бериште!»
Мына ушинтип Сагызганды

Жүйөөлүү жемелеген Корозду көргөн Кой
Тигинде тынч эле турган атка асылса болобу
Мунун сынчысын дегеле кой!
«Сен эмне чак түштө атканада үргүлөйсүң
Анан кээде эле жөн жүрбөйсүң!
Бирде — сокону, кайра — арабаны сүйрөйсүң!
Анан түк кыларга ишиң жоктой жаныңды сабап,
Үйүлгөн кыкты да ташычу болдуң го
Аны кылып адат!
Эмне ыя, антпесең өлөсүңбү?!
Же тиги кожоюнду кыкка көмөсүңбү?!
Сенин көзүңө эле айтайын:
Адепсиз айбансың жеткен!
Ой-санааң жок уяттан кеткен!»

* * *

Окуп бир гезиттеги орунсуз сын баянды
Аяк-башына туюнбай калдым.
Анан ушул тамсилге салдым.


Жомоктор

## КӨПӨС МЕНЕН КЕДЕЙ ЖАНА КЕДЕЙДИН БЕШ ТЫЙЫНЫ ЖӨНҮНДӨ

*(Орус эл жомогу)*

Жаным чыксын калп айтсам!
Баштан аяк бул дастан,
Чын айтамын сен уксаң,
Мен атамдан муну уккам,
Атам чоң атамдан уккан.
Ал адам экен чукугандай сөз тапкан,
Бул жомокту ошол ойлоп тапкан...

Соода жагына уулун калтырып
Көпөс жарменкеден келатты,
Үй жагына ыр ырдай.
Мезгил эле аптап-жай.
Көпөстөн көл-шал тер акты.
Жетер замат дайрага
Үстү-башын чечти да
Анан ал кечүү да чалбай,
Терең-тайызын таназар албай
Жээктен түз эле сууга ыргыды.
Көрсө ал алагүү экен мына!
Тыяктан көбүрөөк жутуп алган тура.
Тиги жээкте бир кедей бараткан бойлоп,
Ачуу-таттууну, ар нерсени ойлоп:
Кеженей эле жетпей жүргөн
Кедей куурап өмүр сүргөн.
Кээлер күнүгө байып жатат
Акчаны күрөп табат.
а кээлер ач-жылаңач,
ити жок үрүп чыгаар

Турат жашап...
Аңгыча ушул кедей
Тиги суудан дабыш угуп калды карап,
Ана, сууга бирөө чөгүп барат!
Кедей сууга шарт секирип түштү дагы,
Көпөстү аман-эсен сактап калды.
А көпөс буга аябай кубанды да,
Кедейди бек кыса кучактады.
— Айланайын, ажалдан алып калганың!
Ал үчүн мен чиркөөгө барамын!
Жакшылыгыңа жакшы туюнам,
Сен үчүн кудайга жүз мертебе сыйынам!—
Анда кедей өзүнчө ойлонот:
«Бул кызматыма элүү тыйын алсам да аз,
Куру дегенде эми,
Беш эле тыйын берсе боло,
Бул көпөс мас!»
Ошентип көпөс ажалдан калды
Ары-бери кийине салды.
Култуңдап курчанып алды,
Анан кедейди кепке алды:
— Досум, сен мени өлүмдөн алып калдың,
Тереңге чөгүп бараткнымда жетип бардың!
Эми сен мага биртууган болуп калдың,
Жүрү меникине баргын!
Мунун урматына тоодой той берем.
Дан сатылчу дүкөндөрүмдү
Үч күнү катар бекитип келем.
А сени алтынга бөлөп, анан
Чылкый эле кымкап жабам!

Кедей муну угуп, желкесин кашыды:
— Охо — о! Карап туруп бактым ташыды!
Жүз жыл бөю жээкте жүрсөң да
Мындай тамаша кайда!..

Көпөстүн суга чөкпөй келгенине
Той түштү белем элге.
Дасторкондор кең жайылып:
Бүт дүкөн үч күн жабылып.
Меймандар ичип-жеп гүлдөшөт,
Кожоюндун аман калганынан сүйлөшөт:

— Ай-бай, көпөс!
Ушу го кудай сактады деген,
Ушу бүгүн өлүп атат элең?!
Подносто арак толгон чөйчөк турат,
Көпөс аны бу кедейге сунат:
— Мени сактап калганыңа, ура!—
А кедей лам дебей тартып ийет,
Чөйчөгү чылк күмүш тура!
Кожоюн сыйлап ичирип жатат
Бирок муну айтат:
— Бүгүн ич, тууган, тойло,
Бирок эртеңкини да ойло!
Мына, тойдун биринчи күнү өттү,
Меймандар бийлеп, ырдап кызыкка батты,
Анан баары таңында араң уктоого жатты.
Эртең менен той кайра уланды.
Бардыгы ырдап, бардыгы бийлеп кубанды.
Баягы кедейге бул жомок сыяктанды,
Бирок буга негедир орун тийбей калды!
Бул тойго ким себепчи экенин билбей,
Кедейди бирде-бири көзгө илбей.
Меймандар менен тең эле туруп
Тең болбой сөз-кепке,
Унутулуп калды четте.
Анан да туш-тараптан кыйкырып,
Аны жумшай башташты жулкунуп:
«Ой, кедей! Бери бас тура бербей!»
«Бол тез! Беркел!
Не турасың чөмүчкө суу сузуп келбей.»
«Ой, кедей, идиштерди ал!»
«Тамактын жаңысын сал!»
Арытан көпөс кыйкырат:
«Чурка кедей, тез кел!
Сорпо бер!»
Кембагалга не айтылса
Баарын дароо аткарат.
Өз ичинен кымың этип:
«Мени жакшы көргөндөн жумшайт!»
Ушинтип, өзүнчө шаттанат.
Өттү тойдун экинчи күнү,
Үчүнчү таң кылайды.
Кайра баштан толду мейман

Той үлпөтү уланды.
Бүт кызматты моюнга алып,
курган кедей күйүп-жанып.
Чүчпараны тегиз берип,
Таратты эми куурган балык.
Ким пиво ичет, пиво куят
ага дароо жетип барып.
берки сурап шаштырса
Браганы, шарапты,
Аркы сурап кыйкырат
Балдан тарткан аракты.
Күндүр-түндүр уйку бербей
Ушул курган кедейге.
Ырп этерге ал калбады
Акырында кедейде.
Жөн жумшабай түртүп ийет,
Муну кээси тилдешет,
Түрткүлөшүп четке карай
Кээси муштум шилтешет.
бал токочко көз артса да
Ачка калды жей албай.
Тынбай чуркап жумуш кылып,
өңдөн азды дем албай.
Уу-дуу бүтпөй курган кедей,
Убаралуу толгонду.
Сый ордуна угуп жеме,
Ызаланды, кордонду:
«Урдум мунун ушул сыйын!
Мында туруп нетейин.
Берсе болду бир аз тыйын,
Акымды алып кетейин.»

Бирок көпөс ал күнү да мас
Аны менен сүйлөшө албай калып,
Кедей жатып калды үйдөн орун тийбей
Сарайдагы саманга барып.
Үчүнчү түн сүрүлүп таң атканда
Кедей көпөскө барды,
Ал башы ооруп тура албай жатканда.
Көпостүн кыртышы эчтеке сүйбөй,
Башы жарылып ооруйт, кечекидей күлбөй.
Кедейге ороңдоду ачуусу менен:

— Ким бул? Кимсиң сен?!—
Анда кедей:— Мен эле,
Коштошоюн деп келдим эле...
«Алтынга бөлөп, чылк кымкап кийгизем»
дедиң эле?
Анда көпөс:
— Ии, тапкан экенсиң кедей!
Менден алгың бар экен го, ракмат дебей!
Деги сенин башың башпы?
Үч күн, үч түнү меникинде
Ичип-жегениң азбы?!
Сен билсең, эки жүз сомдук ичип-жедиң,
Жаман чарыгың менен тепседиң
Төрүмдү менин!
Эгер эсептешсем, билип алгын,
Сен мага карыз болуп калдың!
Муну угуп кедей чөнтөгүнө кол салды
Андан беш тыйын алды:
— Мына, мен оңой кутуламын карыздан;
Бештин экөө — төшөнүп жаткан саманыма,
Үчөө — ичкен тамагыма.
Алгын, кедейдин беш тыйынын ал!
Байып жатып кал!
Мындан мен кедей болбоймм,
Бирок сенин ичиң оорубашын ойлойм.
Мына, чөнтөгүмдө эчтеке жок — как,
Бирок жан-дүйнөм ак!
Кедей айтып бул кепти
Көпөстүкүнөн чыгып, өз жолу менен кетти.

* * *

А көпөсчү? Э, койчу ошо көпөстү!..
Жомокту бүтөлү, кыскартып сөздү.

## САРАҢ ВАРТАН

*(Армян эл жомогу)*

Баш кийим тикчү кошунага
Сараң Вартан алып келди бир козунун териси

Анан айтты:— Мага керек ушундан
Бир тумак тигип беришиң?
— Макул,— деди карап көрүп терини,
Мында сараң аны карап турабы,
Жүйүртө басып сурады:
— Эки тумак чыгабы?—

— Мейли тигем экини!—
— а үчөөчү?
— Үчтү болсо үчтү деле тигейин!
— Ии, балким... төрттү тигерсиң?
— Төрттү болсо төрттү деле тигейин.
— А бештичи?
— Бешти деле сага тигип берейин.
— Ой!— деп Вартан кубанды,—
— Балким, тигип жүрбө алтыны?
— Мейли,— деди ишмечи,—
— Керек болсо тигем андан аркыны!
Анда Вартан:— Алты түгүл, чыгат жети.
— Макул,— деди ишмечи баш ийкеди.
Келди Вартан күн өткөрүп,
Тумактарын алууга.
Бирок кызык болду алууда:
Ишмечи жайма-жай көргөзүп бу сапар,
Жети тумакты столго койду катар.
— Кокуй!— деп чочуп кетти Вартан,—
Мындай тик дедим эле качан!!!
Мен айтканды уккан элең
Деги ушуларды бычып атканда соо белең?!
Ушундай тиккениңе күйөм!
Деги буларды эми каягыма кием?
Мунуң мага жакпайт,
Булардын бири да башыма батпайт!
Анда ишмечи:— Ой, эстечи өз сөзүңү,
Жаса дегенсиң жетини.
Анан менин жасаганым чекиби, чунак!
Бир козунун териси кайдан чыксын жети тумак!

## ӨНӨРЛҮҮ ӨЛБӨЙТ

*(Чыгыш эл жомогу)*

Бир князь бар экен
Ашып-ташкан бай экен.
сансыз дүйнө түрлөгөн,
Көз көрүп түшкө кирбеген
Казнасында бар экен.
Кол өнөрү укмуштай
Ал узана салчу экен.
Туулга менен зоотту
Өзү жасап алчу экен.
Өлкөлөргө четтеги
Үстөмдүгү болчу экен.
Багынбаса кокустан
Басып алып койчу экен.
Князрардан өзгөчө
Ал князь жүрчү экен.
Усталыктын жашырын
Сырын өзү билчү экен.
Жандан мурда, таңында
Ал ардайым турчу экен.
Устакана жагына
Адеп көңүл бурчу экен.
Чыңап, өгөп, ширетип
Ал ардайым турчу экен.
Князга дайыма
Кыжылдачу зайыбы:
— Шылдың кылат эл мени:
«Сенби, Шаанын айымы?!»
Кереги эмне бу сага
Санжыргалуу ак сарай!
Герби, туусу колуңда
Түп атаңдан бери карай.
Бирок, Шаалык белгиң жок
Кармалайсың темирди.
Узанасың ардайым
Сен кембагал темирчи!
Анда, кожоюну аялга
Жооп кылып жылмайды:
— Иш маанисин сен өзүң

Билбегениң турбайбы.
Узанбай калган күнүмдү —
Күн дебеймин мындайды!
Кол өнөрсүз турмушум
Турмуш эмес турбайбы!
Күндөрдүн бир күнүндө
Кароол уктап калыптыр.
Чабарманды, сакчыны,
Жоо өлтүрүп салыптыр.
Караңгы түн. Жоо колу,
Санжыргалуу сарайга
Жапырт кирип барыптыр.
Капысынан кирген жоо
Катуу кыргын салыптыр.
Өлгөндөрдү таштапшып
Тирүүлөрдү туткундап,
Алып кетип калыптыр.
Ошо тапта князь
Жоого кетпей тутулуп,
Найза, кылыч, жаа тийбей,
Калган экен кутулуп.
Аны тоноп кетиптир
Душман деген кыянат.
Араң жаны калыптыр,
Жылаңаяк, жылаңач...
Кайткан экен аялы
Саякаттан алыскы,
Көрө коюп күйөөсүн
Эстен танып калыптыр:
Князь эми кайырчы,
Эчтеке жок колунда!
Өрттөлүптүр ак сарай
Күлү калып ордунда!
Көзүн жаштайт айымы:
— Эмне болду караңгын!
Башыбызга түштүбү
Бул азаптуу карантүн!—
Камырабай князь
Жооп берди айымга:
— Акыр башка бир түшмөк
Кырсыкка мен кайыл да!
Капа болбойм мен ага

Кайгырасың сен ага!
Мен эми зоот, калкан жасаймын.
Болот кылыч согомун.
Барскан кармап күнү-түн
Чыгаан уста боломун,
Бекер турбай сен дагы,
Күнүгө жол басасың.
Мен жасаган куралды
Алып барып сатасың!
Жакшы менен жаманга
Эми жетет акылың,
Билип иштин асылын.
Иш билбеген кишиге,
Ишен бакыт келбесин.
Кайда жүрсө билесиң
Өнөрлүүнүн өлбөсүн!

* * *

Ардактагын аркачан
Өзүң билген ишиңи.
Бу дүйнөдө дайыма
Өнөр баккан кишини!

## АЯЗ МЕНЕН ЫЗГААР

*(Литва эл жомогу)*

Илгери өткөн заманда
Аяз-Ата бар экен.
Небереси — Ызгаары
Жаш өспүрүм бала экен.
Чырак Ызгаар шаттанат:
Чамынат да мактанат:
«Күчтүү менин чоң атам,
    андан ашып мына мен
Күчкө толуп олтурам.
Чоң атаман туптуура
Жүз жаш кичүү болсом да
Бүт ааламды тоңдурам!»
Ызгаар бир күн кеч убак

Чана көрдү талаадан.
Чоң тон кийип күрсүйгөн
Мырза көрдү чанадан.
Өлгүчө ичип, көп тойгон
Мырза болсо мас экен.
Аны тартып келаткан
Таскактаган ат экен.
Ичтен кармап, каарыган
Ызгаар чыйрак бала да.
Мырза менен бир катар,
Шып отурду чанага!
Ай талаада, тоң жолдо
Чана алып жөнөдү.
Былк этпеген мырзанын
Бети-башы көгөрдү.
Колу-буту томукту
Чана учуп зыргыды.
Күрсүйгөн чоң мырзанын
Көздөн жашы ыргыды...
Өлөр алга келди да
Тула бою карышты.
Тон да мээлей тосо албай
Калтырады кайыкты!
Аяз-Ата жолугуп:
— Жөнү кандай, мунуңун?
Мурунуңду көтөрүп,
Дердеңдейсиң кулунум?!

Мына, чоң атанын алдында
Небере — Ызгаар шаттанып:
— Ана, тону калып, мырза жок
Чыккан элем атталып.
Тырмагына чейин мен
Тоңдурдум бул кишини.
Ашып түшөм өзүңөн
Байкадыңбы күчүмү?!
Жанын көзгө көргөзүп,
Тызылдата чагамын,
Жаалым келсе ааламды
Бүт тоңдуруп саламын!

Анда, Аяз-Ата бак этти:
— Болду, көрдүм ишиңи!

Кыйын болсоң тоңдурчу
Тетиги иштеп жаткан кишини.
— Кана? Кайда? Ким экен?—
Ызгаар шашып, шаттанды.
— Тигине, токой ичинде
Отун алып жатпайбы!—
Ызгаар бала ызылдап,
Токой жакка жулунду.
Отун чапкан балтанын
Шаңгыр үнү угулду.
Арыкчырай азамат
Бек курчанып алыптыр,
Карчылдатып отун чаап
Жаңы кызып калыптыр.
Аяз-Ата сурады:
— Тигине алың жетеби?
— Андайлардан он болсун!—
Ызгаар аны кезеди.
Чоң атага чорт айтып,
Ызгаар мойноп койду да,
Отун алган кишинин
Кирип барды койнуна.
Ичиркентет адамды
Ушул Ызгаар чунагың.
Чымчылады тигинин
Мурду менен кулагын!
Чымыр киши чарчабас
Күчтүү эле ченебей.
Карагайды кулатты
Балта менен кенебей.
Ызгаар алса күчүнө
Демин алат ичине.
Тер мончоктоп бетинен
Тыным алат кичине.
Тоготпойт түк суукту
Чымырлыгын билгиниң,
Терин арчып кобурайт:
— Ысык болду күн бүгүн!—
Бир-эки саат болдубу
Убак өттү арада.

Тиги азамат чым этпей
Отун салды чанага.
Курга балта кыстарып
Үйүн карай жөнөдү.
Ызгаар бала ызалуу
Кайра тартты береги.
Аяз-Ата жолугуп:
— Жайын кандай кулунум?
Оруну жок дердеңдеп
Көтөрүлөт мурунуң!
Жооп берди кандайча
Чоң атасы — Аязга,
Аны жаза берүүнүн
Кажети жок кагазга.
Айта берер жалгыз сөз:
Кайрат суукту сүргүлөйт,
Эркек балта алганда
Ызгаар карда үргүлөйт.

## КАЙРЫМДУУ КОЕН

*(Башкыр эл жомогу)*

Ата-энеси өздөрүнчө
Куруп мындай акылды,
Майрам күнү үйлөрүнө
Тууганадарын чакырды:
— Чоң энеңе, чоң атаңа айт,
Жүгүр, балам, ылдам бас.
Унутпагын жана дагы
Келсин ини-карындаш.
Куда менен күйөөгө айткын
Атайы барып дайындап.
Ала келсин балдарын
Жөнө балам, болгун бат!
Айтылгандын жармын укпай
Чала угуптур Эшболот.
Ошо бойдон тыз коюптур
Чакырыкка: — Эп болот!
Бала чуркап, энтелеңдеп,
Үйдөн-үйгө барыптыр.

Калтырбастан бир айылды
Бүт чакырып салыптыр.
Чоң ата, чоң эне келди
Мындан бала жаңылбас.
Күйөө менен куда келди,
Келди ини-карындаш.
Алар менен кошо келди
Кыйыр тууган Салабат.
Кутуй менен Жолдубай да
Кирип келди аралаш.
Сараң бай да Кадыркул бар,
Аманбек да Халима,
Келген конок кырка жетти
Киши калбай айылда!
Булар үйгө араң батты
Бири-бирине сыгылып.
Аз кишилик бешбармакты
Шам-шум этти сугунуп.
Дасторкондо таттуу калбай
Бал токочтор түгөндү.
Койдун бышкан кабыргасын
Коноктор жеп жиберди.
— Кандай кылам?!— деди энеси,—
Куру карап турамбы?
Даярдаган тамак бүттү,
Дасторконду жыямбы?!
Биз чакырсак туугандарды
Айыл бүтүн келиптир...
— Ал сөзүңдү уулуңа айткын!—
Деп атасы кейиптир...
Бул ишине тентек Болот
Өзү дагы бушайман.
Токой жакка качып кетип,
Ыйлап көзү кызарган.
Ал аңгыча камыш шуудур
Чыга калды Коенек.
Сүйлөп коет:— Ыйлабасаң,
Сен экөөбүз дос элек!
Сөзүн укпай Коендун
Ыйлай берди Эшболот.
Анын ойнок көзүнө
Жамгыр болуп жаш толот.

Коен кетпей буйдала:
— Койгун,— деди,— ыйлаба!
Булдургөнүң билемин
Бекер жаның кыйнаба.
Билесиңби,
Өткөн кыштын суугунда
Өлүп калар чагымда,
Куткаргансың ажалдан
Эстен чыкпайт аның да.
Жакшылыгын адамдын
Билген жакшы адамча.
Жакшылыкка — жакшылык
Жасап берем адамга.
Соорон досум ыйлабай
Бара койгун үйүңө
Баары келет жаныңа,
Сен турасың сүйүнө!—
Келди Эшболот токойдон
Күн кечтеген кезинде.
Отуруптур меймандар,
Дасторкондун четинде.
Урук-тууган, айыл-апа,
Тым-тым ойноп алыптыр,
Дасторкондун четинде,
Тамак күтүп калыптыр.
Чоң ата, чоң энекеси
Андан бала жаңылбас.
Күйөө менен куда отурат,
Келип ини-карындаш.
Алар менен кошо келген,
Кыйыр тууган Салабат.
Кутуй менен Жолдубай да
Отурушат аралаш
Унчукпай жаш-карысы
Тамак күтөт баарысы.

— Эми кандай кылдык?— деп
Чебеленет апасы.
— Абийрибиз кетти!— деп
Үшкүрүнөт атасы.
Таңыркады атасы
Тышты карап элейди.

Үйүн карай чубашып,
Келаткандар көбөйдү...
Айбандары токойдун
түп көтөрө барыптыр:
Күрөң аюу челектеп,
Бал көтөрүп алыптыр.
Койдун этин көтөргөн
Карышкырлар келатат.
Куштун этин көтөргөн,
Түлкүлөр да чубашат.
Чакалап сүт көтөргөн,
Айры мүйүз бугулар.
Коен, тыйын чычкандын,
Жер-жемиши чубурар.
Чычкандары талаанын,
Каптап эгин сүйрөшүп,
Бир-биринен калышпай
Келе жатат дүрбөшүп...
Үч күн, үч түн калың журт,
Ой-кырынан тойлоду.
Тоодой тойдун тамагын,
Түгөтө албай койгону.

* * *

Эл ичинде — бул тойдо
Мен да болуп койгомун.
Коенектин жанында
Бирге отуруп тойлодум!

## ООМА ЧАЛ

Бир абышка туруптур
Уй жетелеп базарда,
Анын уюн карабайт
Келген элдер базарга.
Бирөө сурайт аңгыча:
— Сатылабы бул уюң?
— Сатпай анан... сатылат,
Таң азандан турумун!
Берки киши сурады:

— Баасы канча мунуңун?
— Өзү тийсе болду эле
Төлөгөн өз пулумун!
Алчу киши: — Арык! — дейт, —
Мандеми бар уюңун.
Кубаттады чал аны:
— Курусун ушул мал болбой!
Оорусу бар уюмун.
Же айыкпайт, же өлбөйт,
Азап тартып курудум!
— Деги канча сүт чыгат
Бул көтөрүм малыңан?
— Такыр тамбайт сүт деген,
Ак болгондой байыган...
Кечке турду абышка
Уй жетелеп базарда.
Анын уюн карабайт,
Келген элдер базарга.
Ал аңгыча бир жигит
Чалга жетип, ашыкты:
— Берчи мага атаке?
Билбей койдуң сатышты!
Өтпөй жаткан уюнун
Мурунтугу балада.
Бала кардар чакырды
Чалды коюп арага.
Кардар келди кампайып:
— Сатасыңбы уюңу?
— Сатпай анан, сатамын!
Санай бергин пулуңу.
Кардар карап муну айтты:
— Арык тура тыртайып!
Анда бала муну айтты:
— Арыктыгын кеп урба,
Сүтүн сура кылчайып.
Тиги киши сурады:
— Деги сүт чыгабы саганга?
— «Сүт чыгабы?» — дейт тура!
Колуң талыйт сааганда!
Чака толот мелтилдеп,
Казан толот айранга!
Оома кары күрөңүн

Бүшүркөдү карады.
— Ушунчалык макталган
Өз уюмбу баягы?
Табаарым не өзүмүн,
Мындай малдан айрылып?—
Деди да уюн жетелеп,
Кете берди кайрылып.

## АЮУ КАНЖА ТАПКАНДА

КАТЫШУУЧУЛАР:

Токойчу.

ТОКОЙЧУНУН АЯЛЫ.

Аюу, Түлкү, Карышкыр, Тоңкулдак.

Токойчу тамеки тартканын биротоло коймок болду. Анан тамеки баштыгын, канжасын, оттугун чогуу бадалдын аржагына ыргытып ийди. Аны токойдон Аюу таап алды да балээнин баары мына ошондон башталды. Ал токойчуну туурап, канжага тамеки толтуруп соруп көрүп, анан ошо бойдон ага көнүп кетти. Күндөр өтүп, баштыктагы тамеки түгөнгөн соң, Аюу кургак жалбырак ушалап тартчу болду.

Аюу башта күндүн мурду тиери менен ойгонуп, шиберге аласалып, ойноп, анан чоң сууну карай чуркачу да, балык кармачу. Анан бүлдүркөн терчү. Карагайдын көңдөйлөрүн карап бал уулоочу. Азыр болсо көзүн ачаары менен кургак жалбырак ушалайт да, аны канжага шыкап, чырт эттирип оттук чагып, ууртуна канжа кыстарат. Түрмөктөлгөн ачуу түтүндөн өзү көрүнбөй калат да, күнү бою оозунан канжа түшпөйт.

Бирок мунун арты болбоду жакшы,
Аюу арып-азып, көкүрөгүн ыш басты.
Бир күнү Түлкү кезикти келатып токойдо,
Чочуп кетти, катуу шашты:

ТҮЛКҮ *(таңыркап)*
Капырай!.. Кимди көрдүм мен?!
Ой, бу... Аюусуңбу сен?!
Э, ботом! Сага эмне болгон?!
Демейки турпатың жоголгон?

Оорусуң го? Калыпсың азып,
Жыл маалы наар албагандай,
Тыртайыпсың этиң качып.

АЮУ *(жөткүрүп, онтолоп)*
Эмне болгонун өзүм да билбейм!
Алым кетет... басып да жүрбөйм.
Жүнүм сабалып түшүп жатат,
Сөөгүм сыздап уйку качат:
Оозума түк эчтеке албай —
Тамак жүрогүмө барбай!
Кеч кирсе болду...
Жөтөл жаткырбайт!
Жүрөгүм кысылып, муунум калчылдайт!

ТҮЛКҮ *(Жойпуланып)*
Деги анан эмне болгонсуң, тобо?
Тоңкулдакка барсаң боло!
Ал биздин куштардын тетиги,
Айтат, көрсө эле өзүңү!
Ышынбай бара сал,
Узатпай оорунун алдын ал!

АЮУ
Бир аптача аялдайын,
Бобой баратса... анан барайын!
Апта өттү. Ай өттү.
Аюу баягыдан да начарлап кетти.
Бир күнү коодон өтүп баратып,
Карышкырды көрүп калды,
Арык Аюуну көзү чалган Карышкыр да
Шоңшоюп отура калды.

КАРЫШКЫР *(таңыркап)*
Ой сен... Аюусуңбу?!
Кое турчу!
Капырай!.. Ишенбейт
Көрүп турган көз...
Жүнүң түшүп,
Этиң кыпкызыл эле гөш!
О, бу сага эмне болгон дейм!
Оорусуң бейм?

АЮУ *(күрсүнүп)*

Ооба, сыркоомун. Мына, кара...

КАРЫШКЫР

Айтчы, эмне болгон сага?

АЮУ *(жөтөлүп, онтолоп)*

Эмне болгонун өзүм да билбейм!..
Алым кетет, басып да жүрбөйм.
Жүнүм сабалып түшүп жатат.
Сөөгүм какшап, уйку качат:
Түк оозума эчтеке албай —
Тамак жүрөгүмө барбай...
Кеч кирсе болду...
Жөтөл жаткырбайт!
Жүрөгүм кысылып, муунум калчылдайт!

КАРЫШКЫР *(аягандай)*

Өлүп каласың, алдын албасаң,
Эгер сен Тоңкулдакка барбасаң!
Ал токойдогу куштардын тетиги
Айтат, көрсө эле өзүңү.
Ышынбай бара сал,
Узатпай оорунун алдын ал.

АЮУ

Айланайын... эртең эле барайын,
Эгер калаар болсо жаным!..

КАРЫШКЫР

Табасыңбы, үйүн анын?

АЮУ

Табам го... үйүндө болсо аның!

Аюу Тоңкулдакты токойдон издеп жүрүп араң тапты. Тоңкулдак карагайдын көңдөйүндөгү кышкы үйүндө экен. Аюу карагайдын түбүнө келди да башын кыйшайтып, жогору карады.

АЮУ *(муңайыңкы)*

Тоңкулдак, ээ Тоңкулдак...
эзелки досум!

Бери бир аз баш багып койчу...
соол болсун!

ТОҢКУЛДАК *(жайдарылана)*

О! Аюусуңбу, адам?!
Деги барсыңбы аман?

АЮУ *(онтолоп, жөтөлүп)*

Амандыгы курусун! Начармын!
Баштагыдан алда канча кашаңмын!
Эмне болгонун өзүм да билбейм!
Алым кетет... басып да жүрбөйм.
Жүнүм сабалып түшүп жатат.
Сөөгүм сыздап, уйкум качат:
Түк оозума эчтеке албай —
Тамак жүрөгүмө барбай!
Кеч кирсе болду...
Жөтөл жаткырбайт!
Жүрөгүм кысылып, муунум калчылдайт!

ТОҢКУЛДАК

Ии... анда сен тамеки тартасың.
Адатың бар го, кээде иче да коймой?

АЮУ

Ооба, тамекини тартчу элем,
Аны кайдан билдиң сен?

ТОҢКУЛДАК *(катаал унчукту)*

Ыш жыттанып киргениңде эле билдим!
Кана, отур, береги бутакка!
далыңы тос. Былк этпе узакка!
Ии де... Боюң бу!
Сенин далыңа жетип түкүлдөтүш оңойбу!
Түз тур!
Дем алба, мурдуңу тартпа!
Сен өзүң Аюу болсоң да
Оорусуң бу тапта!
Берчи, билегиңи кармайын?
Ии... Акыры билдим окшойт,
оорунун ал-жайын...

АЮУ *(калтырап коркуп)*

Оо... кагылайын Токо!
Өлбөймбү деги? Айтып койсоң ошо?...

ТОҢКУЛДАК *(катуу эскертип)*

Өпкөңү ыш каптап калыптыр,
Мунун баары эле тамекинин кесири!
Сен Аюу тирүү каламˇ десең
Тамекини ташта, сыйласаң өзүңү!

АЮУ *(калтыраган үнү менен)*

Канжамбы? Тамеки баштык? Оттук таш?
Кургак жалбыракка элем маш!
Кыйын го! Кыйын го баарын ташташ!

ТӨҢКУЛДАК *(кайра да катуу эскертип).*

Аюу, сен менин кеңешимди ук!
Жок, укпайт экенсиң —
Өз үңкүрүңдө жан бересиң куруп!
Аюу Тоңкулдакка ыракматын айтты,
Үйүнө кайтты.
Жай-баракат дүмүргө көчүгүн койду да
Каадасынча жалбырак ушалап жатты.
Анан канжага толтуруп тартаарында
Чочуп кетти,
Эстеди жанагы Тоңкулдак айткан кепти.
Түтөгөн канжасын оолак коого ыргытты,
Анан басып кетти.
Аюу бир-эки күнү тартпай чымырканды,
Үчүнчү күнү өзү издеп жүрүп,
Алиги канжасын коодон таап алды.
Кадимки кургак жалбырактан ушалап,
Канжага толтурду да,
оттугун чырт чагып,
Каадасынча буркуратып калды.
Ошол замат «ток-ток-ток» эткен үндү
Токойдон укту.
Канжасын кайра коого ыргытты.
Бу жолу Аюу үч күн тартпай чыдады.
Тоңкулдактын айтканын улады.
Төртүнчү күнү канжасын
кайра издеп тапты
Кайра тартып жатты.
Ал тарткан сайын да бир кеп;
Тоңкулдактан сактанчу болду санаа жеп:
«Кокус ал карап турбасын, көрөм деп...»

Айланага кулак түрөт —
Канжасын соргон сайын элеңдеп.
Ошентип, жай өттү, күз өттү,
Аюу канжасын оозунан түшүрбөй түтөттү.
Кырчылдаган кыш түштү.
Токойчу отунга келатты, ээрчитип итти.
Калың токойду аралай чуркаган короочу ит
Оңду-солду элтең тыңшап,анан жыттап алды —
Коен чуркап өткөн изди.
Анан арсылдап үрдү
Токой жаңыра түштү.
Токойчу ат тизгинин тартып,
Чанасынан түштү.
Ит үргөн тарапка жөнөдү
Кубалап изди.
Ит токойдун кичине ачыгында үрүп турат,
Ошол жерде омкорулган карагай жатат кулап.
Дал ошол омкорулган карагайдын түбүндө,
Кар дөмпөйүп — Аюунун үңкүрү турат!
Үңкүрдөн жүлүндөй түтүн чыгат...
Бу кандай мүшкүлү?!
Короочу үрүп эле тынбайт үңкүрдү карап,
Муну көрүп токойчу таңкалат:
Түтүн — тамекиники, үңкүр — Аюунуку
Анан ошол үңкүргө токойчу башбакты:
«Дегеле көрөйүнчү ушуну...»
Караса, алсыз калчылдаган Аюу турат,
Быкшыган түтүндөн көзү тунат.
Ана, ууртунда канжа,
Кыймылдар алы жок жанына барса.
Жүнү жыдып, кызыл эле гөш,
Жыгылчудай калчылдайт, тимеле нес.
Токойчу дароо  тааныды —
Өзүнүн баягы оттугу менен канжасын,
Аларды таанып колуна алды.
Аюуну чыгарып чанага салды.
Анан оттук, канжа, тамеки баштыкты
Алыс күрткүгө ыргытып салды.
Алсыз Аюуну чанасында жөлөдү,
Үйүн карай алып жонөдү.
Үйүнөн жүгүрүп чыккан аялы сурады
Чыдап турабы:

ТОКОЙЧУНУН АЯЛЫ *(таңкалып)*
Бу, токойдон алып келген эмне табылгаң?

ТОКОЙЧУ
Көрдүңбү! Бүгүн Аюу табылган!

ТОКОЙЧУНУН АЯЛЫ *(Аюуну карайт)*
Чын эле... Аюу экен, ээй!

ТОКОЙЧУ

Аюу эме — ей!
А түгүл тамеки тартат!

ТОКОЙЧУНУН АЯЛЫ *(чочуп кетет)*
Катыгүүн! Анан, албайсыңбы байкап?!

ТОКОЙЧУ *(жайынча)*
Чочуба! Сенин санааң басылат!
Эртең бул базарга сатылат!
Бергенде да циркке берем,
Кайра олжолуу келем!
Ошентип токойчу
Аюуну шаарга алып барды.
Циркке киргиле көңүл бөлүп,
Биздин циркте Аюу бар,
Көргүлө келип.

* * *

Күрөң Аюуну балдар жактырат.
Ойноп берсе көңүл шат кылат
Чуркайт да секирет, кыймылы бат,
Бапсайган Аюу укмуш акробат!
Эгерде анын жанынан
тарткан бирөөлөр өтсө
Кокус тамекинин жытын сезсе,
Кош аяктап тура калат аркырап,
Жаалы келип айкырат.
Анткени биздин Аюунун
Ачуусун келтирген ушу —
Тамекинин жыты!


Երկեր

## А СИЛЕРДЕЧИ?

Бул иш болду кечинде
Бекерчилик кезинде.

Бир топ балдар эсеби
Бирөө карап көчөнү,
Толя акырын ырдады,
Берки Борис тыңдады.
Отургучта ойдолоп
Коля бутун ыргады.

Галка дубал башында,
Мышык болсо секирип
Чыгып кетти чатырга.
Мындайча деп эми эле
Борис сүйлөйт жөн эле:
— Чөнтөгүмдө мыгым бар.
А силердечи?
— Биздикинде мейман бар.
А силердечи?
— Биздин мышык бүгүнчү,
Тууп койду сүйүнчү!
Тамак татпайт, түртүшө...
Көзүн ачты биртике.

— Газ бар ашканабызда.
А силердечи?
— Суу бар бурап агызса,
Сонун өзү!
— Биздин терезеденчи,
Кызыл Аянт көрүнөт.

А силердин айнектен
Араң көчө көрүнөт.

— Ойноп жүрүп көчөдө,
Кирип бардык бульварга.
Шар саттырып биз алдык,
Кызыл, жашыл биз анда.

— Биздикинде от өчтү —
Бир дечи.
Отун тартып келишти —
Эки дечи.
Төртүнчүдөн, учууга
Жөнөткөнү жатабыз,
Укмуш бекен уктуңбу?
Учкуч биздин апабыз!

Вова берки башынан,
Бак жөлөнгөн шатыдан:
— Апаң учкуч болсо эмне экен?!
Башка апалар кем бекен!

Апасычы, Колянын,
Айтам кулак түрсөңөр,
Милиционер — билсеңер.

Толя менен Веранын
Апалары — инженер.
А Леванын апасы —
Повар келсе билгиңер.
Учкуч болсо эмне экен?
Башка апалар кем бекен!

Анан берки Наташа:
— Менин апам кыйын!— дейт,
Вагон чиркеп башкарат,
Ишин көрчү мунун!— дейт.

Нина сүйлөйт:— Тыңшачы,
Жаман бекен бычмачы?
Турсы тигет балдарга,
Ал учкуч болбой калган да.

Самолетту башкарат —
Учкуч дагы жакшына.

Компот жасап алпарат
Повар андан татына!

Доктор бизди эмдесе,
Кызылчадан айыгып,
Мугалима окутса,
Көз ачылып, каныгып.

Ардак, сыймык анысы
Апалардын баарысы.

Бул иш болду кечинде,
Талаш калды четинде.

## ТАЙРАКЕ

Куш жаздыкта керилип
Катар үчтү жазданган,
Жибек жууркан жамынып,
Керебетте назданган.
Араң турган ордунан
Боюн жыйбай бөлбүрөп,
Төшөнчүсүн жыйнабай
Илкий баскан шөлбүрөп,
Бул ким өзү, ким өзү?
Кетип калган муундан,
Бети-колун акырын
Жылуу сууга жуунган.
Алдан тайган кары го
Дал жүз он төрт жаштагы?
Жо — ок, башкабы?
Бал токочтон сугунуп,
Таттуу бер деп чоектойт.
Алпечтеген алдында
ата-энесин тоготпойт!
Аны берсең — муну, дейт,
Муну берсең — аны, дейт.
Бул өзү, майып бала болбосун?

Жо, сопсоо эле, оңбосун!
Ким деги өзү?
Чүмбөттөлгөн бети да көзү?
Жумшак мээлей, жылуу чокой кийгизиптир,
Жылысын деп эти,
Каарылбасын бети,
Кокус тоңуп,
Сасык тумоо болуп,
Өлбөсүн өзү.
Күн жаркырап тийип турса,
Кар түшпөсө жарым жылча,
Барар беле түндүк музга?
Ак аюулар жүргөн тушка?
Жок, бара албайт, иши чала,
Бул кадимки — Витя бала.
Апасынын эркеси.
Атасынын эркеси.
Жата берет сайраңдап,
Керебетте тайраңдап.
Калың мамык, жибек жууркан
Бул баланын жатканы,
Мурдун чүйрүп, татып койбойт
Май токочтон башканы
Бал токочтон башканы.
Эмнеге антет?
Анан кантет,
Тайраке көз ачса
Дароо маңдайында болушат.
Суук тийдиби деп,
Чекесин баса коюшат.
Анан ата-энеси талаша
Градусту коюшат.
Жылуулашат, кийиндирет,
Дайым анын жанында
Оозунан жел чыга электе,
Дайым анын камында.
Кокус уктагысы келсе
Кечке жатат көшүлүп.
Көк асмандан булут көрсө
Калош калбайт чечилип.
Эмнеге антет?
Анан кантет,

Баарын коет, ата-энеси кечирип.
Жаңы үйдө баары жансыз
Эч нерсе колунан келбес тиги
Тайраке да жатат алсыз.
Эмгектин кереги жок
Баарынан камсыз.
Келечегине маани бербейт.
Учкуч болуу ойго келбейт.
Деңиздерде дене чыңап,
Суучулдукка дегдебейт.
Машинаны башкарсам деп
Өнөр ишин өрдөбөйт.
Үшүйт суукка чыдамы жок
Ата менен эненин.
Үлбүрөгөн эменин
Көлтугуна көрголоогон

## КҮЧҮГҮМ

Оңу болбой ишимин —
Ой, жогөлду күчүгүм.
Эки саат издедим,
Эки саат күткөнүм.
Отурбадым сабакка,
Көөнүм чаппай тамакка.

Ушул күнү эртелеп,
Күндогүдөн эртерек,
Диван асты жагынан
Ыргып күчүк чыкты эле,
Бөлмө ичинде удургуп,
Тынччылыкты бузду эле.
Секиргени,
Үргөнү,
Эл ойготуп жүргону.
Жууркaнды аңтарып,
Сыйра качкан каңтарып.
Ашканадан бал көрүп —
Төгүп алган көңтөрүп.
Атакемдин ырларын,
Айрып, айрып бураган.

Токтоно албай тепкичтен,
Төмөн карай кулаган.
Кулап барып желимге
Малып алган бутун да.
Бутун араң сууруп,
Жоголду го ушунда...
Мүмкүн аны туурдап,
Кетишкендир уурдап!
Жипти салып мойнуна
Байлап кетип калгандыр.
Күчүгүмө эмгиче
Жаңы ат коюп алгандыр.
Байкушума бу кезде
Үй кайтартып койдубу?
Же чытырман токойдун
Арасында болдубу?

Тикенектүү бадалдын
Арасында баратып,
Үйдү таппай байкушум
Отурдубу адашып?
Жаан алдында бөлбүрөп,
Суу болдуңбу шөлбүрөп?

Менин башым маң болуп,
Ойго эчтеке кирбеди.
— Келип калар күчүгүң,—
Деп апакем сүйлөдү.

Күйүп-бышып эки саат
Китеп албай чочунуп,
Же бир сүрөт тартпастан
Күтө бердим отуруп.

Ал аңгыча бир айбан
Тырмап ачып эшикти,
Босогодон секирди
Билген өңдүү тетикти...

Келгенин көр күчүнүн,
Көрсө менин күчүгүм!

Күчүгүмбү, башкабы?
кайра келет сурагым,
Тааный албай турамын?
Көзү такыр көрүнбөйт,
Шишип кеткен тумшугу.
Кыйшайыптыр моюну,
Аары каптап тулкуну!..

Куйругунда, жонунда,
Аары жүрөт жабылып.

— Эшикти жап!— деди апам,—
Бизче кирет жабылып!..

Боортоктоп күчүгүм
төшөнчүнү чулганат.
Ороп койгон куйругун
Араң-араң булгалап.

Чуркабаймын доктурга
Өз колуман багылат.
Эмдеп өзүм эми эле
Айыктырам дарылап.

## ЭКИ КОЗУ

Тоонун тике жолу менен
Кара козу келатты,
Алдыдагы көпүрөдөн
Ак козуга жанашты.

— Боорум,— деди, ак козу,—
Өталбайбыз экөбүз,
Күтүшөлү а көрек
Бирөөбүзгө — бирөөбүз.

Беркиникин жактырбай
Кара козу маарады.
— Колу-бутум сынса да
Жол берембы, саагабы?!

Бирин-бири өткөрбөй
Мүйүз менен жөөлөдү.
Кыянаттык кылышып,
Оң жолдорун төөнөдү.

Күн да кактап асмандан,
Алдыда суу күрпүлдөйт.
Жол талашкан козулар
Сүзүшкөндө силкилдейт.

Кантип болсун бул экөө
Бирисинен бири кем.
Сүзүшкөндө кайра бир
Сууга кетти экөө тең.

## ДОСТОРДУН ЫРЫ

Алыс жакта, алыска
Биз барабыз, барабыз
Ынтымактуу, ырыстуу
Татынакай балабыз.
Шаттык ырын ырдаган,
Шайыр көңүл досторбуз.
Таалайыбыз тууралуу
Шаңдуу ырга кошконбуз.

Татынакай! Татына!
Көрчү биздин ишибиз.
Кошо барат биз менен
Мышык менен итибиз.
Маймыл, тоту, боз чымчык,
Кармап жүрөт колубуз.
Кандай сонун тобубуз!

Ынтымактуу болсоңор,
Дайым толот ортоңор!
Кереги жок уруштун,
Алыс жолго чыгаарда
Чыр-чатакты унуткун.

Муну салгын эсиңе —
Жолдош алгын өзүңө.
Эрмек болуп ошолор
Көңүлүңдү көтөрөт,

Татынакай! Татына!
Көрчү биздин ишибиз.
Кошо барат биз менен
Мышык менен итибиз.
Маймыл, тоту, боз чымчык
Кармап жүрот колубуз,
Кандай сонун тобубуз!

Ойнодук да жыргадык,
Күлкүлүү ыр ырдадык,
Ажырашпай колубуз,
Үйгө кайттык тобубуз.
Күн нуруна кактанып,
Желге эркелеп шаттанып,
Көңүл ачып жыргадык,
Ар бирибиз ырдадык:

— Татынакай! Татына!
Көрчү биздин ишибиз,
Кошо барат биз менен
Мышык менен итибиз.
Маймыл, тоту, боз чымчык
Кармап жүрөт колубуз,
Кандай сонун тобубуз!

## КИЧИНЕКЕЙ КЕМЕЛЕР

Көк деңизде кемечелер,
Кемечелер чайпалат,
Эч ким аны башкарган жок,
Токтолбостон жайкалат,

Замбирегин карап койсоң —
Папиростун түбүнөн.
Якоручу тигинекей —
Кагаздын бир түрүнөн.

Калкылдаган кемеченин
Ушундайча заты бар.
Эң биринчи турганынын,
«Ак таң» деген аты бар.

Алыс жакка сүзгөндүктөн
Аябай суу өтүптүр.
Папиростун кутусунан
Ал жасалып бүтүптүр.

Өтмө катар суу өтүптүр,
Капитаны калтырап.
Өйдө-төмөн тынбай басып,
Айласыздан ал турат.

Капитаны — кара коңуз
Муруттары кыбырап,
Жакын калган жээк жакка
Токтотууга буюрат.

Сүзүп барат кемечелер
Тунук көлчө күзгүсү,
Капитандар бат эле,
Жерге келет түшкүсү.

Кемечеде билишпейт
Кандай болот өлчөөсү,
Күн аптабы тиет да,
Кургап калат көлчөсү.

## АНДРЮШКА

Туруп турган текчеге,
Сулап калган текчеде,
Түрлүү-түрлүү оюнчук
Чогуу алган орунтук.
Пили менен бөрү бар,
Тартагай төө көрүп ал.
Тыбыт жүндүү мышыгы,
Баарысынан кызыгы.
Өрдөгү бар,

7—2275

Чоору бар,
Куурчагы баары бар.
Биздин Андрюшканын,
Магазинге барганын,
Көрдүңөрбү ал андан
Мылтык тандап алганын.
Айтып калды сатуучу:
— Сен жетилип толосуң,
Чоңойгондо көзгө атар
Таасын мерген болосуң!

## ТРЕЗОР

Кулпу турат
Эшикте
Күчүк карап,
Бекитсе.

Күчүктү үйгө бекитип,
Кетип калдык,
Баарыбыз.
Калтырганбыз кароосуз,
Чекилик го аныбыз.

Биз кеткен соң Трезор
Үй ичинде жай бысып,
Кой-ай деген киши жок
Каалашынча чаңдатып.

Куурчактын көйнөгүн
Дал-далынан тытыптыр.
Коенектин терисин,
Жулмалаптыр, бузуптур.

Үй ичинен аңтарып,
Катылганды ачыптыр.
Керебеттин алдына
Бут кийимди катыптыр.

Керебеттин алдына
Мышыкты айдап кириптир,

Ал мышыктын куйругун
Жулкуп үзүп ийиптир.

Ашкананын бурчунан,
Кулап түшүп көмүргө,
Кара күчүк болуптур
Оонап калып көмүрдө.

Кумуранын ичине
Чулп бир түшүп алыптыр,
Араң зорго ал андан
Чөгүп өлбөй калыптыр.

Мындан чыгып жай гана
Үй ичинде басыптыр,
Жайбаракат уктоого —
Керебетке жатыптыр.

Жышып атып самындап
Кириндирдик күчүктү.
Үйгө экинчи калтырып,
Кетпес болдук күчүктү!

## ДОСУМ ЭКӨӨБҮЗ

Мен теңтушум экөөбүз
Таттуу көңүл кошконбуз.
Кыйышпаган досторбуз!
Бирге басып күлөбүз,
Ажырашпай жүрөбүз!

Экөөбүздүн чөнтөктө:
Эки өчүргүч,
Эки илгич,
Кош коңуз бар кутуда.
Кош айнектен пробка
Кызык буюм ушу да!
Ана, жүрөт жез тыйын —
Экөө бирдей беш тыйын.

Кошуналар билишет
Биздин достук ынагын.

Бир эле үйгө киребиз,
Шыңгыратып жылаажын.

Үйүбүздө биз менен
Окшош эки жыландар,
Ал гана эмес эгиздей —
Эки кызык кирпи бар.
Те бир укмуш кызыктар!
Таңды-кечке сайраган
Торундагы чымчыктар!

Биздин баккан чымчыктар,
Эки жылан, кош кирпи,
Мына ушулар тууралуу
Он эки кабат бүт билди.

Эртең менен ойгонуп,
Өзүм, досум экөбүз,
Каалганы чоң ачып,
Жыла басып өтөбүз.
Китеп кармап мектепке
Бачым чуркап кетебиз...

Бизден калып тигилер
Ой-кырынан ойношот.
Үй-үйлөрдү жойлошот.

Мунун кара сыягын
Баягы эки жыланым,
Беттеп, сойлоп өтүптүр
Инженер чийген планын.

Үй башчысы шекинип,
Тура калат секирип.
А жаздыгынын астында —
Эки кирпи бекинип!

Канаттары дирилдеп,
Тилин кайрайт боз чымчык.
Радио угузбай,
Мына сайрайт боз чымчык.

Короодогу коңшулар
Кабактарын түйүшөт.
Кулагынын кужурун
Алган өңдүү билишет.

Шапкесине инженер
Салып алып буларды:
Үй башчыга алпарды,
Окшош эки жыланды.

Үй башчы өзү тигинде
Келаткан жок бекерден.
Инженердин алдынан
Кирпилерди көтөргөн.

Арызданат коңшулар:
«Тынчтык бербейт, ой булар!
Зоопарк жакын, угуңар,
Тапшырышсын батырак.
Ишеним кат алышсын,
Алар берет асырап».

Биз кинодон келгенде
Үй бош экен, караңгы.
Жарык кыла салабыз,
Жатып уктап калабыз.

Кирпи кана тикенек,
Жылан кана сойлогон,
Чымчык кана сайраган,
Келер бекен кайрадан?

Эртең менен эртелеп,
Көз сыйпалап, ашыга,
Өзүм, досум экөөбүз
Жолго чыктык шашыла.
Баратабыз зоопаркка,
Сүйлөшпөйбүз, күлбөйбүз,
Шаңдуу, шайыр жүрбөйбүз.

Үйүр алышкан жандыктар,
Бизди кантип көрбөсүн,

Кантип кайра аларды
Өзүбүзгө бербесин?!

Торчолордун жанынан,
Өтүп калдык жымыңдап.
Жүздөй окшош боз чымчык
Учуп жүрөт пырылдап.
Тикирейтип ийнесин
Чуркап жүрөт жүз кирпи.
Кантип айра таанийсың,
Болдук белем бир күлкү!

Жүз чымчыктын ичинен
Канткенде табасың!
Сойлоп жүрөт көп жылан,
Кайсы бирин аласың?!

Бирде бири алардын
Бизди билбей калыптыр.
Зоопарктагы жандыктар
Кучагына алыптыр.

Кеч да кирип бу кезде,
Күн уяга куланды.
Кароолчу да тургузбай
Экөөбүздү чыгарды.
— Кетпейбизби үйгө? — деп,
Досум мага карады,
Макул болдум,
Кайттык биз,
Андан досу калабы!

## ФОМА

Бир кайрылыш көчөдө
Бир топ үйлөр бар эле.
Ал үйлөрдүн биринде —
Фома деген бала эле.

Үйүндө же мектепте,
Эпке көнбөс ал эле.

Өз билгенин бербеген,
Ишенбеген эч кимге,
Фома ушундай бала эле.

Ылай болсо кочөдө,
Жамгыр жаап,
Сел жүрсө,
— Калошуң кий,—
Кулак салбай тим жүрөт.
— Калп айтасың,— деп коюп,
Бүтүн ишти бүлдүрөт.
— Күн жааган жок,— дейт дагы,
Шалбаа менен жүгүрөт.

Жалаңдатып кылычын,
Аяз тышта чыкылдап.
Балдар жылуу кийинип,
Жылгаяк тээп зыпылдап.
— Кыш түштү,— деп айтышса,
Ага кылат кыянат.
Тышка чыгат тызылдап,
Турсы менен жылаңач.

Барып калса зоопаркка
Ага мындай айтышат:
— Адеп көңүл бөлдүңбү,
Ана, пилди көрдүңбү.

Көзү көрүп турса да
Андан Фома адашат:
— Жалган айтып жатасың
Пил эмес!— деп талашат.

Күндөрдүн бир күнүндө,
Уктап атып күчтөндү.
Өз билгенин бербеген
Өжөр мындай түш көрдү:
Түшүндө эле караса,
Африкада жүрүптүр...
Конго деген дарыя
Кетип жатат агыла.

Пионерлер тобу ана,
Жакын келди дайрага,
Балдар айтты Фомага;
Мындай кепти кайра да:
— Киринбейбиз бул сууга
Ажыдаар жеп коет!
Адатынча Фомабыз:
— Калп айтышат!— деп коет.
Турсы менен көйнөгү,
Кумда жатат жээкте
Кежир Фома тил албай
Сүзүп кирди жээкке.
Ана, жакын жерден жырткычтын
Оозу аңырдай ачылды.
— Өлдү — үң!
— Байку — уш, качкын!—— деп
Балдар катуу шашылды.

Бирок кежир балдарга
Жооп берип жатканын:
— Маган акыл үйрөтпө,
Азыр он бир жаштамын!

Крокодил Фоманын
Далысына урунду.
Жете берип баланы
Бир оп тартып сугунду.

Ал жырткычтын оозунан
Башы чыгып баланын,
Ошондо да энтигип,
Унчукканын карагын:
— Ка... Калп...
Ме... Мен... Ишенбейм!..
Жырткыч аны жутту да
Зор денесин булкуду.
Каштай сууга «курр» этип,
Ары карай чумкуду.

Турсы менен көйнөгү
Кумда жатат жээкте.
Берки балдар киринбейт,
Коркунучтуу жээкке.

Фома кежир көз ачып
Керебеттен ойгонду...
Түшүнө албай башы маң
Бул эмне болгонду...
Алды турсы, көйнөгүн
Орундукка койгонду.
Фома кежир таңданат,
Кыжырданат, арданат:
— Жок,, түш эмес,— дейт дагы,
Кежирликке алданат.
Араңарда ушундай
Фома болсо көргүлө.
Жашырбастан өзүнө
Бул ырды окуп бергиле.

## ЖАМАКЧЫ

Дарбазанын түбүндө
Отурат жамакчы.
Жыртык кийимге
Салат жамакты.

Эртеден-кечке
Шамалда, эште.
Мык урат ырдап,
Капа жок эсте.

Өтүктү беришет,
Батинке алып келишет.
— Жамакчы, жамакчы,
Жамап бер!— деп демитет.

Тешилди, муну кор —
Таш таман уруп бер.
Жамаачы салып бер.
Такасын кагып бер.

Ичке учук тандап,
Шибеге камдап,
Учукка жолду
Шибеге салмак.

Батинке татына,
Өтүк да жамалды.
Өткөн-кеткендер
Бергенин жаңы алды.

Мен дагы бутуман
Батинке чечемин:
— Өтүкчү, жамакчы
Бат алар бекемин!

Жылгаяк тебүүдө
Алдыңкы мен болом.
Такама темир как
Ушуну ойлогом.

Жамакчы күлдү да,
Мени бир карады:
— Кышында келгиниң,
Азыр да кагабы!

## СААТ

Дубалдарга илинген
Саат жүрсүн дайыма,
Жылаажындуу сааттар
Бизге кылсын жарыя.
Ошон үчүн баарыбыз,
Көңүлдөргө түйөлү,
Убактыны ар качан
Унутпай так белели.
Саат нече болгондо
Ордубуздан турабыз,
Кечикпөөгө маалынан
Орчун көңүл бурабыз.
Саатчы уста колунан
Сааттар бүт оңдолот.
Уктап калбай балдар да
Убагында ойгонот.

Бузук саатын көтөргөн
Кемпир мындай толгонот:

— Үндөн калды күкүгүм!
Эми кантип оңдолот...

Саатчы чал түшүнүп,
Саатты ала койгону,
Айнегинен ачты да
«Күкүк» саатын оңдоду.

Топ ыргытып үстөлгө
Түшүргөнбүз будилник,
Кулап кетип бузулган
Биз да алпардык жүгүрүп.
Түшүү зыян кылыптыр,
Бир тетиги сыныптыр.
Колубузда саатыбыз,
Ваня агайдан сурандык;
— Оңдоп берип койсоңуз,
Бизди бүгүн кубантып?
Өзүңүздү баарыбыз,
Качантадан билебиз.
Оңдоп берип койсоңуз,
Унутпастан жүрөбүз.
Кашын түйүп, дүгдүйтүп,
Эки көзүн жүлжүйтүп,
Маңдайында балдардын
Карап коюп турушун,
Сылап коюп мурутун!
Калыбына келтирди
Саат «Тик-так» урушун.

Саат оңдогон чалыбыз
Баарын билет караңыз.
Кечикпестен класска
Эрте туруп барабыз.

## ВЕЛОСИПЕДЧИ

Кош дөңгөлөк мингеним
Үзөңгү тээп жүргөнүм.
Тизгини бар колумда,
Эки көзүм — жолумда.

Карап келем тушма-туш
Азыр болот бурулуш.

Бурулушту билгизип
Жолдо белги көрүнөт.
Таш жол менен коктуга
Эңкейиштеп теминет.

Эңкейиште мына эми
Сызып бара жатамын.
Жөө кишилер көзүнчө
Учуп бара жатамын.
Зымыраймын ар дайым
Күлүк атым барында.
Жел толтургуч, желим бар
Унутулбай жанымда.

Кокусунан дөңгөлөк
Ара жолдон бузулса,
Оңдой салам заматта,
Өнөрүм бар ушунча!

Жолдон мындай чыгарып,
Текши карап аламын,
Керек болсо тешигин
Бат желимдей саламын.

Кайра баштап жолума
Чыгамын да сызамын.
Үзөңгү тээп, өңду-сол
алга карай учамын.
Кайра дагы мына эми
Жүрүшүмдү жайлатам —
Анткени сол жакка
Бурулганы баратам!

## МЫШЫКТЫН БАЛДАРЫ

Балдар уксаң айтайын,
Сөзүмдүн жок чаласы.
Биздикинде туулду —
Мышыктын беш баласы.

Ат коюуну кандайча
Ойлондук да биз чечтик.
Минтип бешөөн атайлы:
БИР, ЭКИ, ҮЧ, ТӨРТ, БЕШ дештик.
БИР аттуусу — апаппак,
ЭКИ аттуусу — эч качпас,
ҮЧ аттуусу — акылдуу,
ТӨРТ аттуусу — салат чуу.
БЕШ аттуусу — анык дос —
ҮЧ, ЭКИ ге опокшош.
Тигилердин өзүндөй —
Куйрук менен баштары.
Темгилдери жонунда,
Айрып алгыс басканы.
Күнү бою укташып,
Чабырада жатканы.
Татынакай, татына —
БИР, ЭКИ, ҮЧ, ТӨРТ, БЕШ
мышык,
Биздикине келгиле,
Санасаңар бир кызык.

## ЧАЧ ТАРАЧТА

Атам барып таш күзгүнүн
Маңдайына отурду:
— Чач тегиздеп, сакалымды
Алып бер!— деп осунду.
Чач алуучу кырк жыл иштейт
Сонун билет бардыгын.
Кичинекей көмүркөйдөн
Алып чыкты жабдыгын.
Шейшеп менен аппак кылып,
Ороп койду атамы.
Ак кайчысын чыкылдатып,
Чач этегин жасады.
Узун чачтын уч жагынан
Көбүн алды кыскартып,
Устарасы шыпылдады,
Моюн жакты тазартып.
Андан кийин атыр септи
Жыпар жытын бир төктү.

Кичинекей кыз тигинде
Чач алдырып олтурат,
Макоого дейм ушул өзү
Көзүн жашка толтурат.
Татынакай тегиздесе,
Кызым десе, сыйласа,
Уят болот ушунусу
Чач алдырбай ыйласа!

## БАЛАТЫ

Кыркып алып токойдон
Кооз жашыл балаты,
Мектебиме жеткирем!
Кандай экен карачы!

Муз болуптур бутагы,
Бубак басып бүчүрүн
Чайыр каптап калыптыр
Сөңгөгүнүн бүтүнүн.
Кызыл түлкү кезиксе
Эгер мага токойдон,
Балатыны көргөзсө,
Сыр жашырбай ошондон:

— Түлкү мага тийбегин,
Жолуң менен жөнөгүн.
Алып барам көрдүңбү,
Жаңы жылдын керегин.
Жаңы жылды тосууга
Минтип шашып келемин.
Бөрү чыкса жолуман:
«Токтогун!— дээр өзүмдү,
— Тээ дүмүрдү ким кести?!
Сүйлөгүн,— дээр,— сөзүңдү?!»

Тумшук менен тоңкулдак
Жыгач боюнургулар.
«Балатыны ким кести?
Айтып бер?» — деп бургулар.
Токойдогу жыгачтар

Кардан калың жамынып,
Өкүм кылып токойго
Кыш чилдеси чамынып.
Сыйынттаган токойду,
Канаттуудан, жырткычтан,
Лыжа менен качамын,
Көзгө илешпей зыр учкан.
Балатымды калтырбай
Ала качып келемин
Көрүп койчу, кулпунат,
Коoздугун не дейин!
Аягынан башына —
Жүз он төрт от жаркырайт,
Бутактары кур эмес,
Жылдыздары жалтырайт.
Ар бир түркүн желектер,
Алтын короз белектер;
Балатынын алдында —
Аяз Ата кампаят,
Үстү-башын карасаң
Кебез кары балпаят.
Достор бизге келгиле!
Балатыны көргүлө.

## ЖАҢЫ ЖЫЛ АЛДЫНДА

Жаңы жылдын алдында
Каалаганың келет дейт.
Каалагандай ойдогуң
Кубандырып берет дейт.

Ал гана эмес балдардын
Орундалат тилеги.
Жалкоолонбой аракет,
Кылганын биз билели.

Жалкоо жана жалакай
Болбоо керек калакай.
Чыдамы жок жаш балдар
Таппай калат алапай.

Жаңы жылдын алдында
Каалаганың келет дейт,
Каалагандай ойдогуң
Кубандырып берет дейт.

Биздин тилек жөнөкөй
Кантип ишке ашпасын,
Тапшырмадан беш алып,
Кантип алга чаппасын.

Окуучулар жакшы окуп,
Улам алга кеткени,
Күндөлүктүн ичине
Эки батпай четтеди.

## ТЕЛЕФОН

Мага бүгүн коюп берди телефон,
«Аппаратың иштейт,— деди,— сонун оң!»
Кимдер менен сүйлөшүүнү кааласам,
Үйдөн туруп сүйлөшө алам жолум оң.

Түтүкчөнү колума алып көтөрөм,
Шыңгыракты күтө берем безеген.
Эсеп-санды айланткaны жатамын
«Сегиз — кырк да — жыйырма бешти» басамын.
«Ду... дуу... ду... дуу...» жооп берет телефон,
Абайлаймын, тыңшай берем мен болсом...
Акырында мындай үндү угамын:
— Ачык айтчы, өзүң кимди сурадың?
— Степа ага керек эле, мүмкүнбү!
— Ал жок!— деди сөзүн кыска бүтүрдү,—
— Ленинградка учуп кеткен таңынан.
— Качан кайтат, айтасызбы? Баарынан...
— Бизге айтпады, андай кабар жагынан.
Балтикага чакырышкан шашылыш,
«Үч — он бешти — он сегизди» сурадым,
Курулуштун конторунда турамын.
— Не курулуш? Атын ачык атаңыз?
— Калайыкка жаңы үй куруп жатабыз!
Күндөр сайын калайыкты каратат,

Үйлөр күндө бийик болуп баратат.
— Айтыңызчы, ал үйлөрдүн ал-жайын,
Канча катар бийиктикке салынат?
Архитектор жооп берет мындай деп:
— Так жыйырма беш катарынан жабылат.
Келгиле да, келип санап көргүлө,
Көк асманга кете берет арылап.
Санап, терип телефонду да чалдым,
«Беш — он жети — отуз сегиз!» деп калдым.
— Вокзал!— деди жооп берди коңур үн,
Карап турбай сурап калдым, муну бил:
— Качан келет Ташкен шаардын поезди?
Айтыңызчы, сурарыбыз мына ушу!
— Ташкен шаардан поезд келет бешинчи,
Кечки саат он болгондо тосуңуз!
Почта тарткан таңкы саат жетиде,
Кечигишпейт, бүттү эмесе, кошуңуз.
«Жети — ноль да, сегиз — ноль да — төрт!» — дедим.
Угуп калдым циркттен шыңгыр эткенин.
— Дуров бекен? Саламатпы? Кубандым!
— Эшектерге жаңы номер чыгардым.
— Билет жок циркке кантип киребиз?
— Кел, келиңиз! Киргизебиз! Билебиз!
Дагы тердим кайраттанып өзүмү:
«Эки — он эки, дагы — жыйырма — экини».
— Бул каяктан? «Москва» конок үйүбү?
Жооп бербей зыңылдагы билинди.
— Гражданин! Арстанды ойготтуң!—
Деген кезде кымырылдым ордума,
Түтүктү шарт кое койдум ордуна.
Шыңгырады токтобостон ургулап,
Шыңгырагы кош кулакты тундурат.
— Эмне болду? Бул ким?— деди, кайталап,
— Балдар го!— деп, бир үн жооп кайтарат.
— Арызданат сизге балдар бакчасы,
— Акыныбыз арбын китеп жазсачы!
— Мен айтамын, окуучумун наамына,
Ыр жазамын талыкпастан баарыңа.
Аппараттар, телефондор жөнүндө,
Укмуштарды эл көргөнүн өңүндө.
Тилектештер турса дагы алыста
Телефондон сүйлөшөмүн калыста.

Эл уйкуда, оор түндө бир убак
Шыңгырагы татынакай угулат.
Караңгы түн калкып, ооп баратса,
Шыңгыратам Ленинград тарапка.
Биртике да токтоо болбойт, биразга,
Кошуп коет, кошуп коет заматта!
Чар тарапка сүйлөшөм бир калыпта,
Кээде чалам, алыскы шаар — алыска.
Таң каларлык телефондон угулат,
Мага кээде түш сыяктуу туюлат.
Күмөн кылбай ишенейин кошконун,
Мага бат-бат сүйлөшкүлө досторум!

## КЫШТООДОГУ ОКУЯ

Уч-кыйры жок калың карлуу талаада
Карагай үй жалгыз турат арада.
Ушул үйдө Муз Деңизде үч дос бар,
багып алган күчүгү бар жана да.
Тек турбаган бул күчүктүн тынчы жок,
«Жат!» дегенде тура качат ойдолоп.
«Отур!» десең бир орунга отурбайт,
Тыным албай туш-тарапка жойломок.
дем алышта жолдоштордун бирөөсү
Жылгаяк тээп, курал алып бир өзү,
Көңүл ачып, аңуулоого жөнөдү,
Күн жаркырап тийип турган бу кези.
Үйдөн чыгып ал бурулуп басканы,
— Отур! — деди, итти үйүнө таштады.
Бул буйрукка ит көңүлүн бөлөбү,
Жылып чыгып, кошо артынан жөнөдү.
Балалуу аюу кар үңкүрдө жашаган
Жатагынан чыга келип эңиштеп,
Мамалагын орунуна калтырып
Ошо күнү ал да чыкты жем издеп.
Энеси жок кичинекей мамалак,
Эрикти го эшик жакты каранат.
Эмне чыгат турбай жата бергенде
Эшке чыгып ойногусу келгенде.
Аяк шилтеп араң эле кыбырап,
Калкамандап кардын үстүн сыдырат.

Ал аңгыча күчүк чыгып жолунан
Апкаарыды адашкандай оюнан.
Мындан мурун түк көрбөгөн айбандын
Тимден-тим ал каршы алдынан бассынбы.
Карап турду көзүн албай беритен:
«Кайдан чыктың? Доссуңбу же кассыңбы?»
«Капысынан жолугушкан экөө тең
Карап турду бирин-бири жөндөн-жөн.
Коркутарлык күчүк эмес дегеле
Ойногусу келип турат эми эле.
Мамалактын татынакай тыбыты
Күлдүргөндөй карап көрсөң турушу.
Мамалакка деги бул иш түзүкпү —
Таап алды жан жолдошу — күчүктү!
Достор өңдүү кучакташып калышты,
Мамык карга тең жыгылып алышты.
Тиштешүүгө болбой калсын досторго
Бир-биринин тилдерине туюнат.
Жалмалашат бир-бирине эркелеп,
Бултаң этип, улам бири жыгылат.
Ал аңгыча арсылдады дөбөттөр
Ушу кезде үй жанында отурган.
Мамалакты тытып жейли дедиби,
Тобу менен бери чуркап озунган.
Жакындады арсылдагы иттердин:
«Көз жумасың, кош бол байкуш мамалак!»
«Күчүк байкуш, кош бол жаның аманат!»
Кандай кылат курган бечел мамалак?
Кантип качып үңкүрүнө баралат?!
Чарчап калды кантип жанын куткарат,
Иттер жетип жеп алат го тытмалап!
Аңгыча эле, мамалактын жолунда
Аска турат, карачы иши оңунда!
Эмне болсо шо болсун деп шекинип,
Мамалагың чыга качты секирип,
Азырынча душманынан бекинип.
Бүткөн боюн калтыр басып мамалак
Ит тишинен коркуп төмөн каранат.
Ушу тушта мерген кайтып ал жактан —
Аңчылыктан үйүн карай келаткан.
Угуп калды ит абалап жатканын,
Дароо сезди жырткыч дайнын тапканын.

Лыжа менен бир зымырап алганда
Мамалакка жете түштү жардамга.
Калтыраган кичинекей мамалак,
Калды өлүмдөн эми жанын бага алат!
Дөбөттөрдү кууп ийип мергенчи,
Алды аппарат, билип иштин иретин,
Ошол замат тартып алды чырт гана
Аскадагы мамалактын сүрөтүн.
Мындайларды жакшы көрчү сүрөтчү
Сейрек, кээде кезигүүчү сүрөттү.

## ПОЛЬША АКЫНЫ ЮЛИАН ТУВИМДИН ЭҢ ЗАРЫЛ ИШ ЖӨНҮНДӨ БАРДЫК БАЛДАРГА ЖАЗГАН КАТЫ.

Кат жазамын мен силерге
Ардактарым, жаш балдар!
Дайым бат-бат жуунгула
Бети менен колуңар.

Арыктанбы, булактанбы,
Алынганбы кудуктан,
Жаандыкы болсо мейли,
Болсо болду тунуктан!

Жуунгула күндүз жана
Эртең менен кечинде,
Кайсы убакта жуунарың
Дайым болсун эсиңде!

Жуунгула унутпастан,
Тамак ичер алдында,
Уктаарыңда же болбосо
Өз ойгонгон маалыңда.

Жөкө менен сүртүнгүлө,
Кир калтырбай этиңе.
Жеген тамак, же сыядан
Так калбасын бетиңе.

Кагылайын ардактарым,
Жуун таза жуунгун,
Мөмө жүзүн жакшы көрөм,
Мотурайган уулдун!
Учурашпайм колум сунуп,
Чамбыл, кычы балага!
Конок болуп андайларга
Барбай коем жана да.
Өзүм дайым жуунам, билгин!
Кош болгула!
Өзүңөрдүн ТУВИМ.

## АРИПТЕР

Эмне болду ким качырды?
Сан ариптер чачылды!
Карачы эми М тамганын
Буту чыгып кеткенин,
Арт жагынан Г тамганын
Мүдүрүлүп өткөнүн.
Буту-колу быркыраган
Ж чачырап калыптыр.
Ю тамгасы бир ыптысын
Бүт жоготуп алыптыр.
У секирип тура калса
Куйругу сынып калыптыр.
Ф тамгасы чойроюптур,
Түк окулбай калыптыр.
Р тамгасы — жумшартуу
Белги болуп алыптыр
С тамгасы капшырылып,
О дой болуп калыптыр.
А тамгасын эч ким билбей
Аркы четке барыптыр.

## ЧЫМЧЫКТАРДЫН РАДИОСУ

Тыңшагыла! Тыңшагыла!
Саат беште бүгүнчү
Токойлордун станция

Иштеп берет сүйүнчү!
Мына бүгүн биздин станцияда
Тыңшагыла! Тыңшагыла!
Түркүн чымчык учуп келет
Чогулушка жабыла!

Биринчиден, маселе:
Кайсы саатта бат эле
Пайдалануу ыктуу болот шүүдүрүм?
Экинчи бир жаңылык:
Токойдогу жаңырык,
Эгер болсо «жаңырык»
Кайда жашайт жаңырып?

Үчүнчү бир маселе
Мындай болуп отурат,
Тоңкулдак жасайт доклад.
Чымчыктарга уя салуу иштери
Каралганы отурат.
Андан кийин чымчыктар
Жыйналышты башкарат,
Жарыш сөздөр башталат:
Ышкыруу, чырылдоо, ырдоо,
Чыйпылдоо, чыйкылдоо,
Чыртылдоо, чырпылдоо,
Анан, жарыш сөзгө чыгышат,
Кара чыйырчык, Ала чымчык турушат.
Катардан калбайт,
Калган чымчыктар да сөз камдайт.

Тыңшагыла! Тыңшагыла!
Саат беште бүгүнкү
Токойлордун станция иштеп берет сүйүнчү!
Саат бештин аймагы
Жүздөгөн үн сайрады.
«Фиур-фиур! Фью-фью-фью!
Чик-чирик! Тью-тью-тью!
Пиу-пиу! Цвир-цвир-цвир!
Чиви-чиви! Тыр-тыр-тыр!
Спать-пать-пать! Лю-лю! Чик-чик!
Тень-тень-тень! Чуик-чуик!
Ко-ко-ко! Ку-ку! Ку-ку!

Гур-гур-гур! Ку-каре-ку!
Ка-арр! Ка-арр! Пить-пить-пить!..»

Биз эмине кыларды
Биле албадык түшүнгүн,
Болгон эмес гө деймин,
Мындай үндөр биз үчүн?!

## МАЙЫП СӨЗДӨР

Уйку келип, көңүлсүз
Күйпү келди сабактан.
Эстеп китеп жазданып
Уктап кетип бараткан...

Ал аңгыча алдында
Үч сөз турат жарабай:
«Апелсин», «Шакек», «Карагай».
Жылып үчөө берилеп,
Жакындады балага.
Үчөө бирдей маминтип,
Кеп баштады жана да:
«Кыймылдаба, Күйпү жөн!
Эмне кылдың, бизди сен?!
Апаңа биз айтабыз,
Жазалбайсың туура жөн!»
«Менин атым — Апелсин»
Такыр эмес «Опельсын»!
«А мен болсом — «Шакекмин»,
А кайдан сага — «Шатекмин?!»
«А менин атым — «Карагай»,
Угуп алгын карабай!
Чочугансып түшүңөн
Сен жазасың — «Тарагай»!
«Эмнеликтен мынча биз
Шылдың болгон кептербиз?!
Бузбай жазгын Күйпү сен
Жалкоо болсоң жектейбиз!
Көңүл бурбай билимди
Алалбайсың ойлогун!
Жалкоө болсоң кечиктин

Орундалбай ойдогуң!
Сен көзүңдү карагын,
Сезгичи бол баланын.
Да бир жолу чочутсаң,
Майып кылсаң кокустан,
Сени менен таптаза
Сүйлөшөбүз башкача!

Баарын айтып калыска —
Биз да келип намыска,
Күйпү атыңды жоебуз,
Кирпи кылып коебуз!
Бир заматта ошентип
Күйпү атыңдан каласың!
Тикирейген ийне түк —
Кирпи болуп аласың!

Чочуп кетти, толгонду
Күйпү бала ойгонду.
Оозун улам чоң ачып
Эстеп-эстеп алганы
Ишке кирип калганы!

## КУШТАР КОРООСУНДА

Өрдөк айтат тоокко:
— Уругуң аз дейт экен.
Күрптөр айтат майрамда
Силерди союп жейт экен!
Жөжө баскан тоок да
Урушпаспы мындай деп:
— Жаргак таман жаман дейт,
Каркылдаган арам! — дейт.
Каздар айтат силерди:
Өрдөк эмес жаман дейт,
Ич өткөктүү арам дейт!
Акмак сенин эркегиң
Жарашыксыз басканы,
Өмүрүнчө түк билбейт,
Каркылдактан башканы!
Жооп кылып тоокко

Өрдөк кайра «ка-арк! — этти:
Бекер мени жамандап,
Каз айтыптыр жок кепти.
Чарылдабай курулай,
Кое тургун ашына.
Анеткени чын болсо
Көрсөтөмүн казыңа!
— Ог-го! — деди каз анда,—
Кызык угуп жатам да!
— Ана, караң каздарды,
Чыр да чатак башталды! —
Күрп ушинтип сүйлөдү
Чокуп, түртүп каздарды.
Чуркап келип арытан
Кызыл короз тажычан.
Тээп, чөкуп уйпалап,
Каздын жүнүн тытмалап.
Ушул тапта бадалдан
Үн угулду: — Кудах-тах!
Эскиликти бул уруш
Эске салып турган чак.

## ӨЗӨН

Жаркыраган тасмадай,
Өзөн жатат созулуп.
Күн да агат,
Түн агат,
Шарына күч кошулуп.
Оңду карай бурулат,
Солду карай бурулат.
Өзөн суусу жаркырак,
Жээгинен шаркырап,
Орто жери жай агат.
Мелт-мелт этип жалтырап.
Айтып берчи өзөн суу
Эмнеликтен шаркырак?
Агып жатат шаркырап.
Айтар сыры барчылап.
Шаркыраткан ошонун
Тунук өмүр — жашыдыр.

Мекендеген түбүнө,
Балыгыдыр, ташыдыр.
Бирок дагы алардан
Такыр эле үн чыкпайт
Балык, ташы унчукпайт.

## ЖАШЫЛЧАЛАР

Үй ээси аял калтырбастан катардан
Буларды бүт алып келди базардан:
Картошканы,
Капустаны,
Кызылчаны,
Сабизди,
Анан дагы петрушка,
Буурчак,
Бах!..

Ал аңгыча жашылчалар түрүнүп,
Жер үстүндө кана ширин кимибиз:
Картошкабы?
Капустабы?
Кызылчабы?
Сабизби?
Петрушка сөнун бекен?
Же таттуубу Буурчак?
Бах!

Үй ээси аял колго бычак бат алат,
Шыпылдата туурап кирди тазалап:
Картошканы,
Капустаны,
Кызылчаны,
Сабизди,
Алар менен аралашты
Петрушка Буурчак.
Бах!
Жашылчалар аралашып калганы,
Боркулдады дүңгөлөйдө кайнады:
Картошка да

Капуста,
Сабиз менен
Кызылча,
Петрушка,
Буурчак,
Жашылчанын сорпосу
Ширин экен бах! Бах!..

## ЯНЕК ЖӨНҮНДӨ

Бир баланын өз атын
Янек деп коюптур,
Эчтекени билбеген
Ал акылсыз болуптур.
Карагыла турганын,
Анын эмне кылганын.
Сууну сузат элекке,
Кантип ага тосулат.
Чымчыктарды учууга
Үйрөтөм деп озунат.
Кыймылынан көрөсүң,
Киши кылбас кызыкты.
Такала деп алпарат
Темирчиге мышыкты.
Чиркей көрсө балта алат,
Өлтүрөм деп балталап.
Үйдон сүйрөп жыгачты
Токой жакка алпарат.
ыпыр-сыпыр болбоско
Үйдү толтуруп салат.
Муз үй салды кышында
Анык күлкү ушунда:
«Дача болот жайда,— дейт,—
Эс аламын, айда! — дейт».
Жайдын түшкү күнүндө
Эрип муз үй көлк этет.
Чарчадың тез отур деп,
Атка орунтук көргөзөт,
Он сомдукту беш сомго
Алмашканы бир күнү,
Айта берсе бул Янек
Акмак эле күлкүлүү!

## КАЙДА КАЛДЫ КӨЗ АЙНЕК?

— Валя апама не болду?
— Көз айнеги жоголду!
Курган кемпир энтелеп
Издеп жатат темселеп.
Жаздыгынын астынан,
Кайра карайт үстүнөн.
Жуурканын, олпогун,
Силке карайт боркогун.
Ичин карайт чаканын,
Көз айнектин азабын!
Батинкесин, чокоюн,
Калтырбастан аңтарат,
Ич таманын шыкаалап
Жарык жакка алпарат.
Курган кемпир үй ичин
Чаң-асманын чыгарды.
Көз айнеги такыр жок
Эми кантип тура алды!
Чарчаганда үшкүрүк
Үшкүрүккө кошулду.
Көчүк коюп сандыкка
Бир азырак отурду.
Айнеги жок кемпирдин
Ичи кантип түткөнү...
Турду дагы чаңдатып,
Кайра баштан издеди.
Басып-басып сыйпалайт
Жаздыгынын тышынан,
Кайра деле чукулайт
Күпчөк-челек кычыгын.
Шам жандырып колго алды,
Мешти көздөй ал барды.
Көр-жер койгон үйлөрүн
Көр чаңдатып жүргөнүн.
Айнеги жок калган го!
Кимдир бирөө алган го!
Кайра баштан сандыкка,
Кемпир көчүк басканы.
Маңдайында күзгүгө

Жүзүн карай баштады.
А кокуй ай, кокуй ай!
Мындайын ким билиптир!
Көз айнеги жоголбой
Чекесинде жүрүптүр!
Тапмак эмес айнегин
Эми отуруп ойлюсо,
Бет алдында илинген
тиги күзгү болбосо.

## ЛЕВ КВИТКОДОН

*(еврей акыны)*

## КАШКУЛАКТАР

Нымдуу жердин алдында
Кантип булар торолот,
Капкараңгы — түнөрөт,
Кантип деги чоңоет?

Энекеси аларды
Катып таштап ийинге,
Такыр тышка чыгарбайт
Жата берет ийинде.

Мергенчилер ар качан
Багып жүрөт токойдо.
Кашкулакты, түлкүнү
Атып алып ошондо.

Алар үчүн эмине
Асыл тери керек да!
Ийиндеги балдарга
Энелер кам жемек да.

Колдон келсе энелер
Татынакай балдарын
Кантип кыйсын өлүмгө
Тилеп-таап алганын.

Эне багат балдарын
Өтө терең ийинде.
Ал ээрчитип чыгарат
Таңкы үрүл-бүрүлдө.

Тоңкулдактар тоңкулдап
Карагайда олтурат,
Балдарына кашкулак
Тиши менен жем сунат.

Таңкы таза абадан
Алар жыргап дем алат.
Көлөкөдө күндүзү
Ойгонот да эс алат.

Күн чакыйып асмандан
Шүүдүрүмдү кургатат.
Токой ичи үп болуп,
Жымжырттыкта тим жатат...

Кашкулактын балдарын
Салкын ийин жыргатып,
Энекеси апкелет
Балдарына жем катып.

Акактаткан жандууну
Жайдын түшкү күнүндө,
Укмуш жыргал эмеспи,
Уктоо салкын ийинде.

## КӨҢҮЛДҮҮ КОҢУЗ

Карап койсоң коңузду
Ал көңүлдүү жашаган.
Буйтап кетти жеткирбей
Жеп алуучу бакадан.

Коңузубуз кылт этип,
Чоң баканы алдады.
Кармай албай капталдан
Бака куру калганы.

Чуркап барып бул коңуз
Тааныштарын таап алат.
Урук калды андан соң...
Аны коңуз байкабас.

Калың чөптү аралап,
Чуркап барат кыбырап.
Дабыш чыгат чөптөн да
Сүйлөшкөндөй шыбырап.

Сеңселиңки жашыл чөп —
Коңуз үчүн — карагай.
Канатына шүүдүрүм
Жаап турат сабалай.

Биздин коңуз жөн кетпей
Тамак издеп өзүнө,
Ала бербейт бирок ал
Көрүнгөнүн көзүнө.

Кармагандан пайда жок
Курсак тойбос майдага.
Кол толбогон немеге
Өзү калар ардана.

Өзү тартып убара
Издегенге жараша,
Берекелүү тамак жеп
Болсо кана канаша.

Мээнет кетпей талаага,
Жолукту бейм багына,
Бир семизге кезикти
Келип калды жанына.

Мындан семиз, мындан чоң
Ким да болсо таба албас.
Бирок жалгыз бу коңуз
Ага каршы бара албас.

Тыбырчылап бул коңуз
Табылг[illegible]сылды.

Алы жетпей өзүнүн
Башкаларды чакырды.
Ортодогу килейген
Олжо кенин көрүштү,
Муну туура төрт коңуз
Тең ортодон бөлүштү.

## АННА-ВАННА БРИГАДИР

Анна-Ванна, сиздердин
Отряд биздердин!
Келдик көңүл бөлөлү
Торопойду көрөлү!
Кептин чынын айтабыз:
Тынчын албай кайтабыз!
— Кибиребей уккула,
Бул короодон чыккыла!
Жуунтабыз торопой
Бизге тынчтык бергиле,
Кийинчерек келгиле.
— Анна-Ванна, уксаңыз,
Оюбузду бузбаңыз,
Киринтели торопой
Биздин ишти көрүңүз —
Далыларын жышууга
Щетка камдап бериңиз.
— Кибиребей уккула,
Бул короодон чыккыла!
Торопойлор жем жесин,
Бизге тынчтык бергиле,
Кийинчерек келгиле.
— Анна-Ванна, уксаңыз,
Оюбузду бузбаңыз!
Келди биздин отряд
Сизге көңүл бүт бурат!
Торопойду көрмөкчү
Көрүп көңүл бөлмөкчү!
Темгил-чаар тумшугун,
Ийрек ичке куйругун.

— Кибиребей уккула!
Бул короодон чыккыла!
Торопойлор укташат
Азыр тынчтык бергиле,
Кийинчерек келгиле.
— Анна-Ванна уксаңыз,
Оюбузду бузбаңыз!
Бүт тобубуз келгени
Торопойду көргөнү!
— Кибиребей уккула,
Бул короодон чыккыла.
Торопойлор тынч алды,
Азыр кете бергиле,
Эртең менен келгиле.

## МЕКТЕП

Көп жыл өттү биринчи ирет
Колго китеп алгамын.
Өзүм курдуу балдар менен
Мектебиме баргамын.

Мага дагы сабак берип,
Чакырышкан доскага,
Борум колдо, тапшырманы
Чыгаргамын доскада.

Кууган менен жете албайсың,
Көп жыл өттү балалык.
Бирге окуган достор кээде
Кезигише калабыз.

Бири — моряк, бири — танкист,
Үчүнчүсү — инженер,
Төртүнчүсү — көз доктору,
Бешинчиси — жер ченер.

Алтынчысы — Уюл жакта,
Муз деңизде капитан.
Жетинчиси — искусство
Изилдөөчү чыккан.

Сегизинчи — билесиңер
Биздин диктор Левитан.
Тогузунчу мен экемин
Акын болдум жашыман.
Жолукканда сөз кылабыз
Мектебибиз жөнүндө...
— Бизди кандай окутканы
Дайым турат көңүлдө.
Кавказ кайда деген кезде
Мен билалбай койгомун.
Сен да ошондо Крым жерин
Көргөзө албай койгонуң?

Сага алдыртан жардам берип,
Шыбыраган тургамын:
Беш сегизиң — кырк да беш деп,
Акырын көз ымдадым,—
Эльбурс өзү—дайра болот
Мен айтканды тыңдагын!
Азыр өсүп, эр жеттик биз
Кайра келбейт балалык.
Турмуш жолун мектеп ачты
Аны менен баралык.

Биз мектепке жөнөткөндө
Өзүбүздүн балдарды,
Эскеребиз жаш кезекти,
Биз да окууга барганды.
Мектебибиз турчу эле го
Чоң өзөндүн боюнда.
Кош терезе классыбыз,
Жарыгын айт! Чонун да...
Бу дүйнөдө жоктур андай
Биздин класс сонун да!

## АРТЫКЧА КҮН

Ак баракта — кызыл цифр!
Ал — дем алыш күндөрү!
Жайнаган жаз майрамычы,
Биринчи май күндөгү!

Ноябрдан, февралдан
Биз сүйгөн күн жаңырат.
Көптөн бери биз күткөн күн
Календардан табылат!

Бул күндөрдү балдар күтүп,
Бул күндөргө кубанат,
Анеткени парад өтүп,
Элдин тобу куралат.

Далай-далай дем алыштын
Арасынан артыкча,
Күрдөөл күздүн бир күнүндө
Болчу майрам артык да!

Календарда кызыл болуп,
Белгиси да берилбейт.
Үй жанынан, короолордон
Кызыл туулар көрүнбөйт.

Бир жөнөкөй белгиси бар,
Эсибизге түйөбүз:
Бардык балдар мектебине
Жөнөгөнүн билебиз.

Окуучулар жымыңдашып,
Шаттуу жүрөт сүйүнөт.
Жаңы келген жети жашар,
Уялганы билинет...

Даңктуу күндөр аз жолукпайт,
Календардан — муну бил.
Бирок бизге артыкчасы —
Сентябрдын бири күн!

## КЫЗЫК ОКУЯ

Карда турган балаты —
Көкүлү бир жашылдан.
Бир жарым кез бою бар,
Жерге тамыр жашырган.

Мындай болду окуя
Кышкы чилде күнүндө:
Тооруп кыйчудай
Токойчу анын түбүндө.

Коркуп кетти өзүнө
Белги койгон кезинде...
Араң келди эсине
Оо, бироокум кечинде.

Шаттык басты заматта!
Түк албаган оюна...
Жылдызданды жылтылдап
Түркүн шамдар боюна.

Жылдызданды оюнчук
Балатыга жараша!
Кыркылбастан балаты
Токойдо экен караса!

Кыркылбастан бек турат!
Жашыл көкүл балаты!
Муну коргоп жасаган —
Токойчунун баласы!

## ТАБЫЛГА

Мен көчөгө чуркап чыгып
Чоң жол менен баратам.
Солго бурчтан бурулганда
Сомке жатат карасам!

Ала көйсом салмактанат,
Төрт чөнтөктүү ал экен.
Чөнтөкчөнүн ар биринде
Беш тыйындык бар экен.

Ал аңгыча карай салсам
Так эле өшо кочөгө,
Жер тиктеген кыз келатат
Эки көзү көчөдө.

Таман астын теше тиктеп,
Жол таманын сагалап,
Жоготкөнун жол үстүнөн
Таап алчудай каранат.

Билбей турат мына бул кыз
Менин колум тунганын.
Жез тыйындуу сомкесинин
Азыр менде турганын.

Балаа болду ошол замат
Калтыр басты өзүмдү:
Чөнтогүмон жогөтупмун
Жакшынакай макимди!

Курчутулган татынакай
Төрт бычагы бар эле,
Бер жагында кайчы менен
Консерва ачкыч дагы эле...

Ошө замат бет алдыма —
Жанагы кыз келгени:
— Мен таап алдым, сеникиби?
Деп макими бергени.

Кыз колунан макимди алып,
Сала койдум чөнтөккө.
Ал жаныман отө берди,
Туйбай калды эчтеке...

Таман астын теше тиктеп,
Жол таманын сагалап,
Жоготконун жол үстүнөн
Таап алчудай каранат.

Билбейт али мына бул кыз
Менин көлум тунганын.
Жез тыйындуу сомкесинин
Азыр менде турганын.

Кылчайдым да кыз артынан
Чуркап жеттим бат эле.

— Ой, кыз токто, мобереги,
Сомке сеники беле?

— Меники,— деп кыз кубанып,
Ала койду колуна. —
Кимдир бирөө тапкандыр деп,
Келген эле оюма.

## ОРУН БАСУУЧУЛАР

Нурун төккөн
Күлүң-күлүң,
Чайыттай ачык
Жаздын күнүн!
Зуулдаган түркүм түстүү
Машиналар барат да
Катар тизип жаркыраган
Тигил Кызыл Аянтта.
Ар кай жерден гудок берип,
Бир-биринен озунат.
Машинанын ар биринде
Жүргүнчүлөр отурат:
Жашыл түстүү «ЗИЛ-110» до
Шофер жаккы оң колдо,
Окумуштуу кары отурат
Көз чаптырып оң-солго.
«Чайкада» ак чач генерал
Отурат арт жагында,
Адьютанты тигине,
Шоферинин жанында.
Жаркыраган ак «Победа» ичинде
Донбастагы шахтер барат атактуу.
Тигинекей боз «Волганын» ичинде
Баратыптыр көрүнүктүү кыякчы.
Врач экен «Москвичте» бараткан,
Адамдарды ажыраткан жараттан.

Дөңгөлөктөр
Көзгө илешпей,
Жол тасмасын сыдырат.
Жүргүнчүлөр ашыгышат

Убак өтөт зымырап.
Бирөө шашат чогулушта болууга
Бирөө шашат Футболдогу оюнга.
Бирөө карайт чоң борборду
Машинадан баш катып.
Дагы бирөө концерт жакка эң шашып.
Камырабас жай адам жок,
Калктын баары шашылат.
Да бирөөлөр ооруканада
Кызматына ашыгат.
Ал аңгыча машинанын
Тетиктери тебилди —
Чимирилген дөңгөлөккө
Токтотуу шак берилди.
Акты,
Кара,
Сары,
Көк,
Машиналар турат көп.
Машиналар тизилди,
Үн бербестен күтүлдү.
Машиналар токтоду,
Жүргүнчүлөр токтоду,
Кичинекей бөбөктөрдү
Карап калган окшоду.

Тыпыр баскан тырмактайлар
Бошогон жол жагынан,
Өтүп жатат тигинекей,
Машинанын жанынан.
Тыпыр-тыпыр баскан алар
Түз баратат төтөдө,
Бакчасына өтүшмөкчү
Мына ушул көчөдө.
Быйтыңдаган балдар өтөт,
Чоң кишилер күтүшөт.
Кыйла убакка күтүшсө да
Кыжырланбай түтүшөт.
Кагылайын алар тиги
Кеңеш ишин коргошот!
Заманасын саймалашат!
Туш-тараптан колдошот!

Алар биздин жумушчу!
Алар биздин акындар!
Келечекти куруучу —
Алар биздин асылдар!
Агроном,
Мугалим,
Артист,
Жоокер,
Көрчү ким?!
Ленинчилер!!
Коммунисттер!!!
Даңктанабыз буга биздер!
Татынакай балдарга
Анан кантип күтпөйсүң!
Келечектин ээлери —
Орун басчу балдарга
Ичиң ысыйт, түтпөйсүң!
Балдар өттү көчөдөн
Милиционер бурулду:
— Келечектин ээлери! —
Кубанчылуу бул сөздү
Тургандар бүт туюнду.
Туш-тарапка угулду.
— Келечектин ээлери! —
Шофер буга ынады.
— Келечектин ээлери! —
Шахтер аны улады.
— Элдин күчү! — деп айтып,
Окумуштуу болжоду.
«Элдин даңкы!» — дегенди
Генерал да ойлоду.

## ЭЛДЕН БЕЛЕК

Үч окуучу, үч курбу кыз
Ваза сатып алышты.
Тандап,
Кармап көрүп жатып,
Далайда араң табышты.
Жумуру экен,
Кооз экен,

Не бир укмуш айнектен.
Көргөзмөдө, магазинде
Тургандын эң башкысы,
Жумуру экен,
Кооз экен,
Жалгыз ушул жакшысы.

Бул дүкөндөн алып чыгып,
Зина кармап баратты.
Бурулуштан Тамара алып,
Кызыктырып каратты.
Женя ала коем деп,
Тамаранын колунан,
Түшүрбөспү вазаны!
Түк эбинин жогунан...
Эмне болуп кеткенин
Билбей калды өздору.
Жерге түшүп хрусталь
Бачыр гана эткени!
Шашып калган кыздардын
Тумандады көздөрү.
Сыныгынан айнектин
Күн жылтылдап кетпеди.

Үч окуучу — үч курбу кыз
Жол боюнда селейди.
Бир милиция жетип келип
Суроо берди демейки:
— Эмне болду, айткылачы?
— Сынып... сынып калды, карачы!

Ушуну айтып, үч окуучу
Үч кыз ыйлап калышты.
Ары-бери өткон элдер
Тегеректеп алышты:
— Эмне болду, айткылачы?
— Сынып... сынып калды, карачы!
— Эмне, эмне, эмне дешет?
Эмне болду бу жерде?
— Э, бир айнек түшүп кетип,
Сынса керек бу жерге!

— Айнек эме-ес, ваза болчу!
Биз дүкөнгө барганбыз.
Бешинчи класс жиберишкен
Белек сатып алганбыз!
Белекти биз сатып алдык...
Анан сындырып алдык!
Же ваза жок, же акча жок,
Экөөнөн тең кур калдык!
— Кана, берчи?
— Бери бер!
дүүлдөштү турган эл.
— Желимдешке болбойт да! — деп,
Айтып калды бир шофер.
— Көрсөң мына кырсыкты! — деп
Коштоп койду бир мастер.
Сыныктарды карап коюп,
Бир зор адам тим турду.
Боксер экен, унчукпастан
Бир солк этип улутунду...

Көргөзмөдө ваза турган,
Дүкөндөгү жанагы,
Эл быкылдайт. Бардыгы тең
Бир буюмду карады.

Түркүм кесип кызматтагы
Жүрөт мында адамдар.
Учкуч-майор, жана шахтер
Ким гана жок, баары бар!
Бардыгы издейт бир буюм
Балким ушул дүкөнүнөн табылар.

Мындай деген жазуусу бар:
«АЙНЕК, ФАРФОР, ХРУСТАЛЬ»
Ошол жерде уу-дуу үндөр —
Жалпы чыгып жарышкан:
— Оймолуусун алып бер!
— Жашыл түсүн бери бер!
— Жакшырак го жолдоштор,
Кызыл түсүн алып көр?
— Бержакысын, төмөнкүсүн алып көр!
— Мындай карап көргүлөчү, жолдоштор!

— Кичинекей эмеспи?
Шофер алган жашыл ваза,
Берет сонун элести.
Учкуч коргөн тунук ваза —
Көк асмандай чаңкаят.
Боксер алып да бирөөнү,
Майор жакка алпарат:
— Мен тандадым мына ушуну
Мындан жоктур сонуну!

Бешинчиде бирге окуган
Үч курбу кыз тынчыбай,
Дале көомай олтурушат
Дале ваза сынчудай.

Эл белекти сатып берди
Кыздар катуу сүйүнүп,
Оөр жүкчүл машинеге
Отургузду биригип.

Күзөттөгү милиционер
Шар откордү, жылмайды.
Жана жөлдон таанып калган
Жакшы агайы турбайбы!
Өң-алеттен кеткен кыздар,
Дале чочуп баратат,
Сынбаса экен кымбат белек
Кабинаны карашат.
— Жолдош агай, Гриша! — дейт,
Кыздар тиги шоферге,—
Акырындап жүрөсүзбү?
Ваза сынат бекерге.

Шофер күлөт жооп кылып:
— Сындырбайбыз вазаны!
Кыздарчылап колго коомай
Кармабайбыз биз аны!

Мугалима эжекенин
Салтанатын, эмгегин,
Белгилешет анын быйыл —
Алтымышка келгенин.

Заңгыраган, жаңырган
Ак мектептин залында,
Баягы үч кыз белек берип,
Эжекенин жанында.
Кимден белек?
Элден келет, Сиз окуткан элден келет!
Штаттагы жоокер менен
жөнокөй эл беришти,
Карапайым Кеңеш эли
Бирдик менен келишти.
Биздин бирдик ширей берет
Жылдан-жылга бузулбай.
Окуучулар,
Пионерлер,
Бүт өлкөнүн балдары
Белек берет ушундай!

## КӨНҮМҮШТҮ КОЕЛУ

Он номерлүү трамвай
Бүт бульварды айланар.
Ага түшүп шыкалган,
Бир жүз он беш киши бар.

Трамвайдан эл түшүп,
Улам кайра эл толот.
Бир пионер былк этпей,
орунтукта койкоет.

Жакшы орунду ээлеген,
Ал терезе жагынан.
Колтугунда коньки бар,
Жылгаякка камынган.

Токтоочу жерге келгенде
Көп эл түшүп тирелген.
Кирди карган бир кемпир
Таягына сүйөнгөн.

Утур толуп трамвай
Эл артынан эл кирди.

Бала ордунан тура албайт,
Көрбөгөндөй кемпирди.

Кемпир турат жанында,
Бала озүнүн камында

Аялдама. Трамвай
Өтүп кетпей токтоду.
Бала түштү, оруну
Бошоп калган окшоду.

Берки кемпир бош орунга
Отурууга камынды.
Бирок башка ошо замат
Орун ээси табылды.

Ошо замат да бир бала
Бачым жетип барганы.
Бош орунга кемпирден
Мурда отуруп алганы.

Жүргүнчүнүн көбүн айт,
Трамвайга тирелген.
Карган кемпир калчылдайт
Таягына сүйөнгөн.

Көрсө кээ бир балдардын
Көнүмүшү турбайбы,
Калыс айтар сөзүбүз:
— Карыларды сыйлайлы!

## ДЕҢИЗ МЕНЕН БУЛУТ

Булут каптап деңизди
Нөшөр төгүп жатканда,
Деңиз айтты Булутка:
— Эй, Булут!
Мындан башка жер жокпу?!
Эмне кылдың бу тушка?!

Анда Булут Деңизге:
— Жер үстүндө тегизде,
Милдеттүүмүн Деңизге,
Ошон үчүн бүгүн да
Келип калдым Деңизге!

## САПАР ЖОЛДОР

Жөргөмүштүн желесиндей
Кашка жолдор арасы.
Жалгыз аяк жолдор чубап,
Туташтырат карачы.
Карай берсең узай берет
Анын алыс сапары,
Үзүлбөстөн узак кетет,
Аны менен басалы.
Чөптүү жерге келген кезде
Жол томоосу жоголуп,
Тоо бооруна көтөрүлсөң
Кайра чыгат оңолуп.
Тоодон төмөн түшкөн кезде
Жол төтөсү телчитип,
Жол төтөсү жүрө берет
Жаш-карыны ээрчитип...
Күн кайнаган аптаптарда
Жол узагын көрөсүң.
Учуна түк чыга албастан
Жөнөп келе бересиң.
Катуу чарчап алсырайсың
Тыныгууга бет алып,
Көгүш жерге көчүк коюп,
Отурасың эс алып...
Отурасың бир аз гана
Маектешип ой менен.
Кайра туруп жол тартасың
Өзүң келген жол менен.
Жалгыз аяк жол төтөсү
Кайра чөптөн жоголот.
Жарга түшүп, кыйгап барып
Кайра баштан оңолот.
Көпүрөдөн чуркап барып

Чыгат талаа бетине.
Талаа бойлоп чуркаган ал
Чыгат талаа четине.
Ал ичке жол чурап өтүп
Андан ары созулат.
Дайрага өзөн кошулгандай
Даңгыр жолго кошулат.
Даңгыраган күзгүдөй жол
Токой кесип чуркамак,
Жашыл талаа — шалбаалардын
Бети менен суналат.
Кер муруттуу келберсиген
Кесип буудай талаасын,
Кыдырат жол кызыл бышкан
Жер-жемиштин арасын!
Жаан жууп, жаркыраган
Кашка жолдун танабын,
Дөңгөлөктүн асты менен
Чуркап барат карагын.
Жаркырак жол алып барат,
Шаарлардан — шаарга.
Сен да жөнө аны менен
Мындан — тиги шаарга.
Чоң жол менен бараткында.
Жан жагыңды карагын.
Айылдардын атын ата
Кошкон жолдун танабын.
Чарчаганда тыныгууга
Оңтойлуу жер табасың.
Алыс жакта келатканда
Көз чаптыра каласың.
...Ушул жолдон ким өтпөдү,
Өйдө-төмөн дөңгөлөп.
Нечен така, нечен буттар,
Нечен түрлүү дөңгөлөк...
Ушул жолдор кете берет
Уч-кыйра жок зымырап.
Ушул жолдор кең өлкөнүн
Булуң-бурчун кыдырат.
Бул жолдордон кээде шаттуу,
Кээде капа басасың.
Кээде жакын, кээде алыстан,

Улам алга шашасың.
Кээде ичке, кээде даңгыр,
Жаркырайт да суналат.
Бир кездерде ийрелеңдеп,
Тоо таянып чубалат.
Аба жолу, суунун жолу,
Жалгыз аяк жөө жолу,
Паравозду зымыраткан,
Вагондордун жолдору...
Учкун, сүзүп алдыга кет,
Жол узаткын, бачым жет.

## КАРА ЧЫЙЫРЧЫК КАЙТТЫ ҮЙҮНӨ

Кара чыйырчык кайтты үйүнө
Түз жол менен сүйүнө.
Оюн-дөңүн өзү билер
Көзгө тааныш белгилер.

Чыйырчык учмак төрт күн катар,
Ошончо алыс бул сапар.
Төртүнчү күн бийик көктөн —
Токой көрөт төмөнтөн.
Андан ары өзөн жатат
Шалбаа жатат көгөргөн.
Дагы аржагы тааныш колхоз
Чыйырчык мындан кетеби!
Кымындайдан чыйырчыктын
Өскөн жери — Мекени.
Балапан чак өткөн эле
Тээ-тетиги айылдан.
Ал айылдын дарагына,
Өзүнө үй салынган...
Күндөп-түндөп зыпылдап,
Чыйырчык учуп келатат...
Арыктады, арыды,
Эки мүрү талыды.
Төрт күн өттү сыягы,
Үйгө жетер убагы.
Биздин чыйырчык жанагы

Алды жагын карады.
Алды жагын караса:
Токой турат баягы.
Бирок өзү таңкалды —
Үстү жактан калкыган,
Тааныш эмес кок деңиз
Толкун айдап чайпалат.
Тунук суусун карасаң,
Көк асмандай чаңкаят...

Жер үстүндө чыйырчык
Аркы-терки айланды:
Кок шалбаасы колхоздун
Көчүп кетип калганбы?!
Андай кетет чыйырчык —
Ар жактан да суу көрөт.
Мындай кетет чыйырчык —
Бул жактан да суу көрөт!..
Балаа болду, буу болду!
Туш-тарабы суу болду!..
— Кайда учуп кетемин?
Кайда конуп өтөмүн?
Кайда байыр этемин?
Кайда барып сайраймын?
Кайда күлүп-жайнаймын?!.
Мекениме жеттимби?
Же тетири оттүмбү?
Же адашып кеттимби?;»

Ошо тапта чыйырчык:
— Кряк! — деген үн укту.
— Таап келдиң жердешим,
Жаңылбастан бу тушту!
Саруркабай азырак
Сабыр этип кеп укчу:
Куйүнбостөн бекерге
Дагы азырак, дагы уччу.
Суудан өтүп кайыңдын
Арасына барасың.
Ошол жерден өзүңдүн
Колхозуңду табасың.
Жаңы колхоз, жаңы бак,

Жаңылбастан аны тап.
Чыйырчыктын баарысы
Ошол жакка ашыгат.
Бул жердеги көк деңиз —
Жыргал болду биздерге! —
Биз сайрандап түшкөнгө!..

Чүрөктөрдүн үнүн уккан
Чыйырчык дени чымырап.
Ак булуттан бийик учуп
Кетип барат зымырап...
Көк деңизден өткөн кезде
Чыйырчык канат кагынган.
Ак кайыңдын арасында —
Колхоз турат жаңырган.
Чыйырчык кетти тигинекей
Карап түптүз көчөнү.
Ушул колхоз өзүнүкү,
Так өзүнүн мекени!
Жаңы колхоз, кенен көчө,
Алда кайдан даңгырайт.
Бу колхоздун ар бир үйү
Ак сарайдай заңгырайт!
Чыйырчыктын эски жайы —
Бутактардын бири эле.
Эмки жайы — ар бир үйдө,
Аппак сарай тимеле!..

## БУЛУТТАР

Булуттар,
Булуттар —
Түрмөктөлгөн капталы,
Тармал экен бүт баары.
Жыртык экен капталы.
Көкто калкып аялдайт,
Жеңил экен жел айдайт...
Көк майданда жатамын,
Көзүм тиги булутта.
Кыялданам:
— Неге мен,

Учпайм тиги булутча?!
Анда болуп бир укмуш,
Аида кызык тири укмуш,
Күүлөнгөндө бир гана
Учуп чыксам тим гана.
Колум жетип булутка,
Өзүм жүрсөм булутта!
Бирок булут — булут да,
Кайсы жерди туштайсың;
Москвадан — Ереван
Рейс менен учпайсың.
Тиги булут — булут да.
Күн-түнү жок булутка,
Булуттар,
            Ашып тоону кете алат.
Океанга жете алат.
            Океандан өтө алат!
Ар өлкөгө жете алат!..

Көрөм десе булуттар,
Тээ ыраакы чыгышты,
Желге тосуп далысын,
Кете берет жумушпу?!

Жел айдаган булуттар,
Уча берет талпына.
Жаман жери бир гана;
Из калтырбайт артына.
Ишенбеймин шумдукка
Окуясы булуттун,
Кулакка көп куюлду.
Жатып алып ойлосом —
Коркунучтуу туюлду!

## ЖЕЛ, ШАМАЛ, БОРООН

Шамал, Бороон, Жел үчөө
Жер жүзүндө ойноду.
Жер жүзүндө ойноду —
Түк жай алып койбоду,
Түк жай алып койбоду.

Күндөр өттү ар кандай
Күч-кайраты жангандай.

Ал үчөөнүн кичүүсү —
Үлбүрөгөн эрке Жел
Жүрө калчу үлбүрөп,
Кечке жатчу ургүлөп,
Кээде турчу үлдүрөп.
Жол чаңына кайрылып,
Чөптүн ичин жай кылып,
Каакым башын үйлөчү
Чөңураакка тийбечү.
Термеп калчу береги —
Чөптө турган желени.
Дем алганы билинбес
Бир араңжан болучу,
Анын бар-жок экени
Түк билинбей туруучу.

Ортончусу алардын
Кичүүсүнөн күчтүүрөк,
Тынчыбастан тырмактай,
Күндүр-түндүр иши көп.
Укмуштуудай болуучу
Кайраты да күчү да,
Дайыма көп киши да.
Баш кийимин ала качып,
Ыза кылчу балдарды.
Батперегин ала качып,
Тызылдатчу аларды.
Аркырачу тоо-талаада
Жүрсө мейли каякта.
Тегирменди тызылдатып,
Буудай салчу заматта.
Жүзго чыккан дарактардын
Башын чайкап кыдырчу.
Мелтиреген суунун үстүн
Бырыш кылып сыдырчу.
Жел кемени зыпылдатып,
Айдап жүрчү, аныбы...
Ошон үчүн алда кайда
Кетчү анын дайыны.

Булардын эң улуусунда
Укмуш кайрат бар эле,
Кабак чытып зиркилдеген
Каары күчтүү жан эле.
Чөлдүн ысык куму менен
Көөмп кетчү кербенди.
Суучуларды каарына алса —
Океан да термелчи.
Зор кырсыкты мунун өзү
Нечен жолу баштады.
Кылым турган дуб-даракты
Карс омкоруп таштады.
Ооба, аларды сыңар тал
Камыш өңдүү суурду.
Далай жолу адамдардын
Заманасын куурду.
Күркүрөтүп зор дабышын,
Кыдырып уч-кыйырды.
Качыратып тамдын үстүн
Чатырларды сыйырды.
Аны адамдар мындан кийин:
Долу Бороон атады.
Пайдасы жок эч нерсеге
Бузуп-жаруу чатагы.
Ал келатса тиричилик
Коркуп турчу зирилдеп.
Капысынан келип калчу
Кокусунан күрүлдөп.

Шамал, Бороон, Жел үчөө
Жер үстүндө ойноду.
Жер үстүндө ойноду,
Түк жай алып койбоду.
Таң атарга жакында,
Жолугушту акынга.
Алар менен акын да
Сүйлөшүүгө камынды.
Шамал, Бороон, Жел үчөө
Аны жандап агылды.
Акын дагы аларга
Акын дагы аларга
Жакынырак баргады.

Үлбүрөгөн баягы,
Кичүү Желди кармады.
Аны кайрап курчутту
Кармап туруп колуна.
Жөнөтөрдө жолуна
Мына минтип буюрду:
— Бойлоп барып дайраны
Аралап өт камышты.
Андагы элди сергиткин,
Иштеп чарчап калышты.
Сыйлык кылып ишине
Күчтү кошкун күчүнө.
Дайым сергип турушсун
Кайрат жайнап жүзүнө.

Ортончуга жөлукту —
Жел кайыкты термеген.
— Сен да буруп жөлуңду,
Жүргүн,— деди — жер менен.
Чогулта жүр жолуңдан
Түрмөк-түрмөк булутту.
Аны жеткир түштүккө
Жаан көрбөй курушту.
Булут айдап, буркулдап,
Мөңгү баскан тоодон өт.
Дан саргарып суусаган
Аштыкка бай жерге жет.
Акырында булардын
Бардыгынан улуусун,
Талап кылды бул акын
Анын моюн сунуусун:
Күчтүү Бороон күркүрөсө
Күүлөнсө да шашыла.
Акырында моюн сунду
Демин жыйнап басыла.
Басылды да берки экөөнүн
Арт жагынан жөнөдү.
Тапшырмасын толук алып,
Акын достун береги.
Аный дебей долу Бороон
Аталган бүт ааламга,
Башын ийип кызмат кылат,

Ар убакта адамга...
Муну менен ырын бүтсүн
Жорголоогон калам да.

## АППАК ЫР

Кар уюлгуйт
Кар түшөт —
Кар үстүнө — кар күчөп!
Карды көрүп сүйүнөт
Канаттуулар, айбанат.
Карды көрүп сүйүнүп,
Киши көөнү жайланат!
Чымчык тоңот аязга,
Уюлгуйт кар аязда!
Карга жуунат мышык да,
Жонундагы кар эрип,
Чуркап жүрөт күчүк да.
Жол таманын кар басып,
Аппак болгон айлана:
Кар уюлгуйт, кар гана!
Күрөк кардан бошообой
Күрөктөр бүт жол кырат.
Карды жүктөп толтура
Машинелер бүт турат.

Кар уюлгуйт,
Кар түшөт —
Кар үстүнө кар күчөп!
Карды көрүп сүйүнөт,
Канаттуулар, айбанат.
Карды көрүп сүйүнүп
Киши көөнү жайланат!
Бир киши эле буй болду:
— Ушул кардуу ишенби
Эстен кеткис күн болду!
Кардуу күндү сураба!
Бизге түйшүк, убара!
Кечке карды кырабыз,
Кечке сүрүп турабыз.
Жамгыр болуп тер кетет

Бүткөн бойду көлдөтөт.
Аппак болгон айлана
Кар уюлгуйт, кар гана!

## ИЗ АЛПАРДЫ ДҮМҮРГӨ

Кардуу талаа мелтилдейт
Көңүл ачуу кызыктыр.
Менден мурун да бирөө
лыжа менен сызыптыр.
Аны мага көргөзгөн —
Жарышкан кош сызыктыр.
Зымырадым талаада
Бадалдарды аралап.
Ойкуп-кайкып баратам,
Адырларда сабалап.
Жарым саатча жүргөндө
Үндөр чыкты абалап!
Оң жагымда лыжанын
Изи жатат жаңы эле.
Азыр кууп жетемин,
Өткөн экен эми эле...
Жаңы из менен бурулдум
Жана сызып баратып,
Чоң дүмүргө урундум...
Баратамын зымырап,
Бадалдарды аралап,
Адырларда сабалап,
Канча жүрсөм кайра эле
Баягы изге бурулам.
Анан барбы баягы —
Чоң дүмүргө урунам...

Чоң дүмүргө урунат
Күнү кечке из барып,
Өзгө эчтеке көрүнбөйт,
Дүмүр менен из калып.
Кандай укмуш из эле
Күнү кечке бастырды!
Бир дүмүрдү айлантып,
Күнү кечке жазгырды!

## НӨШӨР

Аптап эле үп болгон
Бышып турган кара өрүк.
Чак түш эле аңгыча —
Нөшөр келди бир төгүп.

Нөшөр тоону этектеп,
Төгүп өттү талаага.
Дарактарды жүгүнтүп,
Бийлеп өттү арада.
Жонун тосту тал-терек,
Сөкмө дубал жана да.

Теректерге соктугуп,
Өзүн жерге сапырды.
Селдеп өтүп жер менен
Көк майсанды жапырды.
Терезе ачып кишилер,
Жамгыр жакка тигилди:
«Ушул нөшөр талаага —
Май болот!» — деп сүйүндү.

Төгүп кетип баратат
Ал аялдап турабы.
Качып нөшөр алдынан
Жолдун чаңы чурады.

Суу төсулуп чакалар
Босогого коюлду.
Өсүмдүктөр чаңын жууп,
Тыштан алды өрунду.

Кара нөшөр шатырап
Төктобостон төгүлдү.
Кең дүйнөгө чабуулдап
Бараткандай көрүндү.
Күн күркүрөп нөшөрдү
Коштоп алга теминди.

Нөшөр тиги жайытка
Жеткен кезде басылды.

Мөлтүрөгөн тамчылар,
Жалбыракка жашынды.
Ошол тамчы теректен
Тып-тып этип басылды.

Нөшөр өттү шатырап,
Удургуду булуттар.
Короолордун кырына
Тизилешти чымчыктар.
Али кыштак үстүндө
Самсаалаган булуттар.

## ЧЫЙЫРЧЫК

Мына биздин чатырда
Бир артист бар сайраган.
Кубулжутат обонун
Күнү бою талбаган.

Шүүдүрүмү жылтылдап,
Туман түшкөн чагында.
Теребелди шаңдантып,
Сайрап турат таңында.

Ага болбойт тыйынча,
Сыймык, даңктын кереги.
Күүгө салат бир гана
Көк асманды береги!

Талантына, эмгекке
Сыйдын болбойт кереги.
Күүгө салат бир гана,
Асман, жерди береги.

## ЧЫМЧЫК

Учуп келип бир чымчык,
Жолго түштү тыбырап.
Оор жүк тарткан ЗИЛ аны
Басып кетти зымырап.

Бир азырак жогору
Учса эмине паренде.
Бийик чатыр, токойдон
Уччу эле го ал эмне!

Майдын кечи магдырап,
Булбул сайрап турганда,
Сакчылары ГАИ нин
Жакшы болмок туйганда...

## СҮРӨТ

Алып кагаз, карандаш,
Сүрот тарттым ойдогу,
Жолду тарттым жана да,
Бука тарттым жолдогу.
Букасынын жанында
Уюн тарта койгонум.

Оң тарапта жаан жаап
Сол тарабы калың бак.
Бутактары корүнөт
Мөмөлөрү салаңдап.
Ал алмалар жаанда.
Суу да болбос жаанга.

Мала өң берип букага
Жолду саргыч кылганым.
Анан үстү жагына —
Тарттым булут турганын.

Салаңдаган булуттан
Типтик сызык өткөрдүм.
Чагылгандуу жааңды,
Бу сүроттөн сен көргүн.

Өзүм койгон тактарды
Чийип өттүм бактагы,
Мына мындан билинсин
Шамал болуп жатканы.

Шамал кагып кетиптир,
Алмалар жок бактагы!
Мындан кийин ойлодум
Арбын жамгыр жаашын,
Бак ичинде нөшөрлөп,
Төгө берсин жаасын.

Ал аңгыча карасам
Сынып калды карандаш,
Түгөнүптүр сыям да
Ишим узап бара албас.

Орунтукту мен койдум
Столумдун үстүнө.
Сүрөтүмдү колго алып
Өзүм чыктым жүткүнө.

Жаман сүрөт болсо да
Көңүлүмдү жибите,
Тигинекей, тигине —
Илип койдум бийикке!

## АДЕП АТКА МИНГЕНДЕ

Мен Кавказга келгенде
Адеп атка мингенде,
Тышка чыккан эл дагы
Мени карап калганы.
Үйдө отурган эл дагы
Терезеден жардады.

Үзөңгүгө түшкөн бут
Бекем тебе албады.
Колум болсо тырмышып
Тизгининен кармады.

Аттын башын кое берип:
— Мени өзүмчө койгула.
Жыгылбаймын мен эч качан,
Ары кийин болгула!

Жайыттан мал келатат.
Бука мөөрөп күркүрөп,
Койлор келет маараган.
— Ары бастыр, жол бергин!
Койчу бала кыйкырат,
Менин атым тык туруп
Кулак түрүп бышкырат.

Оңго тартсам тизгинди
Ал туурага жулкунду.
Атырылса мине албайм,
Анеткенде жүрө албайм.
Такасы бар бутунда
Коркунучу ушунда.
Тизгин тартсам көнбөдү
Бир аз желип барды да
Атырылып жөнөдү.
Карап турат эл күлүп:
— Көргөн эмес ат минип!
Билип мине албаса
Ала качат ат чуркап.
Көйрөң менен тентекти
Ала качып ат жыгат.

Бет алдыман чыккандардын
Билбей жолун тородум.
Дале минтип коемун:
— Атты өзүмө койгула,
Ары кийин болгула!
Арбып кетти таскагы
Чаң туманы каптады.
Ат бир кезде арыктан
Кош аяктап секирди.
Учуп түшүп үстүнөн
Басып калдым бетимди.

Алды жактан келаткан
Кош араба дыркырап:
— Жолуң болсун сенин! — деп
Мени карап кыйкырат.
— Мине албай бир калыпта
Жыгылдыңбы арыкка!

Арыкка өзүм жыгылып,
Кечипминби жаныман.
Ат жыкты да кантейин,
Дарыланып айыгам.
Жалын бекем кармабай
Ат үстүнөн жылбыштым.
Жерге чыккан чалканга
Кош колдодум — тырмыштым.

— Мага жакын жолобой
Ары кийин болгула!
Кайра минбейм бул атты
Өз оюма койгула!

## СӨЗ ЖАНА ТАМГА

Бала чактан бизге окутту
А дан Я га чейинки
Тамгаларды окушту.
Бир тамганы — экинчиге,
Муунду — муунга кошушту.
Биз окудук: Ба-кыт, эм-гек, са-бак-ты,
Ушул сөздөр жазылган ар баракты.
Тамгалардын укмуш күчү —
Окуй алсак аларды.

Ар бир сөзгө белги болуп,
Ар тамгалар жаралды.
Маселен бул төртөөнү оку:
Үч жолу — С Р тамга.
Зор маанини ичине алат
Төртөө турса катарга!
Эгер жазсак А. К. тамга
Ш ны кошсок артына —
Согуш деген суук сөздүн
каары келет калкыма.

Бирок бүгүн АКШ нын
Согуш сүйбөс эли бар.
Согуш жандуу уятсыздар
Унутпаса элин ал.

## АЭРОФЛОТ БИЛЧҮ ЭМЕС

Байырлап аэродромду
Жүрчү эле бир таранчы —
Күркүрөгөн моторду
Кубанып шаттуу карачу.

Самолеттун бардыгын
Өзү тосуп турчу эле.
Учкучтардын бардыгын
Конорунда билчү эле.

Конгондорун аралап,
Кенен-жайкын талаада,
Эрте жүргөн таранчы
Эчтеке жок санаада.

Тимден эле тим туруп,
Өюна бу кылт этти:
ТУ-104 түн ичине
Бир заматта жылт этти.

Ушул жолу зымырап,
Каир жакка жөнөдү.
Сексен эки жүргүнчү
Таранчыдан бөлөгү.

Алыс сапар баратат
Белети жок, чеги жок,
Көз чаптырат тайманбай,
Бирок айтар кеби жок...

Ушундан соң Таранчы
Саякаттап, сабалап,
Бомбей, Париж, Кабулду
Жүрчү болду аралап.

Алып жүргөн жүгү жок,
Тамак сурап бүлүнбөйт.
Бу жүргүнчү — Таранчы
Түк салмагы билинбейт...

## ЖАШ ОКУУЧУЛАРГА ЫР

Ар бир үйдө, ар бир тамда —
Айыл менен шаарда,
Бала колго китеп алат
Адеп окуур маалда.
Эски-жаңы кабарларды
Турат басма сөз бере,
Эгер басма сөз болбосо
Билбес элек эчтеме!

Балдар үчүн биздин китеп,
Биз окусак жарашат.
Өткүр, калыс, акыйкатчыл,
Так болууну жаратат!
Баарыбызга түшүнүктүү
Баарыбызды каратат.
Балдар, кыздар окуй берет
Акыл берип баратат.
Айныбас дос — китеп менен
Айкалышсын бала чак!

Жаңы гана жерге отурган
Балтыр бешик бала да,
Китеп сурайт, китеп кармат,
Китеп кармат ага да.

Туулган күн досуңа сен
Бергиң келсе белекти,
Китеп сатып ала баргын.
Ойлоп койбо бөлөктү.

Сен Гайдардан ала баргын
Билесиң дос сырын да,
Ошо белек унутулбайт,
Унутулбайт кылымга!

Китеп деген балдарга дос,
Пионер баалап сагынат.
Алар сүйгөн каармандар —
Китептерден табылат!
Китептердин барактары

Адамдарга кеңешчи.
Окуп, иште мекен үчүн,
Дайым берет кеңешти.

Балдар үчүн биздин китеп —
Биз окусак жарашат,
Өткүр, калыс, акыйкатчыл,
Так болууну жаратат.
Баарыбызга түшүнүктүү,
Баарыбызды каратат.
Балдар, кыздар окуй берет
Акыл берип баратат,
Айныбас дос — китеп менен
Айкалышса бала чак!

## АК БАРАК

Кагаз жатат апакай,
Так түшө элек бетине.
Аппак экен, жаңы экен,
Кол тие элек четине.

Кандай барак болосуң,
Кайсы көлдон жазылып?
Ушул аппак бетиңе
Кандай сөздөр батырып?

Кимге кандай тагдырды
Алып келер экенсиң?
Жалгандыбы? Чындыбы?
Айрылышуубу таарынып?
Же махабат — сырдыбы?

Коштошуу сөз жазылып,
Каласыңбы үстөлдө?
Же бир токтом түзүлүп,
Турасыңбы үстөлгө?

Ыр чыкпаса көңүлдөн
Туура келбей талабы,
Ачуулана уйпалап,
Акын айрып салабы?..

Бирок ишиң башкача,
Сүрөт тийип энчиңе.
Сүрөт тартат карандаш
Ак баракка телчиге.

Көпкөк мөлтүр асманы,
Кемесин көр кызылдан.
Түтүн көктө карарып,
Күн алтындан сызылган!

## КАРТ КУУДУЛ

Циркте ойногон кары куудул
Жакындап көз жумушка.
Араң гана жүрөк сокту
Дары берип турушса.

Көсөм доктор көрүп турду
Ажал сааты барганын:
Дарыла же дарылаба,
Айла болбой калганын!

Куудул деле өзү сезди
Өлүм сааты келгенин.
Өз тагдыры өлүмгө эми
Башын ийип бергенин.

Алы-жайын сураш үчүн,
Артисттер бүт келишти.
Акробаттар, жонглерлер,
Балбандар да көрүштү.

Алар кирип жылмайышты,
Алын сурап жатышты.
Колдон келбес бул чындыкты,
Унчугушпай катышты.

Эски адатын кое бербейт,
Дале жүзүн караса.
Дале курат жолдошторго —
Баягы эле тамаша!..

Мына ыраазы, көзүн жумду,
Көңүл шыгын бир бөлүп.
Досторунун көздөрүнөн —
Аренаны бир көрүп.

## МЕНИН КӨЧӨМ

Атам — мына,
Өзүм — мына,
Менин көчөм — мынакей.
Машиналар — мынакей.
Щеткасы бар болоттон.
Ал зырылдап айланып,
Жолдун чаңын жоготкон.

Коңузга окшоп басканы,—
Муруттары, капталы.
Мына ошонун артынан
Тунук булак атылат.
Көктөн нөшөр төккондөй
Куюп кетет шатырап.
Кош машина суу чачып:
Көчө турду жаркырап.

Тааныш киши бу жерге
Турат дайым күзөткө.
Тегиз баарын башкарат
Талбай иштеп күзөттө.

Бүткүл кыймыл ушунун
Колун карап бурулат.
Буулуп турган машиналар
Колун көрүп чубурат.

* * *

Ооруганга доктор керек
Аптеканын дарысы.
Жаркыраган жайлар мына —
Ден соолукка даба ушу!

Тунук айнек аржагына
киргенде көз саласың
Кандай дары издеп келсең —
Ушул жерден табасың.

Кирген жерден жарык, таза
Ак таш, тунук айнектен.
Идиштери жасалыптыр
Фарфор менен айнектен.

Сүйкөөчү май,
Суюк дары,
Балык майы катарда.
Түркүн дары:
көптөр менен
көк жөтөлдү басарга.
Витаминдер:
«А», «В», «С» ны
Жактырганың тандагын,
Чиркей чакса — сүйкөөрүңдү
Убагында камдагын.

Суук тийсе, чүчкүрүнсөң —
Аптекага жетип бар.
Андан жагаар дары алып,
Ошо замат иче сал.

Сөөгүң сыздап, баш ооруса,
Чөптөн түркүн дарыны ал.
Суук тийген баш ооруга,
Жардам берет дарылар.

Эч убакта жалкоо болбо,
Эринбегин баарыңар.
Жалкоо жана эринчекке
Эм боло албайт дарылар.

Жалкоо жана эринчектик —
Алган бааңан билинер.
Жалкоолук да баш оорудай
Моюнуңа илинер.

Жалкоолорго жакшы баалар
Өздөрү издеп келмекпи?!
Жалкоолукка ардайыма —
Дары кылгын эмгекти!

* * *

Маңдайына күзгүнүн
Атам барып отурду:
— Сакал, чачым алыңыз!
Тааныш киши озуңду;
Кырк жыл бою бул киши
Сакал менен чач алат.
Устарасын, кайчысын,
Үкөгүнөн бат алат.
Аркасынан бапестеп,
Шейшепке ороп атамды,
Шакылдатып кайчысын,
Алып кирди сакалды.
Колу тийбейт — колуна,
Көз айырбай карадым.
Желкесинен, чыкыйга
Чач алышын карагын.
Көбүргөнүн самындын
Көз айырбай тиктедим.
Шыркыратып андан соң
Жыттуу атырын сепкенин.

Кыздын чачын тегиздейт,
Катардагы чач тарач.
Кыйыктанган секелек,
Эки көзүн жаш чаят.
Текши кылып чачтарын
Кыскартканга кыйылат...
Токтобостон ошонун
Көздөн жашы куюлат.
Күлкүм келди күзгүдөн
Ыйлаак кызды карасам:
Чач алдырып олтуруп,
Ыйлаганын карасаң!

* * *

Зоо-дүкөнгө биз кирдик —
Куду токой ичиндей:
Коен, түлкү, ак чычкан
Жаныбарлар бүтүндөй.
Жашыл-ала тоту куш —
Сайрап берер отуруп.

Эмне кылсак экенбиз:
Эмне тандап барабыз?
Эмне сатып алабыз?
— Табылабы силерден
Сары күчүк кичине?
Азырынча жок эле.

* * *

Биз издедик зоо-дүкөндөн
Талаа гүлүн, көк гүлдү...
— Мындай гүлдөр кайда өсөт
Айткылачы, ким билди? —
Жооп берет мындай деп,
Биз угабыз мындай кеп:

— Москванын алдындагы
Токой ичи — ачыктан,
Көп жыл мурда биздин аскер
Душман менен атышкан.
— Бир тесте гүл бергиле!..
— Мынакей гүл келгиле!

* * *

Тиги бурчта эски үй турат,
Жакын күндө бузулат,
Жети үй-бүлө эски үйүнөн
Жакын күндө кутулат.

Ал орунга туура эки жүз —
Түтүн кирчү үй курат.

Туш-тарабы терезелүү
Балкону бар үй турат.

Тетигинде туристтер
Автобусту аялдайт.
Французча сүйлөшүп,
Французча баяндайт.
А балким,
Француз тилдин өзү эмес,
Же орусча сөз эмес!

Ар бир бала окуучу
Чет тилдерин үйрөнсүн,
Чет тилдерди,
    так билсин да сүйлөсүн!

* * *

Ата-бала келди да
Терезесин ачышты.
Таза жууп колдорун,
Гүлүн коюп жатышты!
Болду сөздүн ыргагы,
Тамам болду ыр дагы.

## ТОҢКУЛДАКТАР

Тоңкулдакка Тоңкулдак
Кеп катышты тоңкулдап:
— Башым ооруп жарылды!
Мээм турат солкулдап!
Күнү кечке чокуймун
Тынымы жок тоңкулдап.
Майнабы жок ишимдин,
Баары кетти күчүмдүн!
Мага берчи кеңешти,
Ишим чеки эмеспи?

Анда, Тоңкулдакка Тоңкулдак
Көп сүйлөдү тоңкулдап:
— Айныдыңбы акылдан?

Айрылдыңбы башыңдан?
«Майнабы жок ишимдин,
Баары кетти күчүмдүн!»
Ушул дагы кеп бекен?!
Чыдамың кана өзүңүн?
Чыдап чокуй бербесең,
Кайдан келет тербесең,
Курт-кумурска кешигиң!..
Тоңкулдакка Тоңкулдак
Кеп катышты тоңкулдап;
Токулдаган тумшуктардан сөз учуп,
Үн угабыз, үн тутуп:
Туку-тук... тук...
Туку-тук... тук...
Туку-тук — тук...

## КИТЕПТЕРДИН АРМАНЫ

Барсаңар китепканага
Майыптардын залы бар.
Кандай майып?
Кандай зал?
Суроочулар дагы бар.
Окуу үчүн кирсеңер,
Китеп жайын билсеңер,
Дубал түбүн жай кылып,
Текчелерде жатышат.
Ачылганда барагы
Арыз-муңун айтышат:
— Бир студент кечээ күн
Отурду эле барактап;
Таблицамды шарт эле
Кесип кетти карактап!
Чейрек кылым жашадым
Элге тийип көмөгүм.
Майып болдум ушинтип,
Эми кимге керегим?!

— Майып кылды аспирант! —
Мына ушинтип кайгырды,—
— Илимдеги талантсыз

Ал-күчүмдөн тайдырды:
Адегенде сапма-сап,
Көчүрдү эле эзгилеп.
Анан кайра оолугуп,
Туурап салды кескилеп!
Канча илимий эмгектин
Милдети бар мойнумда...
Кантип жашайм жарым жан?
Түк биле албай койдум да...
Улутунду калың Том:
— Кандай кылам, кошунам?
Мен да катуу ызамын,
Айтканыңа кошулам...
Окуучунун колуна
Чанда гана тийчү элем,
Ардакталып жүрчү элем.
Окуу залга бир күнү
Доцент кирип төргө өттү.
Ошол башка бирөөнүн
Документин көргөздү!
Тийдим мына ошентип,
Жалганчынын колуна.
Жырткыч экен карачы
Айландырды коруна...

Ачылды Том ушинтип,
Барактарын арала,
Соо жери жок карачы —
Барак бүтүн карала:
Көрүнгөндү көзүнө
Тарта берген ашыга:
Чымчыктардын тумшугу,
Аялдардын башы да...

Дубалдарды жай кылып
Текчелерде тизилген,
Китептер бар ушундай
Кордук көргөн кишиден.

Окуп ойго чөмүлгөн —
Китептерди коргошот.
Кескилеген, чиймелеп

Китептерди кордошот.
Мансабын же кызматын
Атай койгон адам бар.
Китептерди кор тутса
Актана албайт адамдар!

## ӨКҮНҮЧТҮҮ ОКУЯ

Туздуу деңиз түбүнөн
Илгери өткөн заманда,
Бир Ташбака чыгыптыр,
Жолобогон адамга.

Эки жүз жыл жашап келип,
Жалгыз өзү калды да.
Ата-энесиз күн көрдү
(Мунун өзү кайгы да!)

Канарск аралын
Жердеп калган атасы.
Алыс Амазонкада
Жашап турду апасы.

Эки жүз жыл аяктап —
Жаңы жылдын алдында,
Бир Бегемот кез келди
Ташбаканын жанында.

Жаман эмес Бегемот
Жоон-жолпу жан экен.
Күч-кубаттуу, сымбаттуу,
Ак көңүлдүү ал экен.

Көлөкөлөйт Ташбака
Кумга оонап, таш жамынып.
Жакын жатат Бегемот,
Ташбакага сабылып.

Ооруп калса Ташбака
Тигил күйөт башкача...

Сыркап калса Бегемот
Жашын төгөт Ташбака.

Ысык эле бул экөө
Ынак эле башкача...
Келчү жерге бир күнү
Келбей калды Ташбака.
Эртеси да келбеди —
Кеттиби кирип жерге бу?!

Кайгы тартты Бегемот
Ичи такыр түтпөдү —
Тоону, сууну кыдырып
Жер калтырбай издеди.

Барбаганы алыскы —
Толкуну күч булуңда.
Аска чапчып океан
Алып кеткен булуңга.

## ИЛЕҢ САЛАҢ БАСАСЫҢ

Бал тартышат шалбаадан
Ызылдаган аарылар
Тынбай кылган тирлигин
Төө коңуздар дагы бар.

Кылдан ичке тор түйгөн
Жөргөмүштүн желесин
Тыным албайт кумурска
Түркүн ойго келесиң.

Бир аз токто!
Эңкейчи!
Бут алдыңа карагын!
Кумурсканын тирлиги
Окшош сага адамым!

Кумурскача биз дагы
Үйгө ташып жыйнайбыз.

— Аракеттен! Жатпагын!
Ушуну айтып тынбайбыз!

Бирөөлөрдү карасаң —
Жөргөмүшчө тор түйөт.
Да бирөөлөр тынымсыз,
Өмүр бою жол жүрөт.

А сен ушул тирликти
Байкай албай жатасың.
Аралап сен аларды
Илең-салаң басасың...

## БИР БАЛА, КЫЗ БОЛДУ ЫНАК

Бир бала, кыз болду ынак,
Таттуу эле ынтымак.

Бирин-бири сыйлашып,
Жолдоштукка бек турат.
Бала узатып үйүнө
Келип турат ар убак.

Бир барышат оюнга
Бир-бирине терикпей.
Эч нерсе жок оюнда,
Бир жүрүшөт эгиздей.

Эне-атасы — ушакчы
Сөз сүйлөлү айылга:
«Чоңоюптур Танябыз!
Жигит жүрөт жанында!»

Бала келсе коңшулар
Жымың этип жүрүшот:
«Колуктуңа келдиңби?
Үйдө жок!» — деп күлүшөт.

Мектепте да ушул сөз
Дуу дей түшүп тарады:

«Комсомолдук жыйынга
Бул ишти ачык салалы!»

Катар басса тиги экөө
Арттан күлкү кытылдайт:
«Үйлөнүптүр Иванов!»
Дегенди айтып шыкылдайт.

Бир бала, кыз болду ынак,
Таттуу эле ынтымак.

Бул баланын оюна
Сүйүү такыр кирбеген.
«Сүйүшүптүр!» дегенди
Көңүлүнө илбеген!

Көңүл сүттой болчу ынак.
Таттуу эле ынтымак.
Уйпаланып ушакка
Өлдү го эми кыз бурак!

Тура албастан түк чыдап,
Өлдү чыны кыз бурак.
Ушакчылар чыгарган —
Шыбыр-күбүр күч курап.

## ШАТТУУ ЗВЕНО

Шаттуу балдар топтошуп,
Көчө бойлоп баратат.
Булар кайда жөнөдү,
Эч ким билбей карашат.
Бир-биринен калышпайт,
Тегиз шилтеп кадамын.
Бирин-бири коштошуп,
Тегиз ырдайт карагын.
    Ыр ырдалса ар дайым
    ырыс жугат заманга.
    Ыр өзүнчө керемет,
    Канат болот адамга!

Достор суугa баратат —
Суугa сүзөт көрүнөт.
Жээкте күнгө кактанып,
Иримдерге чөмүлөт.
Айлансаң да кыдырып,
Ай-ааламды заматта,
Ынтымактуу, бактылуу,
Бу балдардай каякта!
Ыр ырдалса ардайым,
Ырыс жугат заманга.
Ыр өзүнчө керемет,
Канат болот адамга!
Ынтымактуу досторго
Кыйындык жок дүйнөдө:
Дайым даяр жардамга,
Бир-бирине күймөлө.
Мүдүрүлүп жыгылса,
Кокус бирөө жолунан,
Ырдап жөнөйт кайрадан
Күлүп туруп ордунан!
Ыр ырдалса ардайым,
Ырыс жугат заманга.
Ыр өзүнчө керемет,
Канат болот адамга!

## СВЕТЛАНА

Ойгоосуңбу,
Жаздык бырыш болуптур,
Жуурканың ооптур...
Шүүдүрүмгө жылдыз түшүп,
Жел бүлкүлдөп — жыт сүзүп.

Чымчык уктайт ак кайыңдын
Бутагына жөлөнө,
Кара буудай арасында
Бөгүп жатат бөдөнө...

Уйкуң келип жаттың эле!
Уктабайсың эмнеге?

Уктай койчу Светлана,
Сен чоңойгон кыз бала.
Эч коркпойсуң түн ичинде
Жата койгун тынч гана...
Жымың этсе жылдыз көктөн
Чочудуңбу садага?

Бадал түбүн түнөк кылган
Бөжөк уктайт азыр да.
Сен экөөбүз уктайлы эми
Таттуу уйкуну качырба.
Кучакташып уктайлычы,
Уктайлычы эркетай,
Үйүбүздө уйку түнөйт,
Уйку түнөйт: лай-лай-лай...
Каяктандыр океандын
Толкундары шарп этет.
Ал толкундар медузаны
Тынч уйкуда терметет.
Зоопарктагы биргазандын
Түшүнө кирет Африка.
Кетип барат үргүлөп,
Катарында ташбака.
Көзүн жумган пил да турат,
Ал уйкуга бат көнөт.
Ал түшүндө туутан жерин,
Тууган жерин бүт көрөт.

Шамал кетти түштүк жакка,
Жымжырт турат айлана.
Уйкудагы көк камыштар
Шуудурады жай гана.
Жашаң тулаң жүгүнүп,
Желге ыргалып бой сунат.
Калың токой түн жамынып
Таттуу уйкуга бой урат...

Алыс жакта
Чек арада
Сакчы уктабай түн кесет.
Ал турганда үстү жактан —
Чагылганда жарк этет.

Сакчы карайт булуттарды
Жылып жүргөн самсыган:
Арсак-терсек киргил булут
Чектен өтүп калкыган.
Арсак булут окшоп кетет —
Тири укмуштуу айбанга.
Бирок дагы кармоо кыйын
Булут болуп калган да...

Эч ким сенин тынчыңды албайт,
Уктай койчу садага.
Ойготпоймун таң атканча
Ишен кызым, мага да.

Уктай койгун Светлана
Жакшы түштөр көрүп жат.
Көп жол жүрүп чарчагандан
Жел да уктаптыр, угуп бат.
Жел да тиги жолго конуп,
Уктаптыр го талаага.
Чүмкөн сен да уктай койгун
Уйку керек балага...

## ШАЙЫР ТУРИСТ

Тике чыккан тоолордун жолу менен
Шаркыраган суулардын бою менен
Чалкар көлдүн нечени жандап өтүп,
Шартылдаган бир караан келет төмөн.

Жолоочу экен ал бала он төрт жашар,
Жонунда азык салган баштыгы бар.
Баштыгында бир гана азык эмес,
Сүлгү, самын, апакай тиш жуугучтар.

Жалгыз ал кете берди көңүлү ток,
Ит-куштан, жыландан да корккону жок.
Кокусунан кезиксе коркунучтар
Чочулабай күлөт да минтип коет:

— Тар бөлмөдөн чыккамын,
Таптаза аба жутканым.
Бүт өлкөмдү кыдырып,
Көрүп-билер туштамын.

Жашыл тулаң кечкен бала
Колго курал албаган.
Канаттуулар төбөсүнөн
Кайып өтөт сайраган.

Тулаң оттоп дугдуңдаган
Букалар да сүзөнөк,
Үйүр алгандай мөөрөп коет,
Тик качырып сүзө элек.

Көз алдында айбандардан
Коркуп бала качпады:
Кынжыда иттер тааныгандай
Куйрук булгап каппады.

Кээде даңгыр, кээде буйтка
Жолго түшүп калыптыр.
Каршы алдынан жолукканы —
Кээде аюу, карышкыр.

Бирок жырткыч тийбей гана
Тигиндейлеп тынч турат.
Катылбастан жөнүнчө эле
Карап коет ыркырап.

Жырткыч менен канаттуунун
Үнүн угуп койгону
Тикенектүү бадалдардын
Арасынан сойлоду.

Кер муруттуу буудайларды
Сылап өттү үзбөдү.
Дүйүм гүлдүн жыпар жытын,
Жыпар жытын искеди.

Төбөдөгү түрмөк булут
Чатыр өңдүү күн тосот.

Чагылгандуу күн күркүрөк
Ойготкучка окшошот.

Биздин турист мунун баарын
Көңүлүнө жаттады.
Көргөндөрүн бүтүн бойдон
Күндөлүккө каттады.

Барган сайын чарчабастан
Жүрүш үчүн көңүлдүү,
Обон созуп ыр ырдады,
Кайраттанган көрүндү.

Жүрүшүнөн кайтты мына
Ыры угулуп баланын.

Коңшулары кошо ырдады,
Терезе ачып — карагын!
Бактан, үйдөн, дарбазадан
Үнүн коштоп баланын.

Саякаттан бала кайтып,
Эл кубаттап, кубанды.
Эринбеген ушул жаштын
Эрк, кайраты сыналды...

Эл чубады, быкылдайт,
Санат жетпей каларбы.
Мындай деген кыскача
Ыр ээрчиди аларды.

«Кыйын жолду биз кесебиз,
Мөңгүлөрдөн өтөбүз.
Обон созуп дабандардан
Жеңил ашып кетебиз».

Ушул ырды уга калдым
Үн тааныбай коембу.
Баш кийимсиз чыга калгам,
Кууп жеттим обонду.

## ЖАЯН ЖӨНҮНДӨ

Тереңдикте, кеңдикте
Агат дайра кулач кере.
Көпүрөнүн алды жагын
Байырлаган өзү дайым,
Жаян балык жашачу эле.

Чумуп кетип ал тереңге,
Аш бышымга чыкпачу.
Кыймылдабай ал тереңде
Ал тереңге уктачу.

Балыкчылар турук алган
Ал дайранын жээгинде;
Жаан болсун, күн чакыйсын
Түк айныбай кээ күндө.
Торлор жатчу, тор салынчу
Тор салынчу жээгинде.

Таң алдында,
Тыш салкында,
Торго түшчү балыктар.
Сазан түшчү, дагы башка
Толгон түрлүү балык бар.

Балыкчылар сазан эмес
Башка балык издеди.
Өзү залкар, муруту бар,
Жаян балык түшпөдү.

Жата берчү ошол жаян
Кармай албай бир да адам.
Анын жеген тамактары —
Балыр менен ылайдан.
Калган оокат беш метрче
Алыс эле бу жайдан.

Бир балыкчы мындай деди:
— Кармабадык жаянды.
Же биз начар балыкчыбыз,
Же торубуз жаманбы?!

Бу жолу да кармай албай
Кетирсек биз адамбы?!

Дарыянын аржагынан —
Төрт түлүк мал ынтыгат.
Кара жамгыр жарчысындай
Короз шаша кыйкырат.
Дайрадагы тор ичинен —
Мурут чыгып кылтыят.

Бир балыкчы минтип айтат:
— Таптык белем амалды.
Эптеп атып араң зорго
Кармап алдык жаянды!
Андан бери бетмаңдайда
Турган да бир балыкчы,
Кесир чайкап буту менен
Тээп койду балыкты:

— Акыр торго камалыптыр,
Биздин амал жаманбы?
Эми колдон чыгарбаспыз,
Бул баягы жаянбы?!—

Ушул кезде жаян балык
Бир түйүлүп кеткени.
Көк дайраны жана андагы —
Жаш балдарын эстеди.
Тереңдеги бейкут жайы
Көз алдынан өткөнү,
Бир түйүлүп, шарп дей түшүп,
Ыргып сууга кеткени.

## МЕНИН ДОСУМ

Казандагы — татар бала,
Полтавалык — украин,
Алматылык — казак бала,
Жана тоолук — осетин,
Тундрада — бугуну минген бала,
Талаада — күлүк чаап жүргөн бала,

Зымырап машинага түшкөн бала,
Өз өлкөсүн кыдырат аны кара.

Кийиз жапкан боз үйдө,
Жыгач үйдө,
Менин досум жаш балдар
Ар бир үйдө,
Меникине келишет,
Саа да барат,
Сыйлуу мейман ошолор
Ар бир үйгө.
Чөнтөгүндө компасы бар
Глобусу колунда,
Батперегин көкөлөтүп,
Ак булуттун жолунда.
Кыштын күнү — жылгаякта
Жайдын күнү — селкинчек,
Бийик балдак колго алышып,
Узун буттай басат тек.

Шыпылдата балык кармайт,
Көк деңизден, дайрадан —
Каспий менен Балтикадан,
Амур менен Окадан.

Учкуч бала сынактагы,
Атылганы типетик.
Же ал физик, же ботаник,
Же матрос, механик.

Борбордогу ак сарайлар,
Крымдагы коoз Артек,
Бүт аныкы, талашы жок,
Ага таандык келечек!

Ал ак жүрөк, ал кайраткер,
Оттон, суудан жалтанбас.
Жолдош, достон колун үзүп,
Кыйындыкка калтырбас.

Трамвайга майып түшсө,
Кары келсе вагонго,—

Тура калып орун берет
Элпек бала оболдо.

Жакшы бала калп сүйлөбөйт,
Бузбайт чымчык уясын,
Тамекини такыр тартпайт,
Анын ойлоп уятын.
Жолдо жатса ала койбойт
Бирөөлөрдүн буюмун.
Алоологон жагоосу бар
Айкындаган уюмун.
Бүт балдарга үлгү болот
Оңдоп жүрүм-турумун.
Менин досум — жаш пионер!
Көрчү ишинин тунугун!

## ТООДОГУ ОКУЯ

Мен Кавказга биринчи
Жаңы келип турушум.
Адеп тоого чыгышым.
Мындай дешти кишилер:
— Тоого сен жол тартасың,
Кечке маал кайтасың.
Шаркыратма, көлүнө
Сен кызыга бересиң.
Бул жердей деп ойлобо,
Бийик тоонун асманын
Так жаңынан көрөсүң.
Мөңгү тунуп жатканын
Баарын өзүң көрө кет.
Тоолор өзү керемет!—

Жооп таба албадым,
Жөнөп кетип калганым.

«Опурталдуу жолго чыктың,—
Айтып жүрөк кеңешин.—
Отур ташка, шоруң каткыр!
Артпа тоонун белесин.
Эстүү киши тоого чыкпайт
Кайра түшкүн ким кыстайт».

«Кандайча айтып сестесең да
Корко албаймын анчалык.
Белге чыгам, белди көрөм,
Чарчасам да канчалык!»

Арыштадым, бир аз бастым,
Көз карайлап кеткени.
Саным дагы уюп кетти
Өтүк бутту өйкөдү.

Күйүккөн мен тердеп келем
Дем кысылып тердеп денем,
Араң жортуп баратам.
Чарчагандан түшөмбү бүк,
Табыйгаттын көркөмү түк,
Көрүнбөдү карасам...

Жүрөк согот муну айткансып:
«Акылсызым, акмагым!
Канакей бел? Канакей жол?
Кана сенин тапканың?!»

«Чаалыксаң сен, чаалыксам мен,
Чарчасам да канчалык,
Көрбөгөм тоо, көрбөгөм бел,
Белди көрөм мен барып!»

Төрт аяктап, мен эмгектеп,
Муз үстүндө баратам.
Жылган сайын — жаагым ылдый,
Аккан терди карасаң.

Тырмаладым, жогорулап
Мен аскага тырмыштым.
Жыгыламын, кайра турам,
Кайра төмөн жылмыштым.

Көчкү жүрсө күр этип,
Көз жумдуруп тынчудай.
Таш куласа үстүмөн
Мени күмжам кылчудай.

Деги акыры максатыма
Жеткен белем сыягым!
Бутум басып бийик тоонун
Чокусунда турамын!

Капчыгайлар, кең өрөөндөр —
Тээ төмөндө чалкайып...
Бийик аска мына менин
Бет алдымда заңкайып...

Жетип чыгып, мына минтип
Туу чокунун башына.
Калтыраган колум менен
Жазып кирдим ташына:

«Эстүү киши кыдырат,
Тоонун сырын туюнат;
Кайра дагы Тебердага келемин,
Бул чокуну, бул жазууну көрөмүн!»

## АДАМ БОЛ

Токойдогу курт-кумурска
Эмгек этип талыкпай,
Тиричилик салты ушул —
Үй курушат мамыктай.

Бейкут күндө жашагандар
Бекерликтен качышат:
Жоокер чубайт өз постуна
Бала баккан апалар да
Бакчасына шашышат.

Кумурскалар чабагандайт,
Тынбай эмгек жолунда.
Таңдан-кечке чөп, жалбырак
Шыбыр этет соңунда.

Эмгегин жеп тынчын алдың
Бир уюктун бүтүндөй,
Чар-көпөлөк айланышты
Кумурскалар түтүндө.

Карагайдан жалбырактар
Куйуп түштү күл болуп,
Үстү жактан таш боор сага
Карап коюп тим болуп...

Сени катаал, таш боор дедим,
Мен күнөөлүү эмесмин.
Азыр өзүң өрттөгөндү
Өзүң курган эмессиң!

Мына биздин атом доорун
Сен да жашап жатасың.
Кумурска эмес адамсың го
Адамча жол басасың.
Адам болгун. Жер үстүндө
Кумурска да жашасын!

## КЕРЕКТҮҮ КЕҢЕШ

Сен жүрөгүн үшүтпө —
Кыйкырып же таяк кармап күчүккө
Эркелетпей тургандан
Жалкып калат ургандан.
Эркелетпей бакырсаң,
Келбей коет чакырсаң!

## АМЕРИКА УШУНДАЙ

Карта мына алдыбызда:
Мынакей суу, мына жер.
Тегеректе чектелиптир
Ар өлкөнүн шаарын көр.

Жүздөп алар: ири шаарлар,
Атак-даңкы дүйнөлүк.
Миңдеп алар — кадимки шаар
Кадимки катардагылар,
Биз бүт баарын билбедик...

Улуу шаарлар, борбор алар:
Рим, Париж, Дели бар.
А биздин эл сыймыктанаар —
Бул Москва калаасы.
Москвага тең келээри
Барбы деги карачы!

Ар биринде ар башкача
Шаарлардын жолу бар.
Ар биринде өздөрүнчө,
Айырмалуу жөнү бар:
Нефти берип тигил шаар,
Бул — эриткен болотту.
А бул шаар килем токуп,
Кылымдарга тогошту.
Эми бул шаар жерзамандан
Түркүн нанды бышырган.

Мына бул шаар аянттары
Мейкин укмуш, эң кенен.
Ар жыл сайын ыр майрамын
Өткөрөт көп эл менен.

Музей менен эстеликтин
Шаарын байкап көрүп ал.
Порттуу шаар, бактуу шаар,
Бардыгына көңүл сал.
Гүлбакчасы аңкып турган
Анын өзү бейиш шаары,
Анан да ошо — тозок шаары...
Тозок шаар!
Жазылыптыр гезитке ал.
Окудук биз көңүлдө бар.
Ушул жарык дүйнөдө ал
Кишилерге каары бар.
Камалган балдар,
Кайгылуу жандар.

Зордук менен зомбулугу
Көз көрүнө ашынган.
Мээнеткечтин аты чыкпай
Асыл эмгек басынган.

Ырайымсыз катаалдыгы
Калайыкка дапдайын.
Алабамда, Бир мингемде
Азап-кордук ардайым.
Ыйдын шаары, муңдун шаары
Кишилерди кордогон.
Кордолушат кара эл баары
Укугунда болбогон.
Анан дагы мындай үндөр
Кулагыңа угулат:
«Жетет эми!» — деген сөздөн
Ызырынуу туюлат!
Ыза-кордук керек эмес
Өмүр бою адамга,
Жашаш керек адамча!
Линкольндун өлкөсүндө
Адамды эзип кармаган —
Кулдук доору жаралганбы кайрадан?!
Жашоо жаман, түнү бою
Коркунучтан калтырап,
Эркин эмгек эткім келет
Эркин кайрат, күч курап.
Ак эл менен тең катарда
Жүргүм келет жаркырап.
Аларчылап билим алсам
Билим деген шам чырак!
Ку-клукс-клан күңгүрөдү
Күңгүрөктө бар сыры:
«Азаттыкка али эрте
Күтөсүңөр миң жылы!
Ак жүрөктүү не бир арсыз
Аргындар бар актардан.
Караларга ниети бирге
Караларга иш аткарган
Алар катуу жазаланат!
Дароо көзү тазаланат!»
А негрлер сөзү мына:
«Алоолонуп жанабыз!
Азаттыкты күрөш менен алабыз!
Баррикада — Бирмингемде,
Түтүн бургуп, өрт алоолоп,
Иттер келет абалап...

Бир секелек кызды карап
Куурчагын жулуп алат.
Жасоол ошо секелекти
Куурчак менен башка чабат!
Тургуң келсе бир катарга
Ак менен бир катарда?!
Эркти күтсөң ок атылат
Согуш күндөй ок чачырап...
Шылдыр аккан суу боюнан
Омкорулган дарактай
Жааган октор катар кулап,
Катар кыйрап, кан акмай!..
Америка «эркиндиги»
Калк өмүрүн карактай.
«Раса» аттуу ылайлуу сөз,
Аларга эмес жаңылык,
Америкада ал айтылат жаңырып.
Каргыш тийген ушул сөздү
Мында айтып турганым,
Бекеринен ак кагазды булгадым...
Түрү бузук чындыкты алар
Чет элдерден жашырып,
Түркүм кооз журнал чыгат
Америкада басылып.
Кызыл-тасыл сүрөттөрү
Кишилерди караткан;
Аппак аял турат ана
Негр менен жанашкан,
Балдар, чоңдор бардыгы тең
Жадыраган, күлүшкөн.
Негр — ата, негр — эне,
Бийлеп, ырдап жүрүшкөн...
Бу журналды Алабамда көрүшпөйт,
Ал штатта бу журналды билишпейт!
Барактасаң көңүлүңө
Бир нерсени илесиң:
Ушул журнал кызыл-тасыл
Калп экенин билесиң!

## СӨЗ ЭРКИНДИГИ

Чет өлкөдөн кандайдыр бир
Мейман келди Союзга.
Ак тоголок болтогой
Толук экен ал мырза.

Ал сүйлөдү: — Көрүп келдим,
Париж, Лондон, Римди,
Эми көрөм: Москва, Кавказ,
Ленинград, Крымды. —

Айттык ага: — Бизге жакшы
Меймандардын келгени.
Датчандарды тостук, дагы
Америка, Англия элдери.

Бизге келет ар убакта
Ар элдерден туристтер,
Ленинградга бир убакта
Келген экен, көргөн экен
Кадимки мистер Твистер.

Эми тигил чет өлкөлүк
Тынбай учуп саат сайын,
Убактысын сыдырды,
Мейман үйгө орноштү да
Москваны кыдырды.

Оорукана, мектептерди
Аралады текилдей,
Борбор шаарды бүтүн көрдү
Убактысын кетирбей.

Көмүр казган кенчилерди,
Жумушчусун Уралдын.
Волгадагы балыкчыны,
Колхозчусун Кубандын.

Днепрде, Дондо болду,
Баку менен Ереван,
Деңиз бойлоп, Артек жактын
«Костеруна» келди анан.

Эң эле көп заводдорду,
Шаарларды аралап,
Кеме менен сүзүп өттү,
Поезддерде сабалап...

Бардык жерде кубангандай
Жылмаюусу жүзүндө.
Кимге болсо сыпаа-сылык
Жүрөк сыры ичинде...

Бир күндөрү ал вокзалдан
Таңыркады алайып:
— Көргөндөрүм — түшүм бекен?
Же жомокпу ажайып.

Акырында алиги сэр
Кетти үйүнө кайрадан.
Журналына жазды көп сөз —
СССРге арнаган.

Ал жазыптыр Москваны
Советтердин бийлигин.
Жана дагы ал жазыптыр.
Биздин элдин кимдигин.
Баса, бирок анын кана,
Баягы айткан сөздөрү?!
Ыраазылык, таңкалганы —
Бардыгы тең тескери!..

Ким болду экен ошол турист
Баарын көргөн кыдырып?
Буржуазия журналисти
Ууру кылган жымырып.
Ушундан соң эске келет,
Сар басманын сөздөрү:
Алар үчүн — Сөз Эркиндик —
Же калп айтып, же унчукпас кездери!

## АДАЛДЫКТЫН ТАЛАБЫ

*(Том агайдын кепеси)*

Сахнадагы көрүнүштө:
Кыйнап адам жандарын,
Чыркыратып бөлүп жатты
Атасынан балдарын.
Ыйлагандар, онтогондор,
Айтып зарын, арманын.
Байлык издеп, байлык кууп,
Олжонун таап оңоюн,
Өздөрүнө кул тандаган —
Плантатор кожоюн.
Негрлерди кордоп жатты,
Алдарынын барынча.
Оозун ачып, тишин санайт,
Айдап жүргон малынча.
Мына базар — кул сатылар:
— Мындан дагы ким берет көп?..
— Сатылды кул, алып кет!..
— Кана кимге кезек келди?
Эй кара кул тургун бери!
Эси ооган бул,
Том кара кул,
Турду ордунан темселеп.
Кана, достор!
Карап көңүл салгыла,
Том байкушту алгыла!
— Мобу кулга ким кардар?
Ашык акча кимде бар?
Оо, байкуш Том!
Кандай колго түшөсүң?
Кандай күндү күтөсүң?
— Ким ашык берет?
— Ашык жок, демек!..
— Ким ашык берет?
— Мына, бир сом, демек!
— Ким ашык берет?
— Мына!— деп бирөө,
Билеригин созот,
Анан төөнөгүчүн да кошот.

— Кана, кимдер бай?
— Ким алат негрди?
Плантатор баа көбөйтүп баратат...
Көрүүчүлөр караңгы зал ичинен
Сахна жакты кыжырлана карашат.
— Ким ашат? Бир! Ким ашат? Эки!
Ушуну айтып плантатор басып турду сахнада.
Ошо тапта шыбыраган үн чыгып,
Секелек кыз чуркап чыкты сахнага.
Секелек кыз Том байкушту аяган
Кожоюндан арачалай карады.
Сунуп калды колдо беш сом акчасын:
Том кул болуп кожоюнда жатпасын!
Плантатор — актер көрүп акчаны,
Уятынан кулап кете жаздады.
Секелек кыз беш сом сунган боюнча,
Үнсүз турду бул акчаны —
Алат деген оюнча.

Көз ирмемге ойлуу турду кишилер;
Беттешкендей жакшылыкка жамандык.
Алтыныңды четке кагып жаткандай
Арамдыкка каршы турду адалдык!

Залда жымжырт, үн дебеди кишилер,
Жактырышты адалдыктын талабын.
Ушул саатта бүткүл Совет өлкөсү —
Жактап турду тигил кыздын тарабын...

## БАЙЛЫК ЭЭСИ

Бир өлкөдө бай кемпир
Жыргап-куунап туруптур.
Анан ошол бай кемпир
Кокустан көз жуумптур.

Анын сансыз байлыгы
Артында эми калыптыр.
Анан да бир килейген
Бульдог — ити калыптыр.

Бай кемпирдин чынында
Туугандары бар экен.
Андан калган байлыкты
Ээлеп калар чагы экен.

Сансыз байлык акчаны
Алар эми бөлүшмөк,
Үйүп-жыйган оокаттын
Үзүрүн бир көрүшмөк.

Бирок кемпир көрүнөө
Туугандарын таныптыр.
Бүт байлыгы кемпирдин
Итке арналып калыптыр!

Мыйзам жолу каршы эмес
Мына кызык көрүп ал:
Баарын итке таштаган —
Мөөрү менен колу бар.

Жан таслим болордо
Жакындардан кечиптир.
Жакшы көргөн дөбөтүн
Алтынга ороп кетиптир!

Кереги не акчанын
Ит барабы дүкөнгө?
Ит, мышыктар акчаны
Урунмакпы дүкөндө?

Ит болсо да ошентип
Байып калды дардайды.
Оозу-мурдун карасаң —
Семизинен мардайды.

Байлык деген ушу экен,
Малайы бар дөбөттүн.
Күндө ойнотот сейилде,
Кереги жок бөлөктүн...

Дөбөт турат өзүнчө
Жасалгалуу үйүндө.

Түркүн тамак даярдайт,
Ашмачы ага күнүгө:

Таң эртеңки тамагы —
Сонун быштак жанагы.
Түшкү тамак баягы —
Майлуу балык а дагы.
Кечкисин ал ашамак —
Эт тууралып жасалат...

Анан эрке дөбөттү
Курортторду кыдыртат.
Жылтылдатып тегиздеп,
Жүнүн тарап сыдыртат.

Машина бар алдында —
Муну ташып жүгүргөн.
Кооз кара күрмөнү
Киши өңдөнүп кийинген.

Каалаганча оозунда
Каймак кошкон ичкилик;
Дөбөт бая өзүндөй —
Ит баласын таанибайт
Көпкөн экен итчилик!

Жыйын курчу байлардын
Тизмесинде ал жүргөн:
«Тынчтык!» десе, дөбөт дароо
Ыркыраштьи үйрөнгөн!

Гезиттердин беттерине
Дөбөт «сөзүн» жазышат:
Анын «ою», «көз карашы»,
Дегенди да басышат.

Дөбөт эми ушинетип
Байлык ээлеп алганы.
Ит болсо да байлык болсо —
Бар экен го салмагы.

Мунун баарын карап турсаң
Таасири экен акчанын.
Көрчү акчанын чет өлкөдө
Эмне кылып жатканын!

## МАЛЧЫ МИХАСЬ

Чөп киринип шүүдүрүмгө
Таңкы тоок чакырат.
Малчы бала ыргып турат
Өз атасы батрак.
Ач-жылаңач бала чуркайт
Чоорун тартып сабалап:
Түмөндөгөн мал айдаган
Ую, кою аралаш.
Ушул Михась көргөн күнү
Атасына чамалаш.

Токойго бай бейкут край:
Арча, кайың, карагай,
Козу карын тере бергин
Чытырманды аралай.

Козу карын терип алсаң
Тыйын турар табылып,
Төрө көрсө сен каларсың
Бир кырсыкка кабылып.

Колчөлөрдү сен кыдырсаң
Балык кармап аларсың.
Кулагыңды толгоп урар
Бир балаага каларсың.

Козу карын тербейт Михась
Балыгын түк ойлобойт:
Баарын ээлейт — пан, князь,
Андан күчтүү жан да жок.
Шалбаа бүтүн анын чөбү,
Менчик токой, жыгачы,
Илбээсиндер бүт аныкы,
Өзөн, талаа сугаты.

Суудан өтчү көпүрөнү —
Өзөндөрдү төөнөгөн,
Буртулдаган чаңдуу жолду,
Бүтүн баарын ээлеген!
Баарын мыкчып кармап турат,
Баары өзүнүн колунда.
Михась бала анда малчы
Батрактын тобунда.
Бир Михастын өзү эле эмес,
Анын ага тууганы,
Айыл бүтүн, болуш бүтүн
Ага кызмат кылганы.
Чыгым салса, алым алса —
Анын сөзү эп болот.
«Мунун баары — менин акым,
Дың этпегин!» деп коет.
Чоң коргондо анын үйү
Көргөндү таң калтырат,
Тоо башына тургузулган
Чептей болуп заңгырап...

Кеч киргенде Михась келет
Жайытынан мал айдап.
Ал аңгыча князь чыкты —
Алды жактан чаң айдап!
Михась коркуп жата калды
Камчы колдо карышты.
Князь чаап өтө берди
Чаң көргөзбөй жарышты.

Ал түн өттү көздөн кайым —
Князь изин жашырды.
Көөдөй түндү таң алмашты
Таңкы титок чакырды.
Ошол түнү бул айылга
Мындай деген кеп тарап:
Пандар качып жаткан имиш
Өз күнөөсүн калкалап.

Кээси атчан из жашырса,
Кээлери жөө элтеңдеп,
Үйү-жайын таштап алар

Түн жамынып темтеңдеп.
Чек арадан октор чуулап,
кыштак тыңшай калды да,
Советтерден полку келди
Кедейлердин айлына.
Оор-залкар броновик
Тоонун жолун ордоду.
Айыл эли туш-тараптан
Бүт келишти көргөнү.
Самтыраган Михась турат
Элди жалжал каранат.
Шынаарлайт да алыс кетпейт,
Жоокерлерди сагалап.

Кол көтөрүп бир командир:
— Жердештерим, биз келдик!
Согуш эмес жериңерге —
Бейкут күндү апкелдик!
Бизге каршы согушкан жок
Солдат куру бүлүнө.
Согуш болбойт бейкут күндө
Солдат кайтат үйүнө.
Поляк солдат — кедей уулу
Биздин эмес касыбыз!
Поляк солдат — жердешибиз
Биздин эмес жатыбыз.
Көрүп турам: жашыл шалбаа,
Токой менен талааны,
Көрүп турам мал жайытын,
Көз кайкыган арааны.
Түбөлүккө силер ээлеп —
Таштагыла санааны!
Шалбаадагы элдин чөбү,
Эл токою чытырман.
Талаадагы эл эгини —
Тартып бүткүс кызыл дан.
Данды карай элдин жолу,
Жат кишилер бара албайт.
Бийлигиңер — элдин колу,
Пандар кайра алалбайт!—
Михась минтип сурап калды
Сыртка сүрөп илеби:

— Сөлдат агай! Ленин да
Силер менен жүрөбү?—
Чогулуша тыңшап калды
Асылзат го эл деген.
Жооп берди танкист анда:
— Ооба, Ленин эл менен!
Ал аңгыча гезит бетин
Шамал ачып бербеспи:
«Правдадан» колун сунган
Ленинди көргөздү!

## УУЛУМ МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ

Уулум укчу! Аңгемемди
Мен айтайын биз жөнүндө,
Жана Мекен энеңди.
Мына ушундан көп жыл мурда
Ким эркиндик алганын,
Көкөлөтүп кызыл тууну
Петроград, Москвага,
Ким биринчи сайганын.
Кимдер кырчын жаш өмүрүн,
Күрөштөрдө бергенин,
Түбөлүккө сага кимдер
Таалай алып келгенин!

Үчүнчүдөн сен окуйсуң
Көп жолдошуң сыяктуу.
Сен өңдөңгөн окуучунун
Бардыгы тең сабаттуу.

Көп жыл мурда өлкөм көргөн
Падышадай митени.
Бүт балдарда болуучу эмес
Дептер менен китеби.

Окушчу: бай, ак сөөктөрдүн,
Көпөстөрдүн балдары.
Бирин-серин баруучу эле
Кедей-дыйкан балдары.

Ар жыл сайын кедей айдап,
Кедей сепчи эгинди.
Кедейлердин акысына
Байлар гана семирчү.

Мээнет кылчу кедей байкуш
Кашык каны калганча,
Бирок кургур ачка жүрчү
Бир тое албай карганча.
Кайда бармак курган кедей,
Кимдерге айтмак арманын?!
Кедей жебес тамак менен
Мырза бакчу тайганын.

Токой, талаа, жана шалбаа,
Нечен теше жүздөгөн,
Мунун баарын ээлөчү бай,
Тартып алып күч менен.

Шалбаалар да кожоюндун чөбү эле,
Токойлорго бүт кожоюн ээ эле,
Бай жерине эч ким даап бет албайт,
Коругуна эч ким басып өталбайт.
Мырза ал кезде кандай гана жашаган,
Кедей билбес тамактарды ашаган.
Сандык толуп, капчык толуп киреше,
Кылт этишчү кедей жутпас «тазадан».
Ар убакта сайран куруп, шапар тээп,
Алыс болчу кайгы менен кападан.

Көп жылдарда кара жанын карч уруп,
Шаарларда жумушчунун күнү өтчү.
Кожоюнга иштеп өмүр-акыры
Жумушчу калк өз өмүрүн түгөтчү.

Жумушчу калк станокто,
Домна мештин жанында,
Жыгаччы уста верстакта,
Иште жаның барында!

Жедеп жанга батканда
Көтөрөсүң муштумду.

Кызыл байрак колго кармап —
Шилеп жүрөк учкунду!
Кожоюнга сен киресиң
Кошумча акы тилейсиң..

Ошол замат жандармдар
Кармап алып өзүңдү,
Былчылдата керип кирет,
Айттырбастан сөзүңдү.

Өкүм-зордук кайда экенин
Ошо замат билесиң,
Күнөкөрдүн кебетесин
Ошо замат киесиң.
Сүргүндөлүп алыс жакка
Жүрөккө кек түйөсүң...

Бирок дагы жер жүзүндө
Намыстуу көп адам бар.
Жарыктыкта эзүү жаман —
Ойлонушту адамдар.

Түрмөлөрдүн чынжырынан
Алар качып чыгышты.
Элин эркке жетелөөгө
Алар кайрат кылышты.

Кылым бою тумчуктурган
Кара кочкул туманды,
Жер жүзүнөн шыпырышка
Жумушчу калк куралды.
Алар элдин таза кийип,
Ток болушун ойлоду.
Жүз жыл бою малайлыкта
Жүрбөс жагын болжоду.

Алар ойлоп, эмгекчи калк
Эркин өлкө курганын,
Ал өлкөгө: жумушчу калк,
Дыйкандардын өзү бийлик кылганын.

Биздин жерде: түрмө, сүргүн,
Эзүү кишен калбасын.
Большевикти падыша да,
Эч ким жеңе албасын!

Туу көтөрүп, эмгекчилер
Эркиндикке чыгышты:
Куралданды Петроград,
Көтөрүлдү жумушчу.
Жакырлыкты, күрөштөрдү
Өткөргөндөр башынан,
Жакырлыкты, күрөштөрдү
Өткөргөндөр мурдагы,
Падышаны кулаткандар
Он жетинчи жылдагы.

Алар бакыт алып берди,
Орундалды ойдогу.
Экөөбүздүн бактыбызды
Мына ошолор коргоду.

Айлананы карап көргүн,
Баары бизге, биздики:
Жүздөп теше тоо да талаа,
Уч-кыйры жок токой, шалбаа
Эл деген зор күчтүкү!

Гүлдөгөн бак биздер үчүн
Кожоюндун багы эмес.
Ак сарайда балдар окуйт
Төрөнүкү ал эмес.

Чубурган дан көпөстөрдүн
Кампасына куюлбайт.
Жаркыраган ГЭСтин күчүн
Жалгыз киши урунбайт.

Жер айдайбыз, дан себебиз,
Эркин эмгек кылабыз.
Шахталардан көмүр казып,
Металдарды куябыз.

Үй ичине газ киргизип,
Жыргалчылык курабыз!

Газ, көмүр, дан, үй-жайыңан...
Айтылбаган калдыбы?
Бүгүн байлык бүт биздики
Айланаңдын бардыгы!

Завод менен фабрикалар
Эмнени иштеп чыгарса,
Мекенибиз сыймыктанат,
Күчүнө күч уланса.
Бүт — биздики! Баары — бизге!
Биздин асыл ишибиз.
Душмандарды титиретет,
Ширетилген күчүбүз!

Ошол күндө Смольныйда
Сакчы болгон билип ал,
Элге кызмат өтөй келди
Тиги даңктуу генерал.

Мурүту али көрүнө элек
Анда жапжаш бала эле.
Кыйын күнгө майышпаган
Өткүр кайрат ал эле.

Кайтып келип сакчы болгон
Баррикада күнүнөн.
Төңкөрүштүн буйруктарын
Аткара алган дилинен.

Кремлдин дарбазадан
Бери чыгып келаткан.
Тааныш аял тиги кызыл
Аянт менен бараткан.

Ал депутат, профессор
Кабары бар баарынан.
Эски убакта ашмачы эле
Кадимки Орел шаарынан.

Тигинекей үч окуучу
Жайда Артекке барышат!
Латыш, якут, бири — өзбек
Ысык достор көңүл шат.

Үч баланын укугу тең,
Достуктары бепбекем.
Кан майданда аталары
Салгылашып бирге экен.

Улуу Ленин бүт элди бир
Үй-бүлөгө ширетти.
Биздин элден сен көрбөйсүң
Илгерки өткөн сүрөттү!

Айтып бүткүс башыбыздан
Биз өткөрдүк кайгыны.
Биз күрөштүк таалай үчүн,
Элим өсүп дайрыды.

Какыр чөлгө шаар салды
Бүгүн совет адамы.
Агыны күч дайра адамдын
Керегине жарады.

Талыкпаган адам колу
Укмуштарды жаратты.
Илимде укмуш сырларды ачып,
Бүт ааламды каратты!

Акыйкатты коргоо үчүн,
Арнап канын, бар күчүн.
Уул кетти. Эне узатты
Ал эмизген ак сүтүн.

Салгылашта душман күчү
Талкаланды билип ал.
Жеңиш ээси биздин солдат
Биздин баатыр генерал!

Уулум оку, сыймыктангын,
Сен советтин адамы.

Өз жолуңду тандап алгын
Эмитеден бил аны.
Эмгекте же салгылашта
Өзүңдү бек кармагын.

Бакытка эргип, кырсык болсо —
Бекер жүдөп калбагын.
Аябагын бар күчүңдү
Ата-Журтка арнагын!

Лениндик туу алдында
Туулдуң сен жаш жигит.
Кызыл жылдыз нурлантканын
Унутпагын сен билип.

Баштап барат бизди алга
Биздин улуу партия.
Биздин мекен ширетилди,
Майтарылгыс күч кура.

Биз максатты алдан көрүп,
Алды жакты карайбыз.
Эркибизче кура алабыз
Эмнелерди самайбыз!

## КЕРБЕН

Күн-түнүнө чөл кесип
Төө баратат кум кечип.
Үстүндө ээсин оордобойт,
Убарасын ойлобойт.

Кумду кечип калкыган,
Төө артынан төө барат.
Ар биринин үстүндө —
Кербен деген — ээ барат.
Калкый баскан төөсү да
Төө үстүндө ээси да,
Ушул узак жолунда,
Тынызгуу бар оюнда.

## МИША КОРОЛЬКОВ

Жыл маалына толкун жүрөт
Көк деңизде түрүлө.
Биздин албан кемебиз
Алга сүзүп күнүгө.
Толкун менен эрегишет
Тынбай күнү-түнүнө.
Карт капитан муруту бар,
Суучул жапжаш уландар...
Түпкүр жакта көп жүк жатат
Челек, ящик, таңылчак.

Чимириктей чимирилтет
Чоң барасын пароход.
Кичинекей каютада
Келет Миша Корольков.

Миша уктабайт, баарын угат:
Кычыраган палуба,
Күчтүү тура бул машина
Толкундарга бой ура.

Апакеси жөнөттү эле:
Өзү калып тыякта,
Көк деңизде саякатта
Келет Миша быякта.

Түнү бою эне уктабай
Тамак кийимин дайындап.
Бирде-бирин унутпастан,
Баарын салган дайындап.

Пристандан муну сүйлөйт,
Эне кандай асылсың:
— Баламды аман жеткиргиле,
Ак жолуңар ачылсын!
Карт капитан жооп кылды:
— Төгүн эмес, аныңыз,
Балаңызды жеткиребиз,
Кам санабай калыңыз.
Эне суурул, жүз аарчысын:

— Кош, кош уулум! Кош!— деди,
Пароход да Владивосток
Портун карай кетти эми.

Булут көчүп, күн күркүрөп,
Жарк-журк этет чагылган.
Тынбай жүрөт, оркөчтөнөт
Үйдөй толкун чамынган.
Толкундарды толкун кууп,
Пароходду сермешет.
Бир көтөрүп, бирде таштап,
Оюнчуктай терметет.

Кенен мейкин палубага
Чыга албайсың бут басып —
Үйдөй толкун күр-шар этет
Агызгыдай күч ташып.
Бөлмөлөргө илип койгон
Сүрөт кыйшык көрүнөт
Стакандан чай төгүлөт
Толкун тынбай теминет.

Алыскы тынч океанда
Толкун тынчтык бербеген,
Мына ушинтип ар убакта
Пароходду термеген.

Миша тыңшайт, түк уктабайт:
Кычыраган палуба,
Бут алдында бирдеме онтойт,
Бул эмине болду ыя?!
Озондогон бирдеме улуйт,
Миша уктабай ойгонот:
Бирткеге өзүн, кайра —
Апакесин ойлонот.

Мишага азыр дубал менен
Тактай жылып жүргөнсүйт.
Каютага чырак кармап —
Тыштан бирөө киргенсийт.
Жуурканды моряк ачты:
— Коркпо Миша, кийин сен!—

Анда Миша жооп берди:
— Коркпойм, азыр кийинем!

Кызыл жагоо жалын өңдүү
Алоонот төшүндө.
— Топчулангын,— дейт капитан. —
Баары болсун эсиңде!
Миша чочуйт: «Балаа болду?
Калабыз го тумчугуп!»
— Коркпогула!— дейт капитан
Кайраттана унчугуп.
Мындан катуу толкундардын
Арасында болгонбуз.
Кыйындыкка каршы туруп,
Биз тоготпой койгонбуз!

* * *

Саат сайын толкун басып,
Шамал дагы жайлады.
Жээк бүлбүл көрүнгөнсүйт —
Көк деңиздин аржагы.
Мелтилдеген суу үстүндө
Жаңырган ай жарыгы.
Бир нерседен шек алгандай
Капитандын калыбы.

Капитандын дүрбүсү бар
Көз жиберет алдыга...
Баары чарчап суу болушту,
Эмне болот алдыда?

Миша бала чочуп кетти:
Мында япон деңизи,
Тоосу башка, шаары башка,
Булар башка эл негизи!

«Бир кырсыктан кутулганда
Ооп чоочун тарапка
Якор таштап, аяк бассак
Жердин үсту тарапка.
Капысынан балакетке

Биз кабылып ушундай
Ушул түнү бу кырсыктан
Калабызбы кутулбай?!»

Биздин соода параходдо
Биздин байрак жүргөнү.
Булуңга эми сүзүп кирдик,
Угулду иттин үргөнү.

Чогуу кирди параходго
Чоочун жандар жаракчан
Сүйлөп калды япончо алар
Каютада бараткан.

Кулпуларын шарактатып,
Сандыктарды ачышты.
Найза менен жара сайып,
Таңылчакты чачышты.
Баарын ачып, мандаттарды
Бүт текшерип жатышты.

Мурасива полковниктин
Каткан кара өңү бар.
Аяң-буяң кылбай туруп,
Токтом жазды көрүп ал.
Бул кырсыкка майышпады
Биздин баатыр суучулдар.
Миша менен катар турган
Ак чач кары капитан.

Мурасива эрдин сүртүп,
Айтты мындай чечимди:
— Ушул жерге, орус тилде
Кол койгун!— деп өтүндү.
Кол койбоду капитан...
«Бул жарабас бүтүм!» — дейт.
Миша тыңшайт, үн дебейт,
Жаш жүрөгү дикилдейт.

Жалын болуп албырат
Кызыл жагоо төшүндө.
Алда эмне болчудай
Абайлоо бар сезимде...

Жакындатып үстөлгө
Алып келди баланы.
Пионердик белгини
Мурасива карады:

— Бул ким өзү, карагын?
— Отличник баламын.
— Эмне дейсиң? Атаң барбы, айтчы эми?
— Атам Кызыл Армиянын жоокери!
Чек арада — сакчылыкта бил аны!

Алдастады желдет көзүн
Чанагынан чыгарды.
Тура калып, кайра отуруп
Мурасива кубарды.
— Каргыш тийген жагоосун
Азыр чечип алгыла.
Эки колун кайыргыла,
Аркасына таңгыла!
биздин Миша пионер
Андан коркуп кетпеди:
— Бербеймин мен жагоомду!—
Тил албады чечпеди.

Эки желдет алдастады,
Экөө карап камынды.
Мурасива тура калды,
Буркулдады чамынды.
Миша бала мойнундагы
Кызыл жагоо алынды.

Булут кечкен асмандагы
Чоочун элдин күнүндө,
Бак-дарактар гүлдөп турат,
Түрмөнүн тыш түбүндө.
Көзгө чоочун көрүнүштөр
Мишаны бүт каратат.
Эки солдат — япондуктар
Мишаны алып баратат.

Качыр-кучур этип тепкич,
Эшик, кулпу чакылдайт.

Даттуу илгич чыйкылдайт да
Оңой менен ачылбайт.
Коридорду бойлоп келип
Өткөрүштү бөлмөгө,
Бир офицер отуруптур
Телефондуу бөлмөдө.

Чендүү экен. Анын өңү —
Окшоп кетет чаянга.
Көз айнекчен көзүн кара,
Киши чакчу чаян да!

Турду тиги (Мишадан да
Бою кодоо адамбы):
— Большевиктер өлкөсүнөн
Келген бала аманбы!—

Тиги митаам көзү менен
Карап коет баланы.
Тышта солдат күтүп турат
Алып келген жанагы.

Эстейт бала апакесин:
Апасы — анда,
Бул — мында.

Тоо-токойлуу жери калды
Жан сергиткен абасы.
Тегерете парда тарткан
Бул капасты карачы.
Тиги офицер басып келип,
Шыбырады балага:
— Достошсок биз, тил алсаң.
Азаматсың сен анда.
Айткандарга жооп берсең —
Кайра кете бересиң,
Кубанасың үйгө жетип,
Ата-энеңди көрөсүң.

Мына сурак башталды.
Миша тыңшай баштады:
Сен турасың Сахалинде,

Советтердин жеринде.
Канча окуучу бар силердин —
Аткычтардын чегинде?

— Алты сегиз — кырк да сегиз.
Беш тогузуң — кырк да беш...
Көбөйтөбүз, көчүрөбүз —
Эң кыйын го эсептеш!—

Офицер да минтип сүйлөп
Жакындады Мишага.
Ал тиштенип келатканын
Көрүп турду Миша да:

— Оң сүйлөгөн жообуң үчүн
Даяр конфет, шоколад.
Жок тетири сүйлөгөндөр —
Камчы менен жаза алат!
Кайра улантып сураштьі,
Миша тыңшайт суракты:

— Эгерде ар бир пионер
Бүткөн кезде мектебин
Ким болгусу келишет?—
Миша сүйлөйт: — Мекенине
Кызмат кылып беришет!

— Ай булутту чүмкөнүп
Болгон кезде түн кереӊ,
Заставага кирсе болот
Каяктагы жол менен?
Сен айтсаң мен жазып алам,
Укпайт бизден башка адам. —

Анда Миша жооп берет:
— Ата-Журтту кыйбайбыз!
Жерибизге биз пионер
Чыккынчылык кылбайбыз!
Сөзүн бүтүп офицер
Шоколадын жеп алды.
— Сабап туруп айттырабыз,
Пионерди!— деп алды.

— Мейли кандай кыйнасаң да
Канчалыкка жанды сен!
Айталбаймын! Айталбаймын!
Заставанын жолун мен!

* * *

Ак саманда чычкан жүрөт
Чычкан тиши кытырайт.
Каяктандыр каалганын
Үнү чыгат, кычырайт.
Алыс жакта үйдө жалгыз
Уктай албай ойгонот.
Эне кургур уулун ойлоп,
Тынчы кетет толгонот.
«Кайда жүрөт? Эмне болду?
Кат келбеди кулунум!
Кандай алда жүрөт экен,
Дени сообу мунумун?»

Балыкчылар чыккан убак
Бул кезекте деңизге,
Балыкчыны шамал айдайт,
Уч-кыйры жок деңизде.
Миша атасы — чек арада,
Сакчылык өз жолунда.
Жылдыз санап, айды карап,
Миша турат оюнда:
«Кайда жүрөт? Эмне болду?
Бир кабарын бербеди.
Ушунчалык кечикти го,
Уулум неге келбеди?»

Ошо кезде коридордо
Жетелешип баланы,
Тарс эттире ачышты да
Алып келип камады.

Тамчы суу жок кургап турат
Какшып калган карапа.
Дубал менен каалганы
Желе баскан караса.

Жер таманы ичиркентет
Муздай экен жадаса...
Бу туткундан ким куткарат?
Аман чыгар бекемин?
Үйгө мени ким бошотот?
Качан кетер экемин?»

* * *

Шаар уйкуда көшүп жатат,
Трамвайлар токтогон.
Бейкут түндө сакчы гана
Уйкуга ыгын кошпогон.
Күзөттөгү турат жоокер
Самолеттун жанында,
Бейкут түндө мемиреген
Москванын алдында.

Кремлдин ичиндеги
Аппак сарай заңгырап.
Өчпөй жанат тетигинде
Жаркыраган шам-чырак.
Бир үстөлдө бөтөлкөдө
Каштай тунук суу турат.
Алыс жакта — Сахалинди
Мындагылар кеп кылат.
Сөз кылышат параходду,
Суучулдардын тобун да,
Миша бала туткун болбойт
Бөтөн элдин колунда.

Жаш пионер кайтат үйгө,
Эч кырсыкка кабылбайт.
Биздин өкмөт калкаласа
Адам өрткө чалынбайт!

Шамал жортуп, тор кургатат
Кум чайкаган жээкте.
Жыгаччылар тайга жирейт
Таң бир куланөөктө.

Көк деңиздин ак көбүгүн
Чарпып өтөт ак чардак.
Туткун болбой бошоп алган
Биздин кеме келатат.

Сонун, таза каютада
Саат согот чыкылдап.
Толкун жиреп зор кемебиз
Алга барат зыпылдап.

Чай ууртаган карт капитан
Мурутунан жылмаят.
Боцман да көңүл-оюн
Тамашага шыйгарат.
Бурап коет радио,
Көңүл кошо ыргалат...

Ойлойт Миша: «Тирүү калдым!
Мекениме баратам!»
Жаш жүрөгү жайдар согот...
Москва үнүн угат ал.

Владивосток жакын калды,
Саат алга сүрөдү.
Тоодой толкун көк деңиздин
Алтын кумун шиледи.

Сурнайчылар тартып турса
Сурнай үнү бапылдайт.
Күн нурунан чагылышкан
Сурнай өзү жаркылдайт.

* * *

Шаар турат коздолгон
Кызыл-тасыл желекчен.
Суучулдарды тосушкан эл
Портту карай жөнөшкөн.

* * *

Баары түгөл-соо келишип,
Баары үйүнө кайтышкан!
Миша менен катар турат
Кадимки ак чач капитан.

* * *

Миша түшүп келип бери
Ата-энесин көрдү эми.
Миша көрдү апакесин
Көздөн жашын тыйбаган.
Миша билет апакеси —
Сүйүнгөндөн ыйлаган.

* * *

Атакеси көз чаптырат
Уулун келет көргүсү.
Түз какайып турганын айт,
Сакчы-жоокер белгиси!

Айланада — биздин тоолор,
Өзөн, адыр, талаалар.
Амансыңбы, Совет жери!
Биздин сүйкүм калаалар!

## БАЛДАРГА ДАСТАН

Жайдын түнүн таң ойготуп,
Жаңы сүргөн чыгыштан.
Гитлер кандуу буйрук берди
Кошундарга буюккан.

Бүткүл элге Советтерге —
Бизге каршы чыгышкан.

Эркин элди ачка кылып,
Сактаганды калкалап,
Гитлер буйруп: өрттө деди,
Жерге каптап талкалап.
Максаты анын:
Жакырланып, азап тартып,
Чыгып турсун ыйыбыз.
Өзүбүздүн үй жанынан
Угулбасын ырыбыз.
Бардык байлык немистерге карасын,
Бардыгын тең чет элдиктер таласын!
Орустар да өзгө улуттар
Эркиндикти билбесин,
Жумушчуга, дыйкандарга
Түк эчтеке тийбесин!
«Жок,— дедик биз,— бул кордукту
Көтөрө албайт биздин эл.
Кесир кылба, аппак нанга,
Жолуңа түш, кайта бер!

Биз Советтик өлкөбүздө,
Немис тилин билебиз.
Италия, дат, швед, түрк,
тилин ойго түйөбүз.
Англисче, французча,
Дагы сүйлөп жүрөбүз.
Тууган жерде ырдап, жазып,
Орус тилин сүйөбүз.

Биз байыркы борбордон же,
Тиги кыштак айылдан,
Үйдөн алыс жүргөн кезде
Орусча сөз жаңырган.
Жүрөктөргө жылуу тийип,
Биз кубана деребиз.
Эне тилин уккан кезде
Эргип көөдөн керебиз
Биздин мизди кайтара алчу
Кандай күч бар дүйнөдө?

Түпкү атабыз, чоң аталар
Жоодон коркпой күймөлө,
Жеңиш күндү майрамдашкан
Даңкы чыгып дүйнөгө!»
Большевиктер көтөрүлүп,
Батыш менен чыгыштан,
Орус полку көтөрүлүп,
Түп көтөрө чыгышкан.
Орус менен бирге туруп,
Белорустар, латыштар,
Украин, жана армян,
Грузин, молдаван, чубаштар —
Совет эли түп көтөрө
Каршы аттанып душманга,
Эркиндик күн, мекен үчүн,
Жалпы баары чыкканда!—

Россия көтөрүлдү,
Көрчү журтум айдыңын!
Кыйын күндө Москва айтты:
«Майданга бер бардыгын!»

Кузбасс айтты· «Мекен үчүн,
Бүт беребиз бардыгын!»
Урал айтат: «Колго түшпөйм,
Жаттын колун карабайм!»
Баку сүйлөйт: «Нефти берем,
Мекенимден аябайм!»

«Байлыгым бар, чети оюлгус,
Жылдар эмес кылымга —
Алтай айтты уруна бер,
Кылымдардан — кылымга!»
«Керек болсо аябайбыз,
Зарп кылабыз жанды да,
Жетимдерди бөпөлөйбүз,
Аябайбыз малды да!»
Казакстан бөпөлөдү
Жапа чеккен калыкты.
Өзбекстан куштап турду,
Жабыркаган карыпты.

Бүткүл өлкө бир кишидей,
Убадада туруп бек,
Кийиндирет, ичиндирет,
Жоокерлердин камын жеп».
Москва айтты, Ата-Журтка:
«Бүт майданга бардыгың!»
Өлкө-Мекен жооп берет:
«Жеңиш үчүн бардыгын!»

Күндөр өттү апта сызып,
Түшсө да азап конушка,
Баатырдыгын эл көрсөттү
Кан төгүлгөн согушта.

Эл эрдигин жөмок кылып,
Бүтө албассың арбыган.
Душмандардын үрөйү учуп
Орел, Москва алдынан.

Кызыл жоокер батыш жакка,
Жоону сүрүп бараткан,
Бир«Боордош армиябыз —
Ата-агалар жаракчан!

Партизандар салгылашты —
Сыймыктанат мекени!
Баатыр шаарлар дарыланды,
Бат айыгып нечени.

Болгонду бүт жазалбайсың
Кан майданда көргөндү.
Салют айтат — немистерге
Катуу сокку бергенди!

Москвадан болгон салют
Бүт ааламга угулат.
Досторго да кастарга да,
Баарына бүт туюлат.

Салют болсо — жеңиш бизде,
Биздин сыймык оболойт.

Жеңиши бар чатырлардан —
Кызыл байрак алоолойт.

Февралда кайда болдук?
Көргүн мектеп картасын.
Март айында канча жылдык —
Көз алдыңа тартасың.

Апрелде мында турдук,
Мындан тосуп май айын.
Канча туткун ушул жерден
Түшүргөндү санагын!

Даңктуу биздин генералдар,
Даңктуу биздин адмиралдар,
Сууда сүзгөн, атчан жүргөн
Солдатка даңк билип ал!
Түк чырм этпей катыккан,
Ысык-суукка жүрүп ал,
Өлгөндөргө, тирүүгө даңк!
Чын жүрөктөн ыракмат!

Боору үшүп жерде жаткан,
Унутпайлы эрлерди,
Силер үчүн,
Биздер үчүн,
Өмүр-жашын бергенди!..

* * *

Кырчылдатып душмандарды
Талкалаган майданда.
Кылчая албай душман артка,
Кайра качып калганда.
Биздин солдат, генералдар
Тылды эсине салганда:
«Москвалык тракторист,
Ивановдук токуучу,
Күндөп-түндөп көмүр казып,
Өлкөмө күч кошуучу.
Жерин айдап, эгин баккан
Дыйкан бабам бөлбосо,

Болот кармап чоюн куйган,
Жумушчу агам болбосо,
Айыгышып душман менен
Канча сүрүп баратсак,
Фашисттерди жер жүзүнөн
Кыйын болчу аласташ!»

Өткөн майдан окуясын
Айтып бүтө албайсың.
Тылда болгон укмуштарды
Көңүлүңө арбайсың.
Учур келет, көкөлөмөк
Улуу иштер айдыңы.
Бул күндөгү эмгекчи элдин
Ырга айланмак бардыгы.

Граната, мылтык албай,
Четте туруп согуштан,
Булар дагы солдат болуп
Булар дагы согушкан.

Эч убакта унутпайбыз,
Биз алардын эрдигин.
Сыймык жана даңк аларга
Мактоо жетпейт эрдигиң!

* * *

Жөө катарга тизип айдап,
Туткундардын арбынын.
Москвага алып келет,
Туткундардын бардыгын.

Он дагы эмес, жыйырма эмес,
Санаты көп алардын.
Бир армия түзүлчүдөй офицер
Офицерин карагын...

Кан майдандын кара жолу,
Чаңдап туман жамынган.
Фриңтер келатышат
Башы жерге салынган...

Айтkылачы, эмнеликтен
Башты жерге салдыңар?
Туткундалуу жаман бекен?
Эстен танып калдыңар?!

Мындай туткун болооруңар
Эсиңерде жүрбөгөн.
Эс гана эмес туткун болуу —
Түшүңөргө кирбеген.

Чечкиндүү айтып: бүт жеңилип,
бересиңер дегенбиз.
Москвага туткун болуп,
Келесиңер дегенбиз.

Колго түшкөн буюмдарды,
Кошо тартып келатат.
Биз музейге жеткиребиз,
Элдер аны карашат.

Биздин полктун машинасы,
Алды жактан зыркырап:
— Берлинге алыс калдыбы?! — деп,
Мыскыл менен кыйкырат.

Кан майдандын жол-талаасы,
Чаңдан туман жамынган.
Баш кесерлер келе жатат
Башы жерге салынган...

Жолдун чаңы... жолдун чаңы...
Чаң кошулат чаңдарга...
Өткөн согуш окуясын
Айта берем балдарга!

Биз жеңерде замбиректер
Жер силкинтип дүңгүрөп.
Ал күндөгү согуш заарын,
Согуш заарын билдирет.

Мейли жерде, асмандабы,
Же деңизде, кургактан.

Биз согуштук бирдик менен
Түк кылчайып турбастан.

Англичан жоокер колун
Кысып орус солдаты,
Алыстагы — Сан-Франциско
Жакындады карачы!
Өзүбүздүн Ленинград —
Москвадай арасы.

Биздер менен бирге туруп,
Селдей каптап — муз жарган.
Эл менен эл кол кармашып,
Эрик, намыс жана ыйык
Өч алууга биз барган.

Югославия эли сүйлөйт:
— Даңкыбызды бербейбиз!
Эзилүүгө көнбөйбүз!
Словактар мындай дешти:

— Бизди басып тепсеген!
Согушабыз өч менен!
Италиян, румын эли
Берлинге ыркын көшподу:
— Берлин үчүн согушпайбыз, токтөду!
Баш тартышты болгарлар да согуштан:
— Немис үчүн жан бар бекен беленде!

Өзү түшсүн, өзү казган тереңге!
Париждеги французадар жай жашап,
Грек, чехтер борборунда жай басат.
Өз эркинче сыймыктанган адам бар,
Бирөөлөрдөн басынбаган адамдар!

Шаарлар да коөдөн кере калышкан —
Бир кутулуп, коркунучтуу табыштан!
Коркунучтуу күркүрөктөн кутулду,
Адам түгүл шаар эркин дем алып.
Сапарга чык, кай тарапка кааласаң
Жүрө бергин чар-тарапка жол алып!..

* * *

Балдар уктап күндөгүдөй,
Терезелер караңгы.
Ойгонушса — таң атыптыр!
Согуш бүткөн баягы!..

Согуш күндөр кетсин, бүттү!
Бейкут күндөр бар тура.
Кетсин, кетсин карабайбыз
Кылчайбасын артына.

Асман, жердин сезин алган
Күркүрөктү укпайлык.
Согуш атын биз унутуп,
Биз мемиреп уктайлык.

Караңгылык алмашылды,
Жаркыраган күн менен.
Түбөлүккө коштошолу
Азап-кайгы түн менен.

Жеңиш күндү майрамдап эл
Учат жакшы кабарлар:
Келет, келет кан майдандан —
Карачы ата-агалар!

Төштөрүндө медал менен
Ордендери жаркырап.
Кайда болуп келгендиги
Мына ошондон айтылат.

Кыйын кезең күндөр өттү
Таң калтырган адамды.
Кандуу согуш кайда гана
Ыргытпады аларды!

Айтып бүткүс жоокерлердин
Кандай күндөн өткөнүн:
Карпат тоодон кантип ашып
Кандай суулар кечкенин.
Борбор шаардын сегизинде

Жашап мында жеткенин.
Жөө кыдырып чарчабастан
Канча өлкөнү кескенин.

Кызыл кыргын салгылашта
Берлинге алар барганын.
Душман күчүн таарып түшүп,
Рейстагды алганын.
Эки солдат — бири орус,
Экинчиси — грузин,
Өрттөй болуп жанганын,
Кызыл тууну көкөлөтүп,
Рейстагга сайганын.

Берлинди алган биздин жоокер
Жете келип Амурга,
Анан келди Порт-Артурга
Кайрат-күчү табында.
Хинганда да болушту алар
Жүрүп келип күнү-түн.
Тынч океан келген кезде
Аяктатты жүрүшүн.

Жоокер бейкут маектешип,
Таттуу сөздөн сүйлөшөт:
— Мен үйүмө кайтар менен
Мектебиме башбагам.
Кайра окутам балдарды
Улайм ишти баштаган!

Коңшусунда кеп анан:
— Адегенде байыр алып,
Бир жумача дем алам...
Сур көйнөктү, боз шинелди
Билем чечер маалды,
Эс алам да кура баштайм,
Кыйрап калган шаарды!

— Сегиз сутка жол жүрдүм,— дейт,
Үчүнчүсү жашырак.—
— Кострөма алдындамын,—
Деп көөт да ашыгат.—

— Ар минутту санай берем,
Жетсем экен батырак!

Күндөп-түндөп вагон тынбай,
Чимирилет дөңгөлөк.
Майдан жактан жеңиш менен
Жеңиш менен эл келет!
Аккордеон — ырлар учуп
Жоокер жыргап термелет!..

* * *

Окуясын ал күндөрдүн
Ырдоо, жазуу бүтпөстүр...
Кан тилеген ыйлуу күндөр —
Күлкү менен алмашты.
Журт кандайча тоскон эле
Жеңиш ээси — солдатты!

Поезд келип: эл дуулдап,
Журт дуулдап сүйүнгөн.
Жубай күткөн жоокер ана —
Солдат киймин кийиинген.
Эне күткөн уулу дагы
Солдат кийимин кийинген.
Улгайыңкы ата келди
Солдат киймин кийинген.

Амансыңбы баатыр жоокер
Биртууганым-боордош?!
Сен өмүрдү коргоп калдың
Жеңиш ээси — асыл дос!

Ар бир үйдө, ар бир күндө
Сени ойлобой калбадык.
Сени эстедик, таттуу тилек
Бир өзүңө арнадык.

Сыймыктандык сени менен
Эсибизде жүрөсүң.
Ар бир үйдө турчу эле го
Татынакай сүрөтүң:

Жөп-жөнөкөй рамкада —
Ар бир үйдө илинип,
Кээде,— атчан, кээде — жөөсүң,
Боз шинелиң кийинип...

Кээде жалгыз, кээде көпсүң,
Жоокерлердин шартында.
Офицерсиң же солдатсың,
Жүргөн жоокер салтында.

Күткөн учур келип жетти,
Биздин көңүл көкөлөп.
Тууган үйгө өзүң кайттың,
Жеңиш күндү жетелеп.

Майыптар көп — жоокерлерден,
Кандуу согуш зарпынан,
Ач көз ажал буйтап өтүп
Снаряддар чарпыган.

Андайларды көрсөң токто,
Кары бекен, жаш бекен?
Өткөн согуш ветераны
Улгайган ак чач бекен?
Жаратынын белгиси бар
Жаркыраган белгиси бар
Жаркыраган төшүндө.
Кызмат кылгын ошого сен:
Жандай досум!. Өзүм де!..

* * *

Кайраттуулар кыйын ишке
Жоокерлердин тобунан,
Кайсы иш болсо машыккан ал
Баары келет колунан!

Кийим бүтүн, курсагы ток,
Болсун Совет адамы.
Калайыкты курсант кылсын
Жоокерлердин кадамы!

Баатыр жоокер завод ишин
Колго алышты жабыла.
Завод кызып дүкүлдөдү,
Дүкүлдөдү чамына.

Тиги поезд — жыгач тартса,
Бирөө — көмүр, бирөө — кен,
Күндөп-түндөп тыным албай
Зыпылдады баары тең.
Учкул поезд узак жолду,
Арышына жымырат.
Чоң Донбасстан чыккан ошо
Днепрогэске зымырап.

Баарыбызда бирдей тилек
Биргелешкен күч-билек.
Биз иштейли, чарба өнүксүн,
Жадырасын жергебиз.
Кайра күндөй бийиктикке
Көтөрүлсүн өлкөбүз.

Албан кайрат-кубат алсын
Айыл-кыштак, борборум.
Биз көрөлү мурдагыдан
Татынакай болгонун.

Салгылашкан күндөр өттү
Жан аябай күрөштүк.
Ата Мекен буйругун биз —
Аткарып күч үрөштүк.

Элим уккун мына бүгүн,
Бейкут күндөр экенин.
Аткара бер милдетиңди —
Тапшыра бер Мекеним!

* * *

Эзелтеден бул ааламда —
Далай өлкө, улут бар.
Өлкөлөрдү жердеп келген —

Түркүн далай улуттар.
Бирок биздин Совет өлкө —
Бардыгынан улук да ал!
Мекендеги токой, талаа,
Тоо да суулар, ар тарап,
Бардыгына эл ээ болуп,
Элдин өзү башкарат!

Биздин бийлик байларда эмес,
Бүт калыстык момунда.
Жөпжөнөкөй жумушчу же
Колхозчунун колуңда.
Эл тандаган депутаттар
Алтыны көп бай эмес.
Же болбосо дворян,
Түпкү тектүү ал эмес.

Ал эрктүү эмгекчи өзү
Эркиндиги — байлыгы.
Эли менен байланыштуу
Тагдырынын бардыгы!

Катаал күндө көрсөтө алган
Элге сүйкүм экенин.
Канын төгүп коргоп калган
Энекеси — Мекенин!

Баадамчы сен аларды
Тиги бийик орундан;
Бир атанын баласындай
Депутаттар чогулган:
Ал — белорус, тиги — армян,
Украин, молдабан,
Татар, казак, осетиндер,
Грузин, эстон жайнаган!

Өлкөбүздүн уул-кызы,—
Бирдиктүү көп адамын,
Аскер башчы, солдаттары,
Баатырларын карагын!..
Биз бир тууган партиядан
Ажырагыс турабыз.

Мекен менен элдин күчү,
Ширелишкен урагыс.

Бул күндөрдө кимдер сүйсө,
Жандай көрүп өз элин.
Кимдер сүйсө бир боордош
Партиясын, Мекенин,
Колдорунан эмне келсе
Арнай берсин Мекенге.
Күч-кайраты кошо жүрсүн
Сүйүктүү Ата Мекенде!

Шаардабы, айылдабы,
Жардам берсек өлкөгө.
Байлык толуп жерибизге,
Бакыт орнойт өлкөдө!

## ЭНЕ КҮТӨТ

Кара жолдон оңго кетчү жагында,
Кайрыласың Хуторянка айлына.
Адегенде айыл чакан бул жерде...
Күндөр чубап, ай айланып жыл өттү.
Ынтымактар барган сайын ширелип,
Эл байыды, эл өркөндөп, эл өстү.
Кичине айыл кыштак болуп калдайып,
Короо жайлар кырк экиге да жетти.
Мелтиреген жашыл шалбаа айлана,
Жайып ийсең малдын жаны жайлана,

Айтып бүткүс жемишинин санаты,
Тулаң менен аралаша жайнаган.
Козу карын, дан куурайын карачы...
Чыга калсаң көк дөбөнүн түбүнөн,
Жылгасынан шылдыр булак ырдады.
Көз чаптырсаң ошол дөбө түбүнөн,
Көз учунда да бир кыштак турганы...

Айыл элдин берекеси ай, пейили ай!
Жердей жоомарт, көктөй кенен көңүлү ай!
Чети оюлбай күздөн — күзгө кошулган,

Пейилиндей берекелүү эгини ай!
Кыштак эли ишке кызуу камынат.
Орок, чалгы ар бир колдон табылат.
Шайман курчуп талаа-түздө жаркылдап,
Көк шалбаадан көп үймөктөр чабылат.

Күз да келет, күздүк айдоо себилет,
Уул үйлөнөт, кыз күйөөгө берилет.
Ыр угулат, дан жыттанат айылдан.
Күнү бүтсө — кары күздө көмүлөт.
Күзгү кыштак сени кимдер биле элек,
Берекеден, токчулуктан бир элес.

Чоң борбордон гезит тынбайт кыштакка,
Кыштак эли жаңылыктан куру эмес...
Мында туулуп, мында кирген эсине,
Башка жактан бак тилебей өзүнө.
Бул кыштакта — Груша атту эне бар
Жарым кылым ак иштеген чечине.

Куюндатып кыштагынын чаңында
Тызылдаган бул секелек чагында.
Ырдап көргөн жылаажындай үн кошуп,
Шайыр мүнөз курбулардын шаңында.
Бойго жетип, кыз оюндан тараган,
Боз уланды алдыртадан караган.

Жылдар өттү, күндөр өттү балалык,
Эне болду Груша өзү бала алып.
Ал кез эле кыйын күндүн жапасы,
Кедей аял төрт баланын апасы.
Ал ыраазы төрт баласын тойгузса,
Анан кантет, анетпесе кол кыска!

Ал ыраазы өзү тамак жебесе,
Болду балдар ачка болдук дебесе.
Балдар үчүн иштеди бар жумушту,
Ал уйкуну, тыныгууну унутту.
Курган эне талбай жүрөт кыбырап,
Балдарына таап чачып жемишти.
Таңдан туруп, күнү бою термелеп,
Жан тынымын, таттуу уйкусун бөлүштү.

Бирөөлөрдүн жумушунда жалданып—
Бирөөлөрдүн кирин жууп ал барып.

Аман-эсен төрт баласы торолду.
Эне карып, төрт азамат чоңойду.
Төртөө бирдей жете келип баралга,
Тууган үйү тардык кылды аларга.
Анан эми бу турмуштун салты экен —
Айыл-үйдөн алыстады алар да.
Энесинен баары чыгып жөнөштү.
Бата берип, эң кичүүсүн жөнөттү.
Турмуш ошол эмне кылмак энеси,
Ээнсиреп өз үйүндө күн өттү.
Эшиги бек, кары жалгыз ачпады.
Эртели-кеч көзүн гана жаштады...

Кемпир жалгыз мында эч ким келбеген,
Сагынычын бөлүшпөдү эл менен.
Кайрат кылды, кемпир жашы тыйылды.
Төрт уулуна өмүр тилеп сыйынды:
— Төртөө бирдей отурмакпы кашымда,
Эл-журтуна кызмат кылсын жашында...

... Төрт уулунун не бир сүйкүм кыялы
Энекенин жүрөгүндө катталуу;
Төрт уулунун татынакай сүрөтү —
Энекенин сандыгында сакталуу:
Володя Лениград шаарында.
Ильясы Сталинград шаарында.
Энекенин алын сурап эл келет.
Энекенин деми жүрөт баарында.
Андрейден Одессадан кат келет.
Гришасы Севастополдон кат берет.

... Июнь болчу. Жайдын чак түш аптабы.
Сельсоветке чогулду бүт жаш-кары.
О, бу шумдук! Ким баштаган урушту?
«Уруш!» деген суук кабар угузду!
Бир болк этти энекенин жүрөгү —
«Кагылайын уландарым жүрөбү?!»
Аптыккандан тура албады, обула
Оозу ачылып, катып калды ордуна.

Үйгө келди. Аңгыраган ээн там...
Чыйпылдады жем сураган балапан.
Жалгыз калган бал аарыдай көрүндү —
Жалгыз кемпир тирилигин карасаң.
— Төртөө кайда?! Такыр көрбөй каламбы?!
Ойлоп коет эне кургур сезимде.
Үйдөгүдөй улам бири жадырап,
Төрт уулу тең энекенин көзүндө.
Ушул күнү туурасынан так салып —
Бырыш түштү энекенин бетинде.

Эгин оруп, боо боолады энеке,
Тыным албай таң аткандан кечине.
Тездик керек, тынымы алчу күн эмес!
Көп иштесе — аз көрүнөт көзүнө.
Күн куйкалап турган кезде тер агып,
Эне отурбайт, эне койбойт дем алып,
Дыйкан эне элге сүйлөп дем берет:
«Биздин жоокер уландарга нан керек!»
Эгин оргон энекенин өзүнө —
Уландардан каттар келет кечиге:
Дагы эле ошо Севастополь, Одесса,
Ленинград, Сталинград тарапта.

Каттар, каттар... эсендикти саматты...
Энелерге айды, күндү санатты.
Көп кечиксе эскилерин аңтарып
Энелерге алыс жолду каратты...
Куса болуп кайра аңтарып отуруп,
Эски катты кайра окуган энеке.
Кобурады: — Жерде күчтүү жок белем,
Биз төрөгөн уландардан эмесе!

Күндө гезит жаңы кабар апкелет.
Эне окуйт да ичтен тилеп эскерет:
«Биздин күчтөр бат эле оргуп чыга алса,
Душмандардын шашталканын чыгарса!»
Энекени куса кылып күн өттү.
Көңүлдөгү кусалыгы балдардын
Энекеге бир көрүүнү тилетти.
Балдары үчүн жаны курман энеке,
Жөнөөрүндө көрүп калса эмине!

Мээрин төгүп, жалынычын аябай
Коштошоордо өөп калса эмине!
Көз алдына келтире албайт энеке,
Бүт абалын балдар жүргөн шаардын.
Курчоосунда, кыйноосунда душмандын,
Калган чагын ортосунда каардын.

Эне билбейт танка канды кечкенин,
Канга аралаш дан жабышып кеткенин
Эне уга элек Андрейи жарадар:
«Апаке — бай!.. Суу берчи!.. Суу... Суу!..»
Деген кептерин...

Кат келиптир.Эне алиге ача элек.
Өкуп алып ой-санаасын баса элек.
Алып-учту энекенин жүрөгү —
«Уландарым аман-эсен жүрөбү?!»
Армиялык мөөрү бар катты алып,
Окуй салды эне көөнү шаттанып...
«Аман-эсен турасыңбы энеке!
Жакын күндө Одессаны алабыз.
Ойлой берип, балдарыңды муңайба,
Өзүңө биз жеңиш менен барабыз!..»

Ыйлай берип, эне жашы кургады.
Кусалыгы көөдөнүнө сыйбады.
Отун жарды эне кышка кам уруп,
Байпак сокту өз жоолугун жандырып.
Байпак сокту. Дагы согуп көбөйтмөк.
Байпактарды балдарына жөнөтмөк!
Бир уулунан кат келбеди далайга.
Эне зарлап, эне куштар кабарга.
Лениград шаары болчу турагы.
«Блокада» болуп калган убагы.
Угуп муну эне чочуп кеткени.
Тактап сурап сельсоветке жеткени.
Укту дагы жүрөк сыздап, жаны ооруп,
Душман ишин токсон ирет жектеди.
Володкасы ошол жерде ач турат.
Эстей берет эне көөнүн бүт бурат.
Нанын жаап, картошкасын бышырган:
«Бир аз салып жиберсем ээ ушундан...

Өз колуман бир эле жеп тойсо да,
Жеткирсемби, миң чакырым болсо да!»
Жан кыйнаган ойлөр келип энеге,
Жүрөгүнө тамак баспайт дегеле.
Ленинград ачкалыгын эстесе,
Калтыр кирет карып калган денеге.

Күндүр-түндүр ой кыйнады энени.
Бышкан тамак ичилбеди береги.
Айтылды го токсон ирет толгонуп,
Энекени кыйнаган ой себеби...

Жыл айланды. Жер бетине жаз келди.
Токой көктөп, чыйырчык, өрдөк, каз келди.
Суу жээгинде кайын, талдар шуудурап,
Жаз ээрчиген келгин куштар бат келди.

Жаз күнүндөй кары көөнүн көтөрүп,
Кемпир уулу — Гришадан кат келди:
«Салгылашта — моряк уулуң энеке!
Эсен барам, аман тургун эмесе!»

Эне катты окуганын карайлы,
Улам кайра окуй берди, тажайбы.
Беш окуган катты алып береги —
Кошунанын кызын карай жөнөдү.
Кызга берди. Дагы окушту сурады:
«Окуй койсоң, уулум аман турабы?»
Жүз кайтара укса дагы тажабай,
«Ии?— дей берди улам кайра сурады.
«Айтсаң кызым? Кургактабы, суудабы?
Салгылашып жаткан экен сыягы?..»
Ал аңгыча сельсоветтин төрага,
Келип калды. Гезит берди бул ага:
— Көргүн эне, карап көргүн мунуңу?
Түздөп кара, тааныйсыңбы уулуңу?! —
Гезит, сүрөт түз каратты энени,
Жүрөк жулкат, удургутуп денени!

Калтыраңкы үнү чыгат карынын:
«Кагылайын! Гришамбы береги?!
Түшкө кирген. Кирбептир го бекерден!..

Мына... мына, чын бактылуу экем мен!
Өз тентегим — чоң азамат болгондой,
Атасына союп каптап койгондой!»

Жыйналууга элге кетти чакырык.
Чогулушка эл да жетти шашылып.
Сүйүнчүлөп алар алып келишти,
Баатырынын энесин да чакырып.
Эл алдында эне чыкты сүйүнө.
Эл-журтуна алкыш айтып, жүгүнө.
Алкыш айтты. Айта албады башканы.
Сүйүнгөндөн эки көздү жаштады.

... Да бир күнү эне кайтты кудуктан.
Эки чака суу көтөрүп алды да.
Эне көрдү дикилдеди жүрөгү,
Аскер турат эшигинин алдында.
Кубанычты эне көөнү туйбайбы!
Келип калган Гришасы турбайбы!
Жок ал эмес. Карап калды тигини —
Узун бойлуу, кууш экен ийини.
— Ушул сизби — Аграфена энеке?
Уулуңуздан салам айтам эмесе!
— Мен эмей, мен! — шашып калды энеке,—
— Киргин уулум, үйгө өтө кой, эмесе!
Мында келген моряк жигит эми эле,
Жардамдашып, күлө багат энеге.

Жадыраган моряк жигит өтурду,
Эне менен маектешип аркандай:
— Сүйлө энеке?
Күүлүсүзбү?
Ал кандай?
Тирлик кандай?
Оокат кандай?
Жай кандай?

Мени энеке, командрим жиберген,
Ал-жайыңды анык билип келүүгө.
Оокат жактан кемчилиңиз бар беле?
Мен келгеним, сизге жардам берүүгө.

— Айтчы балам, туюндуруп сөзүңдү,
Деги мында ким жиберди өзүңдү?
Анда жигит айтты кайдан келгенин:
— Баатыр уулуң — Гришадан келгемин!

Бу кепти угуп, эне жыргап семирди.
Башы көккө жеткен өңдүү көрүндү:
— Эмне олтурам, мындай мейман келгенде!
Кудай мага сүйүнчүсүн бергенде!
Кагылайын, бар тамагым жайында.
Ичкилик жок. Ошол тартыш айылда.

Аскер жигит энекеден чай ичти.
Көргөндөрүн сүйлөй берип жай ичти:
Мээ кайнаткан жайдын ысык аптабын,
Аяз күндө салгылашып жатканын.
Угат эне уулдарынын дастанын,
Жоону сууп, далай жолдор басканын!

— Бизге душман кандай коога салбады!
Бирок такыр майыштыра албады.
Биздин кайрат — майтарылгыс болоттой,
Тыным албайт, душманды кууп жоготпой.

— Айтчы балам, кайда менин Гришам?
— Моряктарда. Сталинград алдында.
— Ал жерде бар да бир уулум — Ильюшам —
Жүрүптүр го, биртууганы жанында.

Аным учкуч — асмандаган канатчан.
Сүрөт келет, каты келет а жактан.
Кемпир сүйлөйт, көтөрүлүп сереси,
Кайраты мол — уландардын энеси!

Жоокерлердин ишин кемпир жактырды,
Жылуу жаап, жаш жоокерди жактырды.
Кирин жууду: — Эс ал,— деди — ардагым!
Нан бышырып, көрүп жатты жол камын,
Эртең менен короосунан узатты.
Өз уулундай ага жайып кулачты...

* * *

... Эртең менен кеңсалардын алдында,
Азан-казан эл чогулду таңында.
Арып-азып кордук көргөн эне бар,
Аны ээрчиген, ал көтөргөн бала бар.
Соорото албайт. Алек болот алсырайт,
Кучагында чыркыраган баланы ал.
Муун-түйүн, түйүнчогүн карагын,
Жерден азган эне менен баланын!

Жерден азган күнөөсү жок карыптар,
Алсыраптыр мында араң жетиптир.
«Мессершмид», «юнкерстер» далайын
Бомбалаптыр, жолдон атып кетиптир.
Өлчөөсү жок кырсыктарды көтөрүп,
Кыйын жолдо жүрүп келди адымдап.
Мындай кырсык агымында болбогон,
Артта Волга күйүп жатты жалындап.
Була карып турганынан ооган эл.
Жардам керек, жылуу-жумшак соз керек.
Булар карып — үй-жайынан ооган эл,
Жакшылыктар түбөлүккө эстелет.
Муну ойлогон биздин солдат энеси:
«Ушулардан бир үй-бүлө алайын.
Азырынча картошкам бар, үйүм бар,
Балалуусун бапестейин багайын.
Кандуу согуш-калкка келген алаамат,
Андыктан мен калк ишине жарайын!»
Ушул тапта жалжал карап беркини,
Үч балалуу аял туруп ээрчиди.
Жөжүрөгөн майдалары бар экен.
Эң кичүүсү — эмчектеги бала экен.
Жаш энеден кемпир сурайт: — Карагым!
Атын айтчы, эмчектеги балаңын?
Мага бергин, мен көтөрүп алайын?
— Жүр, жүрө гой, меникине баргыла!
Өзүңөрдүн түйүнчөктү алгыла.
Эне болом. Бир турабыз. Үйүм бар.
Чоочуркабай чуркагыла алдыга!

Балдарлуу аял келип кемпир үйүнө,
А кемпирдин дароо чайы кайнады.
Мискин аял ушул сыйга сүйүнө,
Баштан кечкен кордуктарын сайрады:
— Бизди тарткан эшелондор вокзалда
Турган эле буйрук күтүп, жол карап.
Ал аңгыча — катар тогуз фрицтер
Ажал чачты үстүбүздөн бомбалап!
Биздин поезд келген эле бул жерге,
Өрт жамынган — Сталинград тараптан.
Да бир состав снаряд жүктөлгөн
Майдан жакка түптүз өтүп бараткан.
Ошол тапта душман каары —
Ажал чачып асмандан;
Чакчелекей боло түштүк,
Жашына албай шашкандан!
Мындай кезде кандай айла —
Кимдер акыл айта алат?!
Үч баламды канатыма
Кантип калам калкалап?!

Көөдөй түндү өрт чапчыган
Күндүзгүдөй жапжарык.
Жанталаша качкан эл бар,
Жана дагы башын ката
Жаткандар бар — айталык...
Баш көтөрсөң — башың кетет
Чапкан чөптөй кыйылган.
Кыйын тура, таттуу тура
Бу куураган чымын жан!

Өмүр бою көздө калды:
Жан ооздо — аптыга!
Бир командир калкалады,
Жолдош болсун бактыга!

Балдарымды ала коюп,
Алга чуркап шашылды.
Кучактады кичинемди
Үй артына жашынды.

Акыр тирүү экенбиз го
Ажал огу тийбеди!
«Бомба бизге тийбейт эми!»
Ал күлүңдөп сүйлөдү.

Күркүрөктөр дале кетпей
Дале жатат бомбулап...
Бизди коргоп бул командир
Дале бизди собулап...

Бизди таштап кете албады,
Бизди акыры кыйбады.
Чөнтөгүнөн нанын алып,
Балдарымды сыйлады.

Балдарыма боор ооруду,
Биртуугандай башынан,
Айланайын мына ошонун —
Адам деген атынан!

Ушуну айтып улутунду
Жаш балдардын энеси.
Берки кемпир көз алдында —
Балдарынын элеси:
Чоргоосунан самоорунун
Суу шырылдап куюлуп,
Ушуларга жардам берген —
Ильядай туюлуп...
«... А балким ал — Григорий
Болуп калып жүрбөсүн?
Анкени ал — Баатыр да.
Бардыгын тең коргой берет,
Билет дайым милдетин...»

* * *

Мына ошентип бирге туруп калышты.
Эмчектеги баланы эне багышты.
Кирин жууп, ороолорун иреттеп,
Берки эненин оорун колдон алышты,
Эне үйүндө баарын чогуу көрүштү.

Бир нан болсо — аны чогуу бөлүштү,
Энеге эрмек, энеге эмгек табылды.
Жаш эне да жоокер жарын сагынды.

Эне төрөп, эне өстүргөн балдары
Ал кезекте өрт-жалынды аралай,
Ата Мекен жана ыйык эл үчүн,
Күч-кубатын кара жанын аябай.
Барсканбы же граната колунда,
Алга барат, артка кылчак карабай.
Жер бетинде же деңизде, асманда,
Токтоосу жок баратышты сабалай.
Душмандардын атакасын талкалап,
Каардуу күндү кыйындык деп санабай.

Сан чакырым — кан майданда алыста,
Уулун күтүп, карган эне зарыкса.
Түрү суук согуш өртү карарып,
Күйүп барат табы кетип алыска.
Ак чач эне күтө берет зарыгат,
Түштөн көрөт, уландарын сагынат.
Сагынат да өмүр тилеп аларга —
Бөжүрөңдөп өз алдынча табынат.

* * *

«Баян этет кандуу согуш абалын,
Тыңшагыла Москванын кабарын...»
Демди тартып, көңүл бөлүп турабыз,
Салгылаштан түркүм кабар угабыз.
Каары күчтүү, кандуу согуш абалын,
Өрттү кечкен баатырлардын кабарын,
Эсте энеке, эсте сенин абалың,
Уккун эне уландардын кабарын!

Токтобостон алар жүрүп баратат.
Душмандарды алар сүрүп баратат.
Фашист баскан айыл менен шаарды,
Арылтууга фашист төккөн каарды.
Жетим калган балдарды өйдө көтөрөт.
Энелерин эркелетет бөпөлөп.

Баатыр сенин уландарың энеке!
Сыймыктангын алар менен, эмесе!
Кулак түрөт, кулак түрөт энеке,
Жакшылыкты күтүп жаңы кабардан.
Кээ бир кезде эт жүрөгү түпөйүл,
Балдарынан кат кечиксе — алардан.

Зарыгасың сен күндөрдү санайсың,
Уулдарыңды бир көрүүнү самайсың.
Жоону сүрүп алар жүрөт алыста,
Кат жазышат энекебай камыкпа!

*1942*

## БАЛАНЫН БАТИНКЕСИ

Немистердин тактыгында,
Тизмесине жазыптыр.
Складда бир баланын
Батинкеси жатыптыр.

«Үч миң эки жүз тогуз»
Номери бар карагын.
Оң буттагы, жамачылуу,
Батинкеси баланын.

Ким жамады? Кайдан муну?
Кайсы шаардан ким билет?
Кайсы улуттун баласы экен?
Ким кийгенин билдирет?..

Мында келип кайдан түштү,
Каргыш тийген тизмеге?
«Үч миң жүз тогуз» дейт,
Катардагы тизмеде!

Кырсык ташбоор тилин албас —
Кыянаттан бөлөктүн.
Жолун тороп жанын кыйган
Кичинекей бөбөктүн.

Ажал орду ушул чыгар
Атып, асып кыйнаган?
Капарга албай өлгөндөрдүн
Киймин санап жыйнаган?!

Ушул жерде бардык тилде
Жанталашкан адамдар:
Чехтер, грек, еврейлер,
Санат жеткис адам бар.

Төгүлгөн кан чиригенден
Жыты сиңген бул жерге.
Жүз миңдеген адамдардын
Сөөгү калган бу жерде...

Кун төлөөчү күнүң келди!
Канкор желдет жүгүнгүн!
Төгүлгөн кан текке кетпейт,
Сен жаныңдан түңүлгүн!

«Үч миң эки жүз тогуз» бул
Жамачылуу батинке,
Далил болот Гитлер кырккан —
Өмүрлөрдүн ичинде...

*1944*

## ОН ЖАШАР АДАМ

Кайчылашкан көгүш тактар
Терезеден сербейет.
Бу жерде өскөн ичке кайың
Батыш карап селдейет.
Ит бүрүшүп коломтодо
Жылуу күлдү жамынган,
Кыбыр эткен жан таппады
Күнү кечке айылдан.

Эрбелеңдеп шашат бала
Күн кылайган тарапка.
Эски таар кемсели бар

Карды жиреп барат да...
Эч ким жылуу кийинтпептир
Жолго чыккан балага,
Ата-эненин кучагында
Болбогонго садага...

Талкаланган мончо тамдын
Кычыгында чүрүшүп,
Колун үйлөп түн күзөттү
Тоңгон бала бүрүшүп!

Шорголоогон ачуу жаштын
Изи түшөт бетине.
Санат жеткис окуялар
Көрүнгөндүр көзүнө.

Көрүп, чыдап, кайрат кылып,
Карга сойлоп жол басар.
Биздин элге качып келет
Сары чач бала он жашар.

Алыс эмес тигил тоонун
Ар жагында эл турар.
Бул баланын бир бооpу — орус
Күзөтчүсү унчугар.
Бир бооруна бала эркелеп
Шинелине жармашар.
Көргөндөрүн айтып берер,
Ширин тилин сайратар.

*1943*

## ДАНИЛА КУЗЬМИЧ

Болбосо да Ивановго барабар,
Бу дүйнөдө Смирновдор далай бар:
Смирновдон — толуп жатат докторлор,
Смирновдон — толуп жатат шоферлор,
Смирновдор — тыңшай билген радисттер,
Смирновдор — ырдай билген — артисттер,
Смирновдор — тоо койнунан кен алып,

Смирновдор — жеңип чыккан танкисттер,
Смирновдор — укмуш уста темирчи,
Смирновдор — дан жыттанган эгинчи,
Смирновдор — шахтерлор же сатуучу,
Смирновдор — акын жана жазуучу,
Смирновдон — чоңдору бар, бала бар,
Бир-бирине окшошушпайт жана алар:
Бири — шайыр, бири — чукул, жайдары,
Мүнөздөрү түрлүү абал-жайлары.

Толуп жаткан Смирновдор ичинен
Бирин көрүп түшүрдүм мен кагазга;
Өзү калып: менин эси-көзүмдө,
Анын иши жүрсө болду кагазда!
Кийин дагы карап жүрдүм канчага
Шаарчасы түшкөн эмес картага.
Мектеби бар, мончосу бар, багы бар,
Ушул шаарда керектүүнүн баары бар.
Баарыдан да ушул шаардын өзүндө —
Таңкалардык чоң заводу дагы бар.
Талыкпаган бул заводдун адамы —
Айткым келди мен Смирнов баланы.
Иш дегенде иши болбойт уйкуда,
Түндөн туруп көңүл бөлбөй уйкуга,
Беш жарымда турган бала шашыла,
Трамвайда ишке келет ашыга.
Күнү бою иштеп бала талыкпай,
Адис экен чоң кишиден калышпай.

Мен заводго жаңы гана башбагып,
Бөлмөсүнө таштаганда кадамды,
Өзүн көрбөй үнүн уктум бирөөнүн:
— Өт, өт, агай! — учурашты: —
Аманбы?
Үнүн уктум, бирок өзүн көрбөдүм,
Эки жагым — элең карай бергеним.
— Эмне келип, эмне карап жүросүз? —
Деген кезде Смирновду көргөнүм!

Жаза көрүп, мен жаңылып каламбы,
Болбосо бул — жомоктогу адамбы?
Уулум айткан Буратино болбосун,

Мына ошондой киши жасап койбосун?
Ишин карап: чоң го десем жанагы —
Көрүп турам кичинекей баланы!

Өзүңө чоң, түшүп турат ийини —
Үстүндөгү чоң кишинин кийими.
Көзүн жапкан чоң кишинин тумагы
Өтүгүн көр, өзүнчө укмуш бу дагы...
Күлмүң карап, киши турду кичине
Түшүп алган чоң кийимдин ичине.
— Атың ким? — деп, мен сурасам, жылмайды:
— Кузьмич дешет, атам — Кузьма турбайбы.
Маркум атам — Кузьма болчу, ойлоном,
Анын уулу — Данила Кузьмич мен болом.
— Канча жашка чыктың жигит? — сурадым.
Анык жашын билгим келип баланын.
Ачуулана жооп берди кабаарып:
— Он үчтөн мен — он төрт жашка карадым.
(Сураганым — орунсузбу, байкасам.)
— Ачууланба, жигит! — деп мен жайкасам,
— Неге ачуу! — деп, алаксыды ишине,
Бар коңүлү жумушта экен байкасам.
Чоң мээлейлүү колун шилтеп койду да,
Иш үстүндө чындыкты айтты ал мына:
— Бул заводдо жалгыз бала мен бекен,
Мен эмине өзгөлөрдөн кем бекем?!
Аралап көр бул заводдун ичине
Балдар иштейт, менден бою кичине.

Кузьмич менен корпустарды кыдырып,
Бирден — бирге өтүп алып жөнөдүк.
Күн-түнүнө тынымы жок иштеген
Кузьмичтердин алп заводун көролүк.

Корпустарды кыдырдык да бараттык,
Текшеришти ар бир кире бериштен.
Суна бердик мандаттарды экөөбүз,
Текшерүүдө баарын тактап көрүшкөн.
— Айтың, Кузьмич, эми кайда барабыз?—
Суроо сурайм, ээрчип барам, бурулбай.
Бирок дагы бала берген жооптор —
Мага чоочун, кала берем туюнбай.

Заводдогу динамолор шуулдап,
Миң-бир түрлүү буроо болот чимирик,
Ушул талбас буроолордун боюна —
Май күч берет, майдын өзү жүгүрүп.

Бул заводдон миң тетиктер жасалып,
Болот шыңгыр, болот өңү жалт этет.
Бул заводдон Смирновдор колунан
Бир заматта даяр буюм шарт этет.

Акырында плакатта сөз турат:
«Смирновдун ишин өзүң келип көр?
Тылда — зор күч, жоокерлерге — дем берген —
Смирновдон үлгү алгыла жигиттер!»

А береги камбыл киши-кичине
Али толбой чоң кийимдин ичине,
Бирок дагы бул баланын иштерин
Алмашпайсың жүз кишинин ишине.

Күү-шаа болгон бул заводдун ичинде
Кузьмич бала шартылдады күймөлбөй.
Көз алдында күжүрмөндүн кыймылы —
Кан майданда, салгылашта жүргөндөй.

Бала сергек дайым иштин камында,
Ал талыкпай, алп эмгектин шаңында!
Темир щетка колундагы баланын,
Чоң иш күтөт анын туш-туш тарабын:
Шарт эттире сүртүп өтсө металды —
Күзгү болуп жалт эткенин карагын!

Жомок көрбөй ишин көрдүм бу жерде
Болоттой эрки ананайын баланын!
Болоттой эрки ананайын баланын —
Шумдук ишке жараганын карагын!
Согуш күндөр мында асыл ата жок,
Ата ордун толтурганын карадым.
Узун бойлуу кишимин — чын аным да,
Бирок муну сактап дайым — жадымда,
Ушул азыр Смирновдун жанында —
Өзүмдү мен кичинекей санадым.

Жаш өспүрүм адистерди мактайлы,
Майышпастан ордун баскан атанын:
Темирчиби, эгинчиби, устабы,
Мээнеткечтин чыгаралы атагын!
Өзү бала, албан иштер бүтүргөн —
Биздин күндө Смирновдор жашагын!

## БААТЫРДЫН КЕЛИШИ

Бүгүн үйдө таң-тамаша,
Той тамагы үйүлө:
Майдандагы армиядан
Баатыр келди үйүнө.

Аны тосуп ат жиберди,
Стансага таңынан.
Баатыр түштү жадыраган
«Ураалардын» шаңынан.

Баатыр уул кучактады
Эне-атасын сыйлады.
Стансанын началниги
Сүйүнгөндөн ыйлады.

Стансадан чыккан алар
Үйүн карай баратты.
Бала чакта өскөн жери
Баатыр уулун каратты.

Бул токойдо балдар менен
Күнү бою кыдырган.
Тигил жерден ат сугарган,
Дан куурайын сыдырган.

Ак кайындуу чытырманы,
Андан ары — карагай.
Оң тарапта — МТСи бар.
Сол тарабы — балга бай.

Ат аялдап, чана токтоп,
Алар жетип калышты.

Тосуп турган айылдаштар,
Баатырга кол чабышты.

Биздин учкуч сыймык сага
Жарып чыккан жалындан
Баатырдыкка белги кылып,
Төшүнө орден тагынган.

Кубанычтуу баатыр айтты
Калайыкка алкышын:
— Ак ниетимден айтып турам
Мен жоокерлик алкышым!

Мекен үчүн, партия үчүн
Аябаймын жанымды! —
Деген кезде дүңгүрөдү
Кайрадан кол чабылды.

Өзүн курчап, тегеректеп
Турган элден сүйүнө,
Араң чыгып баатыр кирди
Атасынын үйүнө.

Дыйкан үйдө баатыр учкуч
Даңкты, шаңды жаратат.
Болочоктун учкучтары
Терезеден карашат.

## ЖЕҢИШ СЕНДЕ

Согуш күндө кыйналсаң
Бекер кейип кетпегин,
Бекем кармап өзүңдү,
Үй-бүлөңдү эстегин.

Ак сакалы жайкалган
Атаңды да эстегин,
Эгер энең бар болсо,
Энеңди да эстегин,
Энекеңдин сага айткан
Эсте кеңеш кептерин.

Катып жүрөт энекең
Каттарыңды сен жазган,
Улам кайра окутат
Көзүн албай ал каттан.
Сыймыктанат катыңа,
Сыймыктанат атыңа.

Эстей жүргүн жана да
Эгер болсо жубайың,
Сени күтөт чыдамсыз,
Сен деп тартып убайым.

Мойнуна алып бардыгын
Иштеп жүрөт аялың,
Оор түлүк мойнунда
Анын билсең абалын.
Ардакташат, сыйлашат,
Ал жоокердин аялын.

Эгер болсо балдарың
Балдарыңды эстегин,
Жүүнүңдү бошотуп,
Жашык болуп кетпегин.
Алар балдар — аталуу
Сени менен шаттанат,
Аскер кийим атасын
Көргөн сайын мактанат.

Алар сага кат жазып
Сени түштө көрүшөт,
Санаасынан чыгарбай
Оюн сага бөлүшөт.

Уул-кызың урматтап
Кубанышат катыңа.
— Атакебиз жоокер! — деп
Сыймыктанат атыңа.

Эгер жоокер сен өзүң
Бойдок болсоң эстегин,
Жок болсо да үй-бүлөң
Капа болуп кетпегин.

Жакын тууган-туушкан
Жок болсо да өзүңдө,
Бардыр теңтуш-жолдошуң
Бая бала кезиңде.

Бирге окуган класста
Жүргөндүрсүң сабакта,
Балдарындай бир үйдүн —
Өскөндүрсүң а жакта.

Алаксыйсың санаадан
Ал жолдошуң эстесең,
Кайрат кирет боюңа
Капалыктан четтесең.

Ырас досум, айтаарым:
Убайымдан четтегин,
Согуш бүтөт, алдыда —
Жеңиш күндү эстегин.

Сендеги күч-кайратка
Эл ишенет эстегин,
Кетирбегин душманга —
Элдин ыза-кектерин!

Ушуларды эстесең
Күч кошулат күчүңө,
Көзүң болуп көрөгөч
Нур чачылат жүзүңө.
Кайратыңа дем берип
Өткүр болот куралың.
Эл коргогон эрлердин
Улуу жолун улагын.

Варшаваны алды деп
Фашисттерден жалтанба,
Парижге кирип келди деп
Андан бекер калтаарба.

Касиеттүү жер турат
Али сенин аркаңда,
Ага таян, жалтанба!

Медер тутуп, эл-жерди
Жоого каршы баралы,
Чытырманга камалат
Кетип душман амалы,
Акыр жетет алардын
Чытырмандан ажалы!
Адилеттүү биздин иш,
Жоону жеңип алалы!

*1942*

## ЖООКЕР КЕЛДИ ҮЙҮНӨ

Жоокер келди үйүнө
Отпуске алып жети күн,
Көрбөгөн ал жыл бою,
Үй-бүлөнүн эч бирин.

Жоокер келди үйүнө,
Солдат кийимин чечинди.
Чечинди да жайма жай
Бир укташка камынды,
Үй-бүлонөн жытында
Жуурканын жамынды.
Жамынды да мемиреп
Кеткен эле уйкуга,
Өзү жүргөн кан майдан
Кошо жүрдү уйкуда.

Ана майдан талаасы —
Күркүрөгөн күчүндө,
Фашисттерге беттешип
Мына жүрөт түшүндө.
Бөлүнбөстөн автомат
Кошо жүрөт колунда.
Боз шинелчен баарысы —
Жолдоштордун тобунда.

Кызыл-кыргын салгылаш!..
Чочуп турду түшүнөн.
Караңгыда сыйпалайт

Өз үйүнүн ичинен:
Шкаф турат тигине,
Ана орундук, үстөлү
Өзүн үйгө апкелген —
Узак жолун издеди.
Майдандагы жан бирге —
Жолдошторун курбалдаш
Эстеди бир турганын,
Шаңдуу-шайыр алардын
Бирге ырдаган ырларын.
Эстеп солдат алардын
Не бир асыл ойлорун,
Элестетти көзүнө
Днепрдин бойлорун...
Эстей берип баарысын
Жумулбай көз ачылды,
Жоокер келип үйүно
Уктабай таң атырды.

*1942*

## ЫР

Билбей туруп бир сөздү.
Чет өлкөнүн тилинде,
Волга дайра боюнда
Ынак болуп дилимде,
Тоо кенчиге достоштум
Ниети таза зилинде.

Тааныша элек болчубуз
Биз паромдо турганы,
Аңгыча бул жанымая
Испан тилде ырдады.

Жаныбыздан өткөндөр
Токтой калып угушту.
Өзго тилде болсо да
Өз тилиндей муюшту.

Кызыгыбыз артыла
Ырчыны биз курчадык,

Аягына чыккыча
Кумарлана тыңшадык.

Ырын бүтүп, коштошту
Топ тарады, суюлдук.
Билбесек да испанча
Биз баарыбыз туюндук.

Бул окуя жыл мурун
Болгон эле быякта...
Өлтүрүптүр ырчыны
Күнөөлөшүп тыякта!

Испан тилде ырдаса —
Элге жаккан ал эле,
Эл коргогон жоокердин
Не күнөөсү бар эле?!.

Фашист менен согушта
Айрылышты ырчыдан,
Бирок достор оозунда —
Анын ыры курчуган!

## КИМГЕ АЙТАМЫН РАКМАТ?

Жоокерлерге бир күнү
Жеткиришти белекти.
Солдат алды колуна —
Өз үйүнөн белекпи?

Өз үйүнөн эмес го
Бул каяктан келди экен?
Кымбат ушул белекти
Кандай адам берди экен?

Жүндөн соккон жылуулап
Эки мээлей бар экен.
Достор менен бөлүшмөк —
Папиросу дагы экен.

Папиростон бирди алып
Солдат тартып турат да,

Жолдошторуна сунуп —
Мындай кеңеш курат да:

Посылканы салыптыр
Атайылап-ырастап.
Белек алдым колума
Кимге айтамын ыракмат?

Алып коюп белекти
Унчукпастан каламбы?
Болоор эле жөнөтсөм —
Эки ооз жакшы саламды?

Ушуну айтып бул жоокер
Ары түбүн ачты да,
Бул таңкалып, кубанды —
Бет аарчыны тапты да.

Бетаарчынын ичинде —
Сулуу кыздын сүрөтү,
Жыйырмалар ичинде —
Маруся экен бул өзү.
Бул Маруся сулуу кыз
Аянбастан белектен,
Ким белгисиз солдатка
Посылканы жөнөткөн.

Сулуу кыздын сүрөтү
Окопторду кыдырат,
Жигиттердин көздөрү
Кыздын жүзүн сыдырат.

Мына теңтуш жигиттер
Буйруп жатты: «Жазгын бат!
Сенден эмес бул кызга —
Баарыбыздан салам кат!»

Бирин-бири түртүшөт:
Иштер чыкса оңунан —
Согуш бүтсө бул кызга
Өзүм барып жолугам».

*1942*

## АРДАКТАЙЛЫ

Каар согуш күн эле
Боз шинелчен, боз тумак,
Аялдама жанында
Вагон күтүп тим турат.

Алды жактан жай гана
Трамвайдан түшөт да,
Четтей берет жол жактан
Оң бут сылтый түшөт да.

Сылтый баскан боз шинель
Карай берсе жан жагын,
Дароо билет көргөндөр —
Кан майданга барганын.

Көрүп-билип абалын
Жол талашып кыйнабай,
Ири алдыга откөрүп,
Ким да болсо сыйламай.

Эң алдыңкы орунга
Түшкөн кезде вагонго,
Жол акысын сурабайт
Тейлөөчүлөр вагондө.

Боз шинелдин ичинде —
Ордени бар төшүндө.
Аярдагын, жөөлөбө,
Жарааты бар өзүндө.

Эрдик кылып согушуп,
Жараат алган денинде,
Жолдошторун куткарган
Жалына бар деминде.

Ушул аткыч жоокерди
Биз ардактап алалык.
Кайратына ар качан
Алкыш айтат калайык!

*1942*

## ЛЫЖАЧЫ

Тегиз түшкөн баарына
Көрчү кардын турагын,
Карагайда, арчада —
Үлпүлдөтүп бубагын,
Күзөтчүнүн басыптыр
Шинел менен тумагын...

Чатыр менен дубалга
Чүмкөй түшүп калыптыр.
Снаряд, замбирек
Баарын жаап калыптыр.

Көз алдыда — анакей
Мелтилдеген талаа бар.
Улуу карды жамынган
Уч-кыйры жок талаалар.

Ушул мейкин талаада
Кош жылтырак изи бар,
Жолго чыккан таңынан
Лыжачынын изи ал.

Арыш керсе жепжеңил —
Бутта лыжа — жылгаяк,
Аппак айдай талаада
Зымыратып ал барат.

Көз кайкыган алыстык
Мына жакын калгандай,
Күндүк жерге заматта
Чукул кирип баргандай.

Токой, бадал алыстан
Чалынганда көзүнө,
Токтолбостон берилеп
Келаткансыйт өзүнө.

Ылдамдыкта лыжачы
Алоолонуп жангандай,

Капысынан ийнине
Канат бүтө калгандай.

Учуп түшөт коктуга
Канат бүтө калгандай,
Көгүлтүр из, бурганак —
Көгүш жалын жангандай.

Ак кагазга тарткандай
Кош көгүлтүр из калат.
Мейкиндикти аралап —
Не бир күлүк из барат.

Карда сызгын лыжачы
Жакындагын жеңишке.
Буйтатпай сок душманды
Үлүшүң зор жеңиште!

*1942*

## ТҮНКҮ ЧАЛГЫН

Өңү-түсү көрүнбөй
Түнкү токой алсырап,
Муздак буурул асмандан
Муздак жылдыз калтырап.

Көзгө сайса көрүнгүс
Мына көөдөй түн жатат.
Түн катышкан кишилер
Табыш бербей, тим басат.

Эч ким жөтөл чыгарбай
Түк тамеки тартылбайт,
Анда-мында алыстан —
Асман чети жаркылдайт.

Жылгаяктап бараткан —
Лыжа артынан лыжа бар,
Чалгынчылар болуучу
Тээп бараткан лыжаны ал.

Аста-секин, чалгынчы,
Бир азырак аялда...
Мында душман болбосун
Токтой калып, аярда!

Токтой туруп азырак
Душман бар го издегин.
Алды жактан бур этти
Түтүн жытын искегин...

Ооба, мына, искедик —
Ачуу түтүн жыты экен.
Блиндажка кирген бул —
Анык душман изи экен.

Кирип барып капыстан:
— Качпа! — деди,— Табылдың,
Айтып калдык немисче:
— Колуң көтөр! Багынгын!

Кармаш чыгып капыстан,
Граната жарылды!..
Онтоп немис солдаты
Аргасыздан багынды.

Чалгынчылар чыгышты,
Лыжа артынан лыжа бар...
Биздер жакка буруштту —
Тээп бараткан лыжаны ал.

Биздин полктун штабы,
Байырлаган жер мына:
Штаб турган ужура
Анан дагы көл мына.

Кана балдар батырак
Бизге жакын жеткиле.
Түндөп барып тигинден —
«Тил» апкелдик чечкиле!

*1942*

## КАЙТЫП КЕЛДИ КАТАРГА

Аны дайым «Булдуркөн» деп аташчу,
Ал бирок да булдуркөндөй өспөгөн.
Калың токой — чытырмандын ичинде
Ачык тийген күндүн нуру жетпеген.

Ачыкта эмес, чалынчу эмес көздөргө,
Жер астында болчу анын турагы.
Байланыш — зымдар бадал, токой аралап,
Мына ошондо болчу анын кулагы...

— «Ракета»! «Ракета»! — үн катат,
Кыйын убак, ал күндөрдөн бир элес.
Байланыштар «Ракета» аркалуу,
«Булдуркөнчү» ошо замат бош эмес.

Биз кеп кылар — мына Василь Шатров,
Өзү да учкуч — учкучтарды тейлеген,
Кыйынчылык кеп деле эмес ал үчүн
Бул турмушта ал калбады көрбөгөн...

— Сүйлөшөмүн, кошкулачы тезирээк,
Ким бар анда, менин үнүм угабы?
Мен — капитан Шатровмун баягы.
— О, Шатров! Аман-эсен барсыңбы?
Жарааттарың айыктыбы баягы?
Жан-денеңди жамаачылап — айыксаң,
Госпиталдан чыктыңбы, эми жанагы...

... Такыр тынбай темир аяз чакылдайт,
Жоокер жүзүн ачыштыра чымчылап.
«Ракета» жооп берет жүз жолу:
— «Булдуркөнбү»?
— «Булдуркөнбү»? — унчугат...

Кандай сонун адеп жааган аппак кар
Күмүш түстөр көздүн жоосун алышат.
Көгүш тартып, чана изи — жылгаяк,
Кар үстүндө тең таймаша жарышат...

* * *

Палатага боз халатын чечти да
Боз шинелин кийди солдат береги,
Алкыш айтып сестрага коштошуп,
Жоокерлердин катарына жөнөдү.

Жетүү керек жоону кууган катарга
Жүрүү керек салгылашчу катарда.
Боз шинелчен, шыптай учкуч өтүкчөн,
Тирүүлүктө дайым алга озунмак.

Таап алып, жете барып бул эми
Өз полкуна, бөлүгүнө кошулмак.
Учкул канат — ИЛ—2 си өзүнүн —
Жете замат дароо барып отурмак.

Күүлөп алып, табындагы шумкарын,
Атып чыкмак тигил бийик асманга.
Жолу ачылат жалын жүрөк учкучтун —
Эрдиги да, таалайы да асманда.

Көз кайкыган аппак талаа үстүнөн
Зымырады үч самолет батышка.
Баратышат араң көзгө илешип,
Бир күжүрмөн иш күткөндөй батышта.

Тээ бийиктиктен төтө карап аларды,
Баамдады кыраандардын туш-тушун.
Таанып койду: «Биздин полктон экен,» — деп,
Көзгө тааныш өз полкунун учкучун.

* * *

Жоокер чыгып, алыс жактан келатып,
Жетер жерге мына жакын калганда;
Текшерүү бар адегенде күзөттөн —
Кошунуна бир чакырым барганда.
Суроо-жооп — бир мүнөтчө сүйлөшүү:
«Кимсиң өзүң? Кайсы жактан келаткан?»
Аныкталат биздин солдат экени —

Дарыланып, эми айыгып келатkан.
Токтотулбай жоокер эми жолунан —
Аны алдыга жөнөтүүгө кам урат,
Өтүп жаткан жүк машина токтойт да,
Кузовунан жоокерге орун табылат.

* * *

... Бутундагы кийиз чокой келишкен,
Үстүндөгү чолок тонун көрүп ал.
Жана күзөт. Жоокер турат жаракчан.
Жаш жоокердин ким экенин билип ал.

Кечээ бейкут согуш жокто бул өзү —
Бутта — туфли, узун көйнөк ушу эле,
Жылтылдата жибек чачын тараган
Күлүң көздүү татынакай кыз эле...

Мына бүгүн катаал күндөр каршыккан —
Жалындаган өрттүү согуш жолунда,
Эр азамат жигиттердей бел чечпей,
Жоо бетинде кыз турат го момунда.

Жоо бетинде кыз турат го момунда
Азыр үйдө жатып алчу туш эмес.
Бул күндөрдө кан майданды кыдырсаң —
Көп кыз — жоокер, ушул эле кыз эмес.
Алып келген аларды жоо бетине —
Жүрөктөгү канга бүткөн ар-намыс.
Анысына ыйык Мекен, эл калыс!

Машинаны жай жылдырып айдоочу
Жөнөөрүндө кызды бир жалт карады;
Аны дароо кыя тиктеп кыз дагы
Эстеп койду өткөн жайды баягы...

Кимдер болсо кан майданда
Катаал буйрук аткарса,
Ажал менен арбашууга
Ким бел байлап аттанса,

Алар билет кыйын күндө
Өтө келген сынактан,
Чын достуктун — ынтымактын
Баркын билип сынашкан.

Эсиңдеби майдандагы
Ак кызматын кошундун?
Эсиңдеби сага кылган
Ак кызматын досуңдун?
Эсиңдеби ал сен учууга —
Самолетуң белендеп,
Душман менен салгылашка
Курал октоп берем деп,
Дос белендеп бергендер бүт
Өз милдетин актаган.
Самолет да пулемет да
Сени жоодон сактаган.
Сен учаарда жарылбаска
Сен кырсыкка кабылбаска,
Досуң берген көмөгүн
Моторуңан тап кетпесин
Машинаңан өк өтпөсүн,
Механик дос ар убакта
Аябаган көмөгүн.

* * *

Шатров Василь мынакей
Досторунун жанында.
Мунун ынак достору —
Досун сыйлоо камында:
Жайкы ашкана мынакей,
Жакшынакай көзүнө,
Мында тирлик баарысы —
Түгол тааныш өзүнө:
Алмагактан кайнаткан
Таттуу компот жытычы!
Жашылчадан жасалган
Жаңы сорпо жытычы!

Баарын коюп алдына,
Мына жүрөт ашмачы:

— Куям кайра сорподон
Каалашыңча ич, шашпачы.
Аман келди сакайып,
Сонун болду айтпачы!
Кайра келдиң катарга,
Көрө замат тааныдык.
Азаматты бул өзү —
Ардактайлы баарыбыз!
Жаны калбай ашмачы
Карбаластап шашылат.
Үстү-үстүнө тамакты
Коюп жатып ашыгат:
— Ичкин Вася, жегин,— деп,
Аны алпечтеп асылат.
Мына Василь Шатров
Сүйгөн даамын ал сурап,
Өз үйүнө келгендей
Ээн-жайкын олтурат.

* * *

Учкучтардын тобу барат тигине,
Жоо бетине кыраан болуп аттанган.
Кар бороондо, өрт ичинде кан күйгөн
Ар убакта курч болоттой тапталган.

Мекен үчүн каны-жанын аябай
Салгылашкан алар бийик асмандан.
Аларга асман бирде — бороон, бирде — ысык,
Алдастабай алпурушуп жаткандан.

Тири жанга тамак, суусун анан да
Чырм этүүгө уйку керек жана да.
Ал учкучтар анын баарын унутуп,
Асман анан чабуул жүрөт санаада.
Азаматтар алтоо эле барганда
Анан кайтты мына бешөө калганда...

* * *

Согуш иши болуп бизге көнүмүш,
Катаал тартып баратабыз күнүгө.
Кармашабыз калганынча кашык кан,
Каргашанын жетмейинче түбүнө.

Туруу кыйын кыйналганын көз көрүп,
Канетсе да жарадар дос кашында.
Кегиң кайнайт, курал карма батыраак —
Муну кылган душманыңа атыл да!

Тынчытпады Шатровду ушул ой,
Кордук жаман, анан нени ойлосун.
Көрсөң эми окко дени тытылган —
Апкелгенде мына алтынчы жолдошун.

* * *

Эки жоокер шахмат ойноп жатышат,
Шахмат ойну окшоп кетет согушка.
Кызыгышат, кызууланат экөө тең,
Ушул азыр бараткандай согушта:
... Ара жерде ана согуш талаасы
Беттешкендер «ак», «кара» деп аталат.

Ана офицер бери жүрүп келатат,
Алдындагы айгырлары азанап.
Пашаа болсо артта турат аңдыган —
Ыгын таап бир сокку уруп калганы.
Тигине пил түк бир артка бурулбай
Өзүн турат курмандыкка чалганы.

Үстүндөгү жарак, киймин чечинип,
Жоокер төртөө — жеңилденип алышкан.
Жер там ичи мемиреген жыпжылуу —
Темир мешке жыгач отун салышкан.
Шахмат ойноп, шахмат ойлоп төртөө тең
Бир шахматтан бөлөктү бүт унутуп,
Көз айырбай жүрүштөрдү тиктешип,
Көз айырбай жүрүштөргө муюшуп...

Дароо жолдон буйтап кетти Шатров,
Душманынын туюп каршы амалын.
— Кап!— деп калган үн угулат ошондо,—
Жолдон буйтап кеткендигин карагын!
Эгер азыр учуп жүрсөм ИЛ менен
Тарс талкалап коймок элем тамамын!
Ата көрү болсо гана шахматта
Ушул азыр ИЛ сыяктуу куралым,
Чаңын көккө сапырмакмын душмандын,
Каракчынын ойлоп койбой убалын!

Бейкут штаб, кичинекей жер тамда,
Улам карап көз алдында картага,
Орлов майор нокот коюп, чек коюп
Чабуул ишин белгилөөдө картада.
Болгун балдар чоң чабуулга камынгын,
Бизге келген бир кырсыктан арылгын.
Таң сүрөрдө биз басабыз фашистти —
Аржагында тиги өрттөнгөн айылын.

*1942*

## ТУУГАН ЖЕР

Туулган жерде берген элем антымы
Ар убакта эл эмгегин акташка.
Кандай кыйын күн түшсө да башыма
Кадам артка чегинбеске, качпаска.

Кайра да өттүм сынагынан турмуштун,
Не шумдуктуу кармаш жолун баскандан,
Мына бүгүн биздин кошун — кужүрмөн
Душман жакка түшүрүлдү асмандан.

Тирүүлүктө унутулгус мүнөттөр —
Кокусунан түнкү асманда дүрбөлөң!
Дал үстүмөн парашютум ачылды
Термелиңки дир-дир эткен үн менен

Алды жакта — айланайын тууган жер,
Кучак жайып бизди өзүнө чакырган.

Ушул жерди басып алган душмандар
Мыкаачылык, зомбулугу ашынган.

Бейкут түндө — таш уйкуда бүт алар,
Байкоосу жок босогодо ажалдан.
Туйган эмес, уккан эмес көркоолор,

Түнкү асмандан биздин десант түшөтүн,
Алды менен жетип биздин жоокерлер
Тутту жоонун карап турган күзөтүн.

Тутуп жаттык күзөттөгү кароолун,
Улам бирин ооз ачырбай тумчулап.
Тартып алдык колундагы алардын —
Бизге атылчу — ажалдарын кулпулап.

Кароолдорун алып дароо шапа-шап
Улам алга өтүп жаттык жашынбай,
Өттүк мына, колдо курал дапдаяр
Өтүп барам салгылашка шашылбай.

Сезим келет ошо замат дениме —
Мага жакын менин арка жагыман.
Айылдагы балалыгым тигине —
Мотурайып көрүнгөнсүйт жаныман.

Эзелтеден катар жашап, коңшу элек,
Балалыгым калган айыл тигине,
Ушул замат бүтүн баарын унутуп,
Кирип баргым келет тууган үйүмө.

Тигинекей узун шыргый башында —
Сайрап турчу чыйырчыктын уясы.
Таңда-кечте кулак курчун кандырып,
Ырчы чымчык укмуш үнүн улачу.

Ак седептей гүлүн ачып ири алды
Адамдардын көөнүн дайым бурчу эле,
Анан бышып — отто кызыл чок болуп
Кош түп чие босогодо турчу эле.

Кирер замат мына тууган айылга
Байкатпастан дароо туш-туш тараптан,
Айлыбызды душмандардан бошотуп,
Кошунубуз өзүбүзгө караткан.

Согуш деген — согуш экен канетсе
Душман такыр кол көтөрбөй коймокпу,
Катуу корккон душмандын бир офицер
Тура калып ок чыгара койбоспу!

Ар иш келет тириликте бул башка
Ажал менен беттешүүңүз кыйын да!
Дениң өлүп, жаалданып кетесиң —
Жандын өзү андай кезде — тыйын да!

Жаалданып аны карай атылып,
Бир өзүмдө жүз кишилик ал бардай,
Төгүнү жок, жалтайласам ант урсун!
Урган колум боло түштү канжардай.

Бет алдыман мени тоскон ок менен
Урдум дагы душманымды сулаттым.
Ал кайрылып ок ата албас биз жакка
Каршы турган бир каскакты кулаттым.
Ал аңгыча ак нур төгүп айлана,
Ата жүргөн бул айылга таң атты.
Эстен чыкпас окуялар андагы,—
Ал аткан таң айыл ичин каратты:

Эй, канакей! Узун шыргый башында —
Сайрап турчу чыйырчыктын уясы?!
Таңда-кечте кулак курчун кандырчу —
Ырчы чымчык жокко үнүн улачу?!
Уя менен узун шыргый кулаптыр,
Ал ыргыта атылыптыр карасаң!
Гүлдөп бышчу чиелери эки түп —
Экөө катар өрттөлүптүр карасам!
Тууган жерге берген антым эстедим:
Ар убакта эл милдетин акташка
Кандай кыйын күн түшсө да башыма,
Кадам артка чегинбеске, качпаска!..

*1942*

## ОН БИР ТУУГАН ОРЛОВДОР

Жеңиш менен бүттү согуш
Артта жылдар алоолоп,
Ошол жылдар белгисиндей,
Окуялуу жер жүзүндөй,
Орден, медал жоокерлердин
Көөдөнүндө алоолоп.

Ордендер бар согуштагы —
Эрдигиңдин белгиси.
Ордендер бар эмгектеги —
Ийгиликтин белгиси.

Мына тиги Орлов дагы
Салгылашкан асмандан.
Үлгү болуп, болшевиктик —
Ыйык милдет аткарган.

Адеп согуш башталгандан
Жүрдү дайым майданда.
Душмандарга урду сокку
Түк да калбай арманда.

Асмандагы салгылашта
Артыкча ишти бүтүргөн.
Фашисттеги самолеттон
Он тогузду түшүргөн.
Кыргын согуш акырында
Кайрат-күчүн аркалап,
Жыйырманчы самолетту
Атып түштү талкалап.

* * *

Георгий Орлов да жоо бетинде
Мына ошондой жан эле.
Степандын биртууганы —
Баатыр танкист ал эле.

Ал кыдырды көп өлкөнү
Барбаганы калбады.
Фашисттердин танкаларын —
Өрткө камап кармады.
Көп танканын жолун дайым
Өткөрбөстөн торошту

Төрт «тигрин», беш «пантерун»
Атып, өрттөп жоготту.

Көргөздү ал Мекенине —
Калка болуп турганды,
Коркпос орус офицери
Ошон үчүн сыйланды.

Бул биртууган Орловдордун
үчүнчүсү бар эле,
Тээ Балтика деңиз жакта —
Кыйын суучул ал эле.

Никита Орлов анын аты,
Эрдиктерге жолгошту,
Кара башын сайып коюп
Ленин шаарын коргошту.

Нечен жолу атакага
Жолдошторун баштады.
Нечен жолу бул азамат
Жеңишке жол ачканы.

Мунун кайрат, эрдиктерин
Убагында баалады,
Асыл киши — адмирал да
Буга сыйлык арнады.

* * *

Никита Орлов үч күн бою
Коргоп цехти таштабай,
Согуш өртү күйүп турган
Түк кылайып бастабай.

Калайыкка кайрылды да
Ал оозуна ант алды:
— Мекениме керек булар —
Коргойм болот, металлды!

Бүгүнчө мен четте турам
Кандуу майдан — согуштан;
Ыйык буйрук моюнумда —
Эсептемин согушкан!

* * *

Ана барат батальен,
Жоокер барат «ураалай»!
Сестра да жан-дилинен
Бар жардамын аябай.

Онтоо укса алды жактан
Дароо жылып жетет да,
Жарааттууга жардам берет
Өз жанынан кечет да.

Бул — Орлова Зоя тура,
Эр жүрөк кыз сыймыктан!
«Кызыл Жылдыз» орден алды
Бул кур эмес сыйлыктан!

Дагы — Орлова Вера кыз бар
Паравозду башкарган.

Бомба астынан поездди ал
Аман-эсен алып калган.
Жанын сайып комсомолдук
Тапшырманы аткарган.

* * *

Сергей Орлов кирип барып
Тигил борбор Берлинге,
Рейхстагга тууну сайды
Эрдик кылып Берлинде.

Рейхстагга жазып койду
Эрдик ишин белгилеп:
«Ушул жерге тууну сайып,
Сергей Орлов болду!» — деп.

Өткөн согуш өрттүү жолу
Андан дайым айтылат —
Эр солдаттын ордендери
Көкүрөктө жаркырап...

* * *

Тигил дөбө бийигине
Ок мөндүрлөп төккөнү,
Бирок Орлов Андрейчи
Өз ордунан кетпеди.

Телефонду таштабады
Ал солк этип койбоду.
Эр коммунист — байланышчы
Өз милдетин ойлоду.
Андрей да медаль алды
Сыйдан куру болбоду.

* * *

Дагы Орлова Клавачы
Жыйырма жашар кыз экен.
Тири укмуштай күжүрмөн
Трактөрист ушу экен.

Күжүрмөн кыз эмгеги
Ар кимдерге дайын да,
Бардыгы тең кадырлайт
Ардагы бар айылда.

Клава кыз колунан
Куттуу талаа көгөргөн
Өз колунан Калинин
Кремлден сый берген.

Эң кичүүсү булардын —
Орлов Павлик бала экен.
Согуш жылда мектептин
Окуучусу ал экен.

Кичинекей окуучу
Чоң милдетти аткарды.
Ошол кыйын күндөрдө
Станокту башкарды.

* * *

Орловдорду өстүргөн
Өөн барбы энеде!
Он уул-кыз жана биз —
Алкыш айттык энеге!

Энекеси онунун
Жанын кошкон жанына.
Эрдиктерди сиңирген
Жүрөгүнүн канына.

Уул-кызды энеси —
Акыл менен эс жана,
Кайрат-күчкө сугарган,
Керек болсө Мекенге
Жан-ден аман экенде,
Адам болсун аларым —
Чептен бекем туралган.
Катуу турсун душманга,
Чегинбесин артына.
Керек болсо башын да
Сайып койсун калкына!

*1946*

## КЫЗЫЛ АСКЕР ПЕТРОВ

Аппак сирен гүл мына
Арнап сатып алынды.

Аны сыпаа бапестеп
Чабырага салынды.

Буркурады гүл жыты
Эл аралап баратса,
Анын жыты жагымдуу
Ар кишиде калат да.

Палатага киргенде
Ылайыктап орунду,
Керебеттин жанына
Гүл ардактап коюлду.

Таңынан бул аскерге
Куттук айтып жатышты.
«Дайым эсен-соо болсун,
Петров!» — деп жатышты.

Эмкананын конторго
Эртең менен таңынан,
Каттар келди почтодон
Тээ чек ара жагынан.

Кат ээлери мынакей:
Чек арачы, колхозчу,
Жана дагы мектептен
Окуучулар болуучу.

«Чекте турган кезинде
Чоочун табыш туюптур.
Кирип келген душманга
Жалгыз өзү чыгыптыр.

Салгылашып тайманбай,
Мекен үчүн жан берип:
«Өткөрбөймүн душманды,
Өлом кашык кан берип!»

Анты кызыл аскердин
Оозуна алган ошондо,
Жалгыз экен сайышта
Эрдик деген ошол го.

Туш-тараптан жазылган
Куттуктаган кат эле:
«Кызыл аскер Петров
Эми айыксын бат эле!»

Хирург сөзү мынакей:
— Аман калат, айыгат.
Калыбына бат келет,
Айла буга табылат!
Сакчылыкта күн-түнү
Муну туруп дарылап,
Айыктырып чыгабыз,
Эмгек жумшап баарылап.
Айыкканда бул өзү
Эл коргоого камынат.
Мындан асыл күч-кубат —
Мекен үчүн табылат!..
Эмканада бул күнү
Майрам боло калганы.
Эшик-үйгө гүл толуп
Эргип жүздөр жайнады.
Куттуктаган аскерди
Чек арачы, колхозчу,
Мектептерден келишкен
Эң алдыңкы окуучу.

Куттуктаган элге эми,
Эшик ачып, сабылып,
Аскер турду ордунан
Калган эле айыгып.

Кат артынан кат келет,
Куттуктоолор тоо болуп:
«Чек арачы Петров
Көп жашасын соо болуп!»

*1938*

## ҮЧ ЖОЛДОШ

Бир калаада турчу эле
Кыйышпаган үч жолдош.

Туткунуна фашисттин
Түшүп калды үч жолдош.
Биринчисин сурады —
Оозунан сөз чыкпады.
Оозунан сөз чыгарбай
Чымын жаны учканы...
Экинчиси суракта
Кылайып оөз ачпады.
Баатырларча ал дагы
Өлүмгө башбакканы.
Үчүнчүсүн сураса:
— Сүйлөбөйм, сөз сураба!
Көз жумушту эрлерче
Көнбөй душман ыркына.
Көмдү душман аларды
Тигил калаа сыртына!
*1937*

## ПАРТИЗАНДАР

Токой, бактын ар жагында
Колхоздун көлчөсүнүн арт жагында,
Жүз түтүндүү айылда,
Жашаган тууган жайында,
Эл урматтап сыйлаган,
Эч убакта кыйбаган,
Ефим деген бир жигит —
Темирчинин баласы,
Өзү дагы — темирчи,
Ичинде жок карасы.
Ефим жолун уламак
Атасынын басканын,
Жаш кезинен колго алды
Атасынын барсканын.
Ар убакта турчу эле
Күүлдөтүп көөрүгүн,
Такалачу аттарын
Бу чөлкөмдүн көбүнүн...
Күндөр күндү кубалап
Өтүп жатты сабалап.
Ат такалап темирчи

Ар кишиден сый алат.
Чоң борборго — Маскөөгө
Барып-келип турганы.
Колхозунун ишине
Орчун көңүл бурганы.
Көз алдында колхозу
Мына марып-байыды
Колхоз эли күн сайын
Кулач керип — жарыды.
Баары жетет, баары бай,
Баары түгөл, баары шай.
Эгин жатат жайкалган,
Шалбаа жатат чалкайган.
Шалбаадагы чабынды
Чөп үймөктөп алынды.
Кампа тооло аштык бар
Тоо-тоо болгон тоюттар.
Жыйнап алып бүт баарын,
Корө бергин кыш камын.
Күндү кууп күн өттү.
Кутту күндү эл сүйүп,
Эл эмгегин баалаган —
Райондон туу тийип!
Сыйлык деген ушу экен,
Сыймык конор туш экен!
Ардак деген ушу экен,
Ардак келер туш экен!
Сыймык элге келди эле,
Сыймыктанды эл деле!
Үлгү болгон эл деми
Үлгү болду элге эми.
Сыйлык туусу сайылган
Сельсоветте желбиреп
Эртеңкиге көңүлдөр
Эргип туду делбиреп.
Аяктаган жашыл жаз
Жайга мезгил баштанды,
Ойдо жокто кырсыктуу
Өрттүү согуш башталды!
Бороон жүрдү батыштан
Кырсык болуп капыстан...
Колхозчулар аттанды

Өлкө коргоп калышмак.
Ушул ыйык иш үчүн
Улам алга барышмак.
Эрдик менен коргоп калмак
Биздин асыл аймакты.
Тууган айыл, тууган үйдү
Токой, талаа ал жакты.
Элди-журтту үй-бүлөнү
Жубай жана балдарды,
Кыйын күндө оор жүктү
Өз колуна алганды.
Кутургандай душман кирди
Бизге кырсык үйлөшүп,
Сөз ордуна ок жаадырып,
Ок тилинде сүйлошүп!..
Көк асмандан кара бомба
Таштап алар өрттөдү.
Шатыратып ок жамгырын,
Ок жамгырын төккөнү!..
Каракчылар күнөөсү жок
Элди тоноп-талады.
Ар нерсенин арт жагы бар
Ал жазасыз калабы!
«Советтердин бийлиги» аттуу
Бир колхоздун элин көр,
«Согуш!» деген сөздү укканда
Бел байлаган демин көр:
«Чакырык жаз мага!» — дешти,
Чакыртпастан келишти.
Айыл менен коштошту да
Түптүз жөнөй беришти.
Жаштар эмес кеңсаларга
Карылар да келишти:
— Биз илгери согушканбыз,
Көргөн элек жеңишти.
Ал кездерде, кыйын күндө
Биз алдыда турганбыз.
Немистердин алды-артынан
Катуу сокку урганбыз.

Ошо туштан жаш азамат —
Тартып кирген кыягын.

Кан майданга жөнөп жаткан
Билдиргендей сыягын...
Узатышат. Карап турат.
Кыз жөнөтөт жигитин.
Мончок жашын төгөт анан
Үзбөйт бирок үмүтүн:
— Аман барып, аман келгин,
Унутпагын асылым!
— Ыйлабагын, согуш ошо!
Айтам иштин ачыгын.
Карт темирчи — Данил болсо,
Ал да ушуну сүйлөмөк:
«Согуш иши — согуш да, эми,
Ири алдыда жүр!» — демек. —
Кана, балдар коштошолу,
Кары солдат колун ал.
Согуш деген — согуш ошол
Эл-жериңди коргоп кал!»

Арабалар жөнөй берди,
Огород бак жанынан.
Өзөн бойлоп жана дагы
Устакана жагынан.
Жөнөп жаткан, жөнөтүшкөн,—
Калың элдин арасы,
Анча назар салышпаган
Темирчинин баласы.
Тиги бая — Ефим тура!
Темирчини карачы:
Уюткандай чың денелүү,
Ефим бала береги,
Жашы жетпей калып калды,
Майданга жок кереги...
Тигил элден уялгандай,
Турду мына азамат.
Алаксыды өзүнчө эле —
Атты калды такалап...
Такага мык уруп жатып,
Өзү ичинен сүйлөдү:
«Өзүм деле колхозчумун,
Кылаар ишим — үйдөбү?
Согушууга мен барууга

Неге орун тийбеди?!
Токой, бактын арт жагында
Мөлтүр көчө аржагында
Сормо саздын четинде,
Күндөп-түндөп согуш бар
Тууган жердин бетинде.
Асман жарк деп чагылган,
Асман жарк деп чабылган,
Жара чаап айылды —
Снаряд чамынган.
Карагайды кулатат,
Кишилерди сулатат.
Бороон уруп күркүрөйт,
Бүт кулады тобунан,
Бороон эмес түрү суук —
Замбиректин огунан.
Жан аябай кармашкан
Кызыл-кыргын салгылаш.
Кара сүргүн кармаштан
Канеткенде жан калат!
Кыян болуп шаркырап —
Бозогодон кан акты.
Кыргын күчөп, кырсык күчөп,
Жер өрттөнүп баратты!..

Айланасы кыштактын
Калың токой чытырман.
Жалгыз аяк жол кетет,
Ичке-тышка ушундан.
Жалгыз аяк бу жолду
Жатка билет өз киши.
Аны таап жүрө албайт,
Башка жактык — чет киши.
Чычкан мурду өтө алгыс
Чытырманга урунат.
Жүргөн күндө өтө албай
Сормо сазга тыгылат.
Кирип кетсе чыга алгыс
Чытырманды карачы!..
Дүйүм дарак дүпүйгөн
Чытырмандын арасы.
Кылымдарды жашаган —

Кучак жеткис карагай.
Балатылар тигине —
Бойтоюңку баладай.
Терең кеткен кылымдап,
Арчалардын тамыры.
Бал түсүндө мөлтүрөйт —
Боорундагы чайыры.
Сырдакана токойго —
Бала чактан билгендер.
Бул токойду аралап,
Ар убакта жүргөндөр:
Карагайдын кабыгын —
Жөкө кылып сыйырган.
Терип козу карынын,
Дан куурайын сыдырган.
Андайлардын бири эми
Биздин Ефим бала эле.
Токой сырын билүүдө —
Бир кишиче бар эле.
Ефим келди мына эми
Канкор жоодон качпаган.
Колдо курал-жарак шай —
Партизанды баштаган.
Көкөлөгөн көк тиреп
Карагайдын арасын,
Кыдырганын көрүп ал
Темирчинин баласын.
Кайран Данил темирчи —
Атасы анын болгондо,
Кайрат берип жоокерге
Баштап чыкмак оң жолго:
«Көтөрүлгүн калайык!
Дайым биздин иш ак да.
Бизде кайрат, бизде күч —
Акыйкаттык биз жакта!
Бизде күчтөр чыңалат
Майтарылбай тура алат.
Карышкырдын үңкүрүн —
Чытырмандан тапкыла.
Жай болбосун көркоого
Аны аңтарып казгыла!
Жортуп жүргөн жырткычка

Капкандарды салгыла.
Өтө албасын илгери,
Жолун тосуп алгыла.
Кирип келсе айылга,
Ага капкан дайында.
Кайра чыгып кете албай
Ажал тапсын айылда.
Кырсык чачкан көркоону
Тазмаңдайдан ургула!
Шилиге уруп артынан,
Түк жылдырбай тургула!
Колго курал жетпесе —
Көк союлдан алгыла.
Чыга калып капыстан
Жыга чаап салгыла!
Жек көрүмчү шүмшүктөр
Жерибизден четтесин!
Партизандар кайратын
Кылым бою эстесин!»
Данил сөздөн бузулбай
Айтмак эле ушундай.
Кайраты бар деминде,
Чындыгы бар кебинде.
Ефим муну эп айтты:
— Атам айтмак,— деп айтты.
Ефим өзү темирчи —
Темирчинин баласы.
Атасынын өзү эле,
Ишинде жок чаласы,
Ичинде жок карасы.
Коз кайкыган мелтилдеп
Ээн талаа бетинде,
Арасында жана да
Эмен токой четинде,
Кандуу ортту аралап
Чапкан чөптөй сулады —
Өлүм чачкан фрицтер
Өмөчөктоп кулады...

* * *

Түн сүрүлдү. Таң атты.
Жердин бетин нур чайып.
Жүзүн төмөн каратты
Мөлтүр асман кашкайып.
Токой, түздөн көрүнөт.
Салгылаштын дайыны.
Жымжырт турат муңканып,
Украин айылы...
Айыл ана, тигине —
Ар жагында дайранын,
Биз билебиз, фриңтер
аны басып алганын.
Түркүн кырсык — согуш да
Согуш деген — согуш да!..
Түтүн баскан айлана —
Өрт кабарын дайындап:
Арпа, буудай, сулуу бүт
Өрттөнүүдө жалындап.
Ачарчылык кабары —
Ушул кырсык өрт күнү!
Өчүрүүгө болбоду
Өрттөнүүдө төрт күнү.
Кудуктан суу иче албай
Фашисттер алдан тайыптыр.
Эмне болду, ким билет?
Суусу соолуп калыптыр?
...Кыштак жымжырт. Табыш жок.
Үнү угулбайт дөбөттүн.
Кыштак жымжырт. Табыш жок,
бир фашисттен бөлөктүн...
Бир-бирине үн каткан
Кишилерден табыш жок.
Бир-бирине башбаккан
Коңшу-колон тааныш жок.
Фашист басып киргенде
Ээн кыштак калыптыр.
Тирүү жандан түк калбай
Ооп кетип калыптыр.
Сельсоветтин кеңсалар
Ээн калган аңгырап.

Адамдардан айрылып,
Турган өңдүү жалдырап.
Шамал улуп морунан
Төмөн сойлоп жутунат,
Купкуу күлдү мештеги
Үйлөп тышка учурат...
Чалкып жаткан байлыгы
Колхоз кана кечээки?!
Ошол байлык фашисттин
Курсагына кетеби?!
Бирок фашист курсагы —
Соргок ээсин алдады.
Басып кирген душманга
Такыр байлык калбады.
Тойбос — соргок душманга
Бере койбой байлыгын,
Кыштак эли күжүрмөн
Ташып кеткен бардыгын.
Басып кирген душманга
Салып турду дүрбөлөң.
Берип турду катыгын
Кайрат менен сүр менен.
Күндө айла-күч менен
Катуу сокку ура алды.
Генералын өлтүрүп
Таш-талканын чыгарды!
Капралын фашисттин
Кармап алып сабады.
Жүктүү-кире обозун
Жолдон кармап талады.
Фашисттердин штабын
Капысынан өрттөдү.
Көпүрөлөр жарылып
Душман колу өтпөдү.
Күндө кырсык ушинтип
Фашисттерди чырмады.
Табылбады бирок да
Муну кимдер кылганы.
Күн-түнүнө тынбастан
Улам кырсык күтүлдү.
Темир жолдор түнкүсүн
Талкаланды, үзүлдү.

Күндө кырсык ушинтип,
Фашисттерди чулгады.
Табылбады бирок да
Муну кимдер кылганы.
Вагондорун талкалап,
Ок-дарысын орттөдү.
Дөңгөлөксүз паравоз
Темир жолдон өтпөдү.
Цистерналап келаткан
Бензинди да тоскону,
Аны күткөн танкалар —
Жыла албады токтоду.
Иши кетип кээринен
Душман күндө дел болду.
Темтеңдеткен аларды —
Биздин тууган жер болду.
Күндө кырсык ушинтип
Фашисттерди чулгады.
Табылбады бирок да
Муну кимдер кылганы.

* * *

Украина алтын жерим,
Белорусия өз элим,
Силер көрүп турдуңар го
Эрдиктердин нечени́н.
Калка болдуң элиң үчүн
Касиетиң ошонуң.
Ар-намыстуу уул-кызың —
Антын билген ошонун,
Душмандардан жашырсынчы —
Чытырмандуу токоюң!
Уул-кызың жан-дилинен
Мекенине берилген.
Келечеги өмүр-жашы
Мекенинен көрүнгөн.
Уул-кыздын арасында —
Темирчи уулу — Ефим бар.
Анык баатыр партизан ал
Өлкөм андан кабар ал!

Жеңиш келет жергебизге
Душман туусу жыгылат.
Согуш бүтөт, адилдикке —
Дүйнө калкы туюнат.
Эрдик жана адилдикке
Адам уулу сыйынат!

*1941*

## АНЫК ДОС

Салгылаштан чыкканда,
Соккуну уруп душманга.
Досуң менен көрүшкүн,
Бүт аябай бөлүшкүн.
Сени тоскон өлүмдөн
Ал — аскар тоо көрүнгөн!

*1943*

## КЫМЫНДАЙ

Болгон экен бир күчүк,
Аты эле анын — Кымындай.
Тармалданган жүнүн айт,
Тумшугу бар тыйындай.

Аны баккан аялга
Дайым эрмек табыла.
Баштыгына салат да
Ала жүрөт жанына.

Жашылча бар баштыкта
Кошо жүрөт бу дагы.
Кыбыр-кыбыр көрүнөт:
Куйругу же кулагы.

Жүнүн кыркып тегиздеп,
Кириндирет ардайым.
Көзүн карайт бөпөлөп —
Эркелетет ардагын.

Кооз каргы тагылган,
Тизгини бар татына.
Тикилдетип жетелеп,
Көңүл ачат ашыга.

Күндө чыгып сейилге
Эрикkенче жүргүзгөн.
Куурчактай жасантып,
Кызыл көйнөк кийгизген.

Күндө чыгып базардан
Тоок боорун апкелет.
Берип турат анысын
Күчүгүнө өнтөлөп.

Чындыгында күчүктүн —
Жыргал эле тирлиги.
Ээси аны бөпөлөйт,
Бир бүткөндөй киндиги.

Дедек болот бул ээси,
Дайым буга сабыла.
Жаман жери күчүктүн —
Ит жолотпойт жанына.

Ушул күчүк — Кымындай,
Ээси менен сейилде.
Сурап калат кишилер,
Дайым жакшы пейилде:

— Капырай ээ карасаң!
Ушунча экен кичине ...
Сыят го бу жаныбар —
Чөнтөгүңүн ичине!

— Бу кымындай немени
Кайдан таап алдыңыз?
— Айып көрбөй айтыңыз,
Кайдан сатып алдыңыз?
— Эмне деген тукумдан?
Өзү канча жашта экен?

— Сургулт экен көгүлтүр,
Өңү дагы жакшы экен!

Ээси болсо суроого
Жооп берет калтырбай.
Жандап өткөн кишиге —
Үрөт күчүк чаңкылдай.

Колун сунса бирөөлөр,
Эркелетип калууга,
Дыргып күчүк ыркырайт,
Даяр турат кабууга.

Өз ээсинен бөлөктү
Жан жагына жолотпойт.
Өз ээсинин колунда —
Өзгөлөрдү тоготпой.

... Эмне болду, ким билди?
Эми айталы бир күндү:
Жалгыз чыгып ээнге,
Күчүк кетти сейилге.

Аңгыча анын алдынан
Жолбун дөбөт чыкканы.
Түрү суук ит экен!
Күчүк жерге ыктады...

Башы-көзү канталап,
Кулак-мурду жулунган.
Кандай жерге кабылып.
Эминеге урунган?

Боорун басып суу чөпкө
Жатып калды Кымындай.
«Өлдүм мына! Өлдүм ээ!!!» —
Чыркырайт жан чымындай.

Жолбун дөбөт жыттады,
Кымындайга катылбай.
Бул сыланган күчүккө
Бугуп калды батынбай.

Бироокумга бу дөбөт
Коомайланып турду да,
Акырында сурады —
Минтип көңүл бурду да:

— Эй, кайдан келдиң сен өзүң?
Анда күчүк калтырап,
Жообу араң айтылат:
— С... се... сегиз... инчи кабаттан...
А... а... сиз... өзүңүз каяктан?
Угуп күчүк соболун
Жолбун дөбөт:
— Тиги, акыр-чикир таштандыдан боломун!—
Деди дөбөт, сырдашууда пейили
Үн чыгарып кейиди:
— Көрүп турсуң, тейими,
Сөөк талашып калдым да,
Тозокко башым малдым да!
Мына минтип өлөрчө
Таякты жеп алдым да!..
Угуп туруп ушуну
Сыпаа күчүк кымындай,
Жолбун итти аяды.

Бирок дагы туюнбай,
Туруп калды жанагы:
«Акыр-чикир таштанды»,
Деген сөздүн баяны?..
Биле албастан карады.

Бирок дагы «Таштанды»,
Кызыктырды күчүктү.
Бул дөбөт келген «таштандыны»
Көрбөй калаар күчүкпү?!

Саякатка чыкмай болду
Көрчү күчүк дымагын.
Жолбунду ээрчип кете берди
Тапкан өңдүү ынагын.

Кымындайын жоготуп,
Ээси жүрөт ызылдап:

«Кайда чуркап кетти экен?
Түгөнгүр ай, тызылдак?!»

Гезиттерде жарыя —
Кылып буга көмөгүн:
«Күчүгүмдү тапканга —
Сүйүнчүсүн беремин!»

Кабар-атар билинбейт,
Кайда кетти Тызылдак?
Тынымы жок издеген
Ээси жүрөт тызылдап...

Чак түштө үйдөн адашкан
Ана, күчүк Кымындай!
Боюн кара — ботала
Турмуш калды кыйындай...

Кымындайдын тигине,
Көргөн күнүн карачы:
Үй-жайы жок селсаяк,
Жолбундардын арасы...

Күн артынан күн өтүп,
Анан айга алмашты.
Анын эрке тирлиги —
Жолбундукка жалгашты.

Ушул жарык тирликте
Кызык экен күн өзү.
Чыргоолуктан кутулган
Кымындайдын мүнөзү.

Демейкидей ыркырап,
Кишилерге үрүү жок.
Жуунуп, таза сейилде
Күндө жыргап жүрүү жок.

Ал айлана-чөйрөнүн
Айдыңына багынат.
Шыйпаңдатып куйругун
Кимге болсо жагынат.

Токочу бар балдардан
Беритеден көзү өтөт:
Үзүп таштап коер деп,
Имерчиктейт, үмтөтөт.

Демейкидей күчүктү,
Эркелеткен киши жок.
Ээси кана жолбундун?
Эми эчкимдин иши жок.

Ал дагы жок, бу да жок,
Эч ким көзгө илбеди.
Жолбун иттер ичинде
Эригүүнү билбеди.

Эркелеген бир кезде
Тоок боорун жеп эле.
Баягы ээси колунда
Укмуш экен жөн эле!

Эркелеткен айрылып,
Адашса да үйүнөн,
Мына ушул аймакта
Жолдош-жоро көп эле.

Кээ күндөрдө жолбундар
Ыркырашып калышат.
Кайра бачым элдешип,
Кайра катуу кабышат...

Тамдан-тамга кубалап,
Мышыктарга өчөшөт.
Жарык күнүн баары тең
Жолбундукта өтөшөт.

Жолбун иттер топтошуп:
Бүгүн мындан көрүнөт.
Аялдабай бул жерге
Эртең — андан көрүнөт.

Ана күчүк Кымындай
Алар менен бир жүрөт.

Күндө башка туш келген —
Таштандыга бир түнөйт.

Бир убакта сонуркап,
Жолбундукту каалаган.
Селсаяктар ичинде
Жолбун болду бул анан.

Ар кай жерге түнөгөн
Жолбун иттер — анетсе,
Байырласа бир үйдү,
Маанектесе ал үйдү,
Жолбун эмес, ээси бар
Ит болушмак канетсе...

Кызыл алтын болсо да,
Кереги жок камактын.
Үй кайтарса — бирөөлөр,
Аны кимдер күнөөлөр.
Ит күтүүнү кимде ким
Көңүлдөнсө-кааласа,
Үй кайтарган ал иттин
Аппак дилин бааласа,
Ит да билип адамдын —
Жакшылыгын эселеп,
Аябастан жанын да
Ага кызмат өтөмөк.

Аяз тосуп мойнуна,
Тумшук катып койнуна,
Жолбун иттин ар бири,
Муну ойломок ар күнү.

Бул сезимден кур эле
Тиги күчүк — Кымындай.
Кандай күндө калаарын
Ойлоп койбой тыйындай.

Өзү чыгып үйүнөн
Безип кеткен тигинтип.
Жолбун иттер бөпүлөп
Бакмакпы аны киринтип?!

Кымындайдын ээси —
Издеп жүрөт дагы эле.
Келип калаар бекен деп
Күтүп жүргөн чагы эле.
Бул Кымындай күчүктү
Мен деле эстей беремин.
Не болду экен тагдыры?
Үйүн таап бардыбы?
Элестетип дайыма:
Көз алдыман көрөмүн,
Ойлоп күндө келемин.
*1973*

## КҮЛКҮ МЕНЕН КАТКЫРЫК

Биздин турмуш эң сонун
Бизде дайым жакшылык.
Коштой жүрөт биздерди,
Күлкү менен каткырык.
Тунук-таза көңүлдөр —
Таңдын эрке желиндей.
Кайда барсак биргебиз
Күлкүбүздөн бөлүнбөй
Жамгыр төксө таң атса,
Кубанабыз адатта.
Кызык болот биз менен
Күлкү чуркап баратса.
Саякатта, жүрүштө,
Балдар ойноп жүрүшсө,
Балалыкка күлкү дос
Каткырышып күлүшсө.
Жылгаякта, футболдо
Биз күлкүнү жактырып,
Бирге болсун ар дайым
Күлкү менен каткырык!
*1978*

## ДАЯР БОЛ

Кыялкечим! Окуучум!
Эсимдесиң ардайым!

Мына сенин жазуучуң —
Угар болсоң ал-жайын,
Жүрүп узак сапарда
Алыскы өлкө жактарда,
Тамсилдердин дүйнөсүн —
Чет элдерден аралап,
Не бир жаңы дастандар —
Алып келди сага арнап!
Ошол жаңы дастандар:
Каалгаңды каккылайт,
Эшигиңди ачкылайт!..

* * *

Мезгил учат зымырап
Бирок биздин Мекенде,
Кетилгени болду го
Кечээ согуш экенде.

Класска адеп киргенде
Шыбырашат жаш балдар:
«Жеңиш күндү унутпа,
Эсиңдеби?
Кырк беш!— дегин, жазып ал!»

«Кырк бир — кырк беш» деген санды
Балдар окуп келишет.
Жоокер солдат ал күндөрдү
Кечээкидей көрүшөт...

* * *

Жердин шарын айланып
Кораблде сызган ким?
Адамзатты куттуктап,
Бул дүйнөдө учкан ким?
Аалам жиреп өзүнчө
Жазып жүргөн күндөлүк...
Кирпик ирмеп алганча —
Түндөрүнөн күн бөлүп...

Ал айылдан окуган,
Тегин байкап карачы,
Титов биздин Алтайлык —
Мугалимдин баласы.

Билесиң ээ чынында
Антыбыз бар мындайча:
«Даяр болгун!» «Дайым даяр!»
Анттын өзү ушундайча.
Өмүр бою ошол антты
Кармап жүргөн бала эле.
Ракетада учаарында
Кайталады дагы эле:
«Мен даярмын! Уча берем!..
Келди менин тилегим!
Мен элиме алкыш айтам
Эл ишенет билемин!
Жылдыз толгон бийиктикке —
Жолумду ачкан Гагарин!

Өзү окуган глобустай көрүп турат
Көрүп турат жер шарын:
— Экватордон алыс өтөм!
— Сахараны басамын!
— Угуп турам, Жер Энем!
— Бардык иштер жайында!
— Ал-абалым эң сонун!
— Ден соолугум табында!..

Ракета жасап берген
Биздин совет устасы.
Кандидаттар, доктор жана,
Улуу илим нускасы.
Каны-жанын берген жаштар,
Академик ак чачтуу.
Жумушчу калк, күжүрмөн тап,
Алда жүргөн алп баштуу!

Уйку көрбөс көп түндөрдүн
Бири текке кеткен жок.
Ынтымакка ширелиштик,
Эл ыдырап кеткен жок.

Окумуштуу, жумушчу да
Акыл-эси өлкөнүн.
Бардык эсеп, байлык, максат —
Жеңиши үчүн өлкөнүн!
Адам жетпес бийиктикке
Улам чыга беребиз.
Адам жеңбес тоскоолдорду
Биздер жеңе беребиз.

Болду! Кондук!
Орундалды ак тилек!
Аман-сообуз!
Күйгөн жокпуз,
Мына билим.
Күч-билек!
Жерде эмес да алар көктө,
Алар бир аз чарчаган.
Алар бизче тамак ичпей,
Бизче уктабай канчадан...

Космонавттар!
Дүйнө билди, силер кимдер экениң!
Ана, тосту ардак менен
Зор Кремль — Мекениң!
Жер үстүнө не бир жаңы
Жаңы эраны ачтыңар.
Бүт держава, бүт элдерге
Атыңарды жаздыңар.
Баатырдыгың айкындады,
Биздин адам турмушун.
Чет өлкөдө такмак эмес
Даңктын алтын жылдызын.

Артта калган деп көрсүнчү!
Бүгүн улуу өлкөмү.
Кыйын күндү басып өттү,
Мезгил сындап өлкөнү!

Дың жерлерди багындырды,
Баарын жеңип турмушта.
Айды карай жол тартышты,
Колу жетип жылдызга!..

* * *

Уч-кыйырсыз океандын
Үстү менен зымырап,
Баратамын саякаттап,
Чет жер көзгө урунат...
Мен ал жерде, ар түрдүүчө
Стриттерди кыдырдым.
Стундenттер менен болдум:
Ачык айттым.
Туюндум...

Көрдүм өнөр чеберлерин,
Көз айырбай караткан.
Асман тирейт, үйлөрү бар
Жумушчу кол жараткан.

Көрдүм байкуш жакырларды,
Ач-жылаңач жүрүшкөн.
Көрдүм нечен бай тукумун
Укмуш дооран сүрүшкөн.

Көрдүм сонун адамдарды,
Акылга бай, мээнеткеч
Көрдүм жаман адамдарды
Ниети кара зыянкеч.

Көрдүм шылуун — банкирлерди,
Элди жүргөн тузактай!
Тынчтык иши алар үчүн —
Жүрөккө урган бычактай!

Алар сүйбөйт саясатты,
Эси-дарты — коогада.
Ой-санаасы, бар тилеги —
Жалгыз гана соодада!

Өзүм көргөн чет өлкөнүн
Көңүлүнө кетпесин.
Түгөл карап бүтө албадым —
Толтура албайт өктөсүн.

Чынын айтсам көргөндөрүм
Көңүлүмдү козгобойт.
Бай өлкөдөн үлгү албаймын,
Өз өлкөмө окшобойт.

Жаман да бар, жакшы да бар —
Бизден алыс өлкөдө.
Ой чаптырат,
алар дайым
Биздин улуу өлкөгө.
Кээлеринин көзүнө:
Россия жалында.
Ал өздөрү кандайча?
Биздин өлкө жанында?
Жакырданган эли бар,
Укугунан айрылган.
Зордукчуну көрүп ал
Эл талоого камынган.
Тирилиги бизге жат —
Вашингтон ушундай.
Дүйнө карайт суктанып —
Москвабыз сонун жай!..

* * *

Моминтип суук сөз эфирде:
«Агрессия», «Согуш», «Ажал!»
Буларды түгөл угуп ал!» — дейт да
Түрү суук үн күңгүрөйт.
Турабыз го
Кооптуу дүйнөдө!
Укканда тула бой дүркүрөйт!

Тынчы кетет бүт өлкөнүн
Жер үстүндө жашаган.
Анеткени биреөлөр бар,
Кандуу согуш жасаган.
Мындай чечим чыгарышат:
Бүт кыйратып, коротуу,
Киши колу жасаганды
Жер үстүнөн жоготуу!

Пентагондо генералдар
Коргонууну сүйлөшөт.
А биз кимден коргонобуз?
Алар бизден сүрдөшөт.
Тийишпейбиз. Ким катылса
Таймашууга күч жетет!
Ар убакта арам ойду —
Биздин ак дил четтетет!
Ракете бардык түрү —
Бизде да бар, ал ырас,
Жашырбайбыз, жайы-кышы
Дайым даяр ал турат!

Бирок биздер — дайым даяр —
Тынчтык жана эмгекке.
Жер үстүндө бакты деген —
Тынчтык жана Эмгекте!
Кандуу согуш куралынан
Коштошолу түбөлүк.
Бомба, ракет жарылбасын,
Жерибизден сүрөлүк!
Өрттүү согуш базалары
Картадан өчсүн түбөлүк!

Кандуу майдан заводдору
Түбөлүккө жабылсын!
— Эркиндиктин эстелиги!—
Деген сөздөр жаңырсын!

Кээ бир түндөр бушаймандыз,
Түнү менен уктабай —
Түк бир кирпик ирмелбейт да,
Ой-санаанын учканы ай!

Күмөн санап коркуу эмес
Жакырлыктан, согуштан.
Чындык кыял албуутанат
Дайым сага болушкан.

Эске түшөт өткөн күндөр:
Петроград.. Смольный...
Көп жыл мурда Россия

Адепки иштин баары кыйын
Түшүү керек артынан.
Жолду тосту, кырчылдашты,
Ак төрөлөр жаланды.
Бирок эл-журт аман калды,
Эл акыры кубанды
Азап тосту аларды!..

«Коммунизм!» Не деген сөз!
Бул кандайча керемет!
Ушул сөздө терең маани
Келечегиң көгөрөт!
Кырман төло кыпкызыл дан
Эмгек эткен элдики.
Дүңгүрөгөн салтанаттар —
Биздин Мекен — Жердики.
Мөмө-жемиш, гүл бакчалар
Какшып жаткан чөлдүкү.
Бакыт-таалай колдорунда,
Бардыгына ээ алар.
Бактысыздык деген сөздү
Билбейт биздин адамдар.
Өкеандын аржагынан
Душман айтып мыскылын —
Көргөзбөсүн, зил таштаган
Өңдөрүнүн кычкылын!
Миллиондогон дүйнө эли
Биздин жолдо бараткан.
Достук тууда биздин колдор
Эл суктанып карашкан.
«Коммунизм»
    Бул ыйык сөз,
        Жаркыраган алдыда!
«Даяр бөлгун!»
    «Дайым даяр!»
Бизди ээрчиткен,
    Жол баштаган,
        Лениндик партия!
Биздин сүйкүм партиядан
Биз эч качан бөлүнбой,
Партиялуу элим күчтүү —
Элим анын чебиндей!

*1961*

## МАЗМУНУ

### ТАМСИЛДЕР

Булбул менен карга* . . . . . . . . . . . . 4
Мас коён* . . . . . . . . . . . . . . . 5
Түлкү менен Калтар* . . . . . . . . . . 6
Сүрөтчү Пил* . . . . . . . . . . . . . 8
Баягы эле Жанат, бирок* . . . . . . . . 9
Күнөөсүз күйдү* . . . . . . . . . . . . 10
Арстан менен Чымын* . . . . . . . . . . 12
Деңиз Күрпү* . . . . . . . . . . . . . 13
Аюунун анты* . . . . . . . . . . . . . 14
Коён менен Ташбака* . . . . . . . . . . 15
Керектүү Эшек* . . . . . . . . . . . . 17
Күкүк менен Чыйырчык* . . . . . . . . . 18
Эже, сиңди . . . . . . . . . . . . . . 19
Кутурган Дөбөт* . . . . . . . . . . . . 20
Чөп жечү Карышкыр* . . . . . . . . . . 21
Короочу менен Тиккулак* . . . . . . . . 22
Көрөгөч Сагызган* . . . . . . . . . . . 24
Эрдемсинген Короз* . . . . . . . . . . 25
Жадатма Чиркей* . . . . . . . . . . . . 26
Жаңгак тапкан Маймыл . . . . . . . . . 26
Татпас Таранчы* . . . . . . . . . . . . 27
Апырткан атак* . . . . . . . . . . . . 29
Мышык менен Чычкан* . . . . . . . . . . 29
Кылмыштуу жазаланбайт* . . . . . . . . 31
Буурул Эшек* . . . . . . . . . . . . . 32
Ку-ка-ре-ку!* . . . . . . . . . . . . . 33
Эшек болгон Арстан* . . . . . . . . . . 34
Оорулуу Каман* . . . . . . . . . . . . 35
Тийбеген сыйлык* . . . . . . . . . . . 36
Ушакчы сагызган* . . . . . . . . . . . 37
Кирпич менен Муз* . . . . . . . . . . . 38
Сак канаттуулар* . . . . . . . . . . . 38
Китепкөй* . . . . . . . . . . . . . . . 39
Эки балта* . . . . . . . . . . . . . . 40
Иван Иванович ооруп калды* . . . . . . 41
Жоон менен ичке* . . . . . . . . . . . 41
Укмуш өжөрлүк* . . . . . . . . . . . . 42
Бараа менен Буроо* . . . . . . . . . . 43
Эгин менен Уйгак* . . . . . . . . . . . 43
Койчу менен Бүргө* . . . . . . . . . . 44
Чымын менен Аары* . . . . . . . . . . . 45
Дарбыз* . . . . . . . . . . . . . . . . 45
Бейкут булуң* . . . . . . . . . . . . . 46
Арам тамак* . . . . . . . . . . . . . . 47
Мактоого манчыркаган бычмачы* . . . . . 48
Бирөөнүн кырсыгы* . . . . . . . . . . . 49

Чоң сөөк* . . . . . . . . . . . . . . 49
Жолу боло калганда* . . . . . . . . 50
Ромашка менен Роза* . . . . . . . . 51
Аска менен Зоока* . . . . . . . . . . 51
Лөк менен Сөз* . . . . . . . . . . . 52
Бир ууч буроо* . . . . . . . . . . . 53
Акын менен Пегас* . . . . . . . . . 54
Чочко . . . . . . . . . . . . . . . . 54
Балыктар батынанган . . . . . . . . 55
Жөргөмүш менен Шыпыргы . . . . . . 56
Куу чычкан . . . . . . . . . . . . . 57
Түгөй тандаган мышык . . . . . . . . 59
Коркпос Коңуз . . . . . . . . . . . 60
Карга менен Каз . . . . . . . . . . 60
Кыйкымчыл Кой . . . . . . . . . . . 61

## ЖОМОКТОР

Көпөс менен кедей жана кедейдин беш тыйыны жөнүндө (Орус эл жомогу) . . 64
Сараң Вартан . . . . . . . . . . . . 68
Өнөрлүү өлбөйт. (Чыгыш эл жомогу) . . . 70
Аяз менен Ызгаар (Литва эл жомогу) . . 72
Кайрымдуу Коен (Башкыр эл жомогу) . . 75
ООма чал* . . . . . . . . . . . . . 78
Аюу канжа тапканда . . . . . . . . . 80

## ЫРЛАР

А силердечи? . . . . . . . . . . . 88
Тайреке . . . . . . . . . . . . . . 90
Күчүгүм . . . . . . . . . . . . . . 92
Эки козу . . . . . . . . . . . . . . 94
Достор ыры . . . . . . . . . . . . . 95
Кичинекей кемечелер . . . . . . . . 96
Андрюшка . . . . . . . . . . . . . . 97
Трезор . . . . . . . . . . . . . . . 98
Досум экөөбүз . . . . . . . . . . . 99
Фома . . . . . . . . . . . . . . . . 102
Жамакчы . . . . . . . . . . . . . . 105
Саат . . . . . . . . . . . . . . . . 106
Велосипедчи . . . . . . . . . . . . 107
Мышыктын балдары . . . . . . . . . 108
Чач тарачта . . . . . . . . . . . . 109
Балаты . . . . . . . . . . . . . . . 110
Жаңы жыл алдында . . . . . . . . . 111

Телефон . . . . . . . . . . . . . . . 112
Кыштоодогу окуя . . . . . . . . . . 114
Польша акыны Илиан Тувимдин эң зарыл иш жөнүндө бардык балдарга жазган каты . 116
Ариптер . . . . . . . . . . . . . . . 117
Чымчыктардын радиосу . . . . . . . . 117
Майып сөздөр . . . . . . . . . . . . 119
Куштар короосунда . . . . . . . . . . 120
Өзөн . . . . . . . . . . . . . . . . 121
Жашылчалар . . . . . . . . . . . . . 122
Янек жөнүндө . . . . . . . . . . . . 123
Кайда калды көз айнек . . . . . . . . 124
Лев Квиткодон *(еврей акыны)* кашкулактар . 125
Көңүлдү Коңуз . . . . . . . . . . . . 126
Анна-Ванна бригадир . . . . . . . . . 128
Мектеп . . . . . . . . . . . . . . . 129
Артыкча күн . . . . . . . . . . . . . 130
Кызык окуя . . . . . . . . . . . . . 131
Табылга . . . . . . . . . . . . . . . 132
Орун басуучулар . . . . . . . . . . . 134
Элден белек . . . . . . . . . . . . . 136
Көнүмүштү коёлу . . . . . . . . . . . 140
Деңиз менен булут . . . . . . . . . . 141
Сапар жолдор . . . . . . . . . . . . 142
Кара чыйырчык кайтты үйүнө . . . . . 144
Булуттар . . . . . . . . . . . . . . 146
Жел, Шамал, Бороон . . . . . . . . . 147
Аппак ыр . . . . . . . . . . . . . . 151
Из алпарды дүмүргө . . . . . . . . . 152
Нөшөр . . . . . . . . . . . . . . . . 153
Чыйырчык . . . . . . . . . . . . . . 154
Чымчык . . . . . . . . . . . . . . . 154
Сүрөт . . . . . . . . . . . . . . . . 155
Адеп атка мингенде . . . . . . . . . 156
Сөз жана тамга* . . . . . . . . . . . 158
Аэрофлот билчү эмес . . . . . . . . . 159
Жаш окуучуларга ыр . . . . . . . . . 160
Ак барак . . . . . . . . . . . . . . 161
Карт куудул . . . . . . . . . . . . . 162
Менин көчөм . . . . . . . . . . . . . 163
Тоңкулдактар . . . . . . . . . . . . 167
Китептердин арманы . . . . . . . . . 168
Өкүнүчтүү окуя . . . . . . . . . . . 170
Илең-салаң басасың . . . . . . . . . 171
Бир бала кыз болду ынак . . . . . . . 172
Шаттуу эвено . . . . . . . . . . . . 173
Светлана . . . . . . . . . . . . . . 174
Шайыр турист . . . . . . . . . . . . 176

Жаин жөнүндө . . . . . . . . . . . . . . . 179
Менин досум . . . . . . . . . . . . . . . 180
Тоодогу окуя . . . . . . . . . . . . . . . 182
Адам бол . . . . . . . . . . . . . . . 184
Керектүү кеңеш . . . . . . . . . . . . . . 185
Америка ушундай* . . . . . . . . . . . . 185
Сөз эркиндиги . . . . . . . . . . . . . 189
Адалдыктын талабы* . . . . . . . . . . . 191
Байлык ээси . . . . . . . . . . . . . . 192
Малчы Михась . . . . . . . . . . . . . 195
Уулум менен сүйлөшүү . . . . . . . . . . 198
Кербен . . . . . . . . . . . . . . . . 204
Мища Королков . . . . . . . . . . . . . 205
Балдарга дастан . . . . . . . . . . . . 215
Эне күтөт . . . . . . . . . . . . . . . 229
Баланын батинкеси . . . . . . . . . . . 241
Он жашар адам . . . . . . . . . . . . . 242
Данила Кузьмич . . . . . . . . . . . . 243
Баатырдын келиши . . . . . . . . . . . 247
Жеңиш сенде . . . . . . . . . . . . . . 248
Жоокер келди үйүнө . . . . . . . . . . 251
Ыр . . . . . . . . . . . . . . . . . . 252
Кимге айтамын ракмат? . . . . . . . . . 253
Ардактайлы . . . . . . . . . . . . . . 255
Лыжачы . . . . . . . . . . . . . . . . 256
Түнкү чалгын . . . . . . . . . . . . . 257
Кайтып келди катарга . . . . . . . . . 259
Тууган жер . . . . . . . . . . . . . . 265
Он бир тууган Орловдор . . . . . . . . 268
Кызыл аскер Петров . . . . . . . . . . 272
Үч жолдош . . . . . . . . . . . . . . 274
Партизандар . . . . . . . . . . . . . . 275
Анык дос . . . . . . . . . . . . . . . 285
Кымындай . . . . . . . . . . . . . . . 285
Күлкү менен каткырык . . . . . . . . . 292
Даяр бол . . . . . . . . . . . . . . . 292
Советтер Союзунун пионерлеринин ыры . 300

**Художественно-литературное издание**

*Михалков Сергей*

БАСНИ, СКАЗКИ, СТИХИ

Для детей среднего школьного возраста

Перевел с русского языка *Омурбаев Сагындык*

Художник *Солоп Я.*

*Фрунзе, издательство «Адабият»*

*На киргизском языке*

**Көркөм адабий китеп**

*Михалков Сергей*

ТАМСИЛДЕР, ЖОМОКТОР, ЫРЛАР

Тестиер балдар үчүн

Орус тилинен которгон *Өмүрбаев Сагындык*

Редактору *Ж. Медетов*
Сүрөт редактору *Р. Исаков*
Техн. редактору *Б. Колобаева*
Корректору *Р. Сакелова*

ИБ № 645

Терүүгө 13.07.90 берилди. Басууга 01.02.91 кол коюлду Кагаздын форматы 60×90¹/₁₆. «Мектеп» ариби. Кагазы офсеттик № 2. Түстүү ыкма менен басылды. 19,0 физ. басма табак, 19,0 шарттуу басма табак, 15,84 учеттук басма табак, 19,31 шарттуу боёк түшүрүү. Нускасы 4000. Баасы 2 с. 10 т. Заказ № 2275.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети.
Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

9/10 r.